Раиса Тезекбаева

КЫЗГАЛДАКТУУ ТАЛАА



РАИСА ТЕЗЕКБАЕВА

КЫЗГАЛДАКТУУ ТАЛАА

Бишкек – 2018

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-6
Т 30

Т 30 **Тезекбаева Раиса**
Кызгалдактуу талаа. *Драма* . – Б.: Улуу Тоолор, 2018. – 124 б.

ISBN 978-9967-29-101-0

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-6

Т 4702300300-18

ISBN 978-9967-29-101-0

© Тезекбаева Р., 2018.

БАШ СӨЗ

Тезекбаева Раиса Адигинеевна мугалимдердин үй-бүлөсүндө жарыкка келип, мугалимдер династиясын татыктуу улантып келаткан инсан. Өзүнүн отуз жылдан ашык өмүрүн Кара-Көл шаарындагы Дүйшөнкул Шопоков атындагы №4 орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалим болуп, 4 жылдан бери шаардагы балдар чыгармачылык үйүндө "Драмалык ийримдин" жетекчиси болуп иштөөгө жумшап келет. Бул мезгилдерде Раиса Адигинеевна өз кесибин урматтап, сүйүп, ага берилип иштеди. Өзүн жаш муундарды ар тараптан тарбиялоочу катары зор милдеттин жүгү менен алып жүрөт. Адабият сабагында акын-жазуучулардын чыгармаларын, алардын коомго, элге берип кеткен чоң руханий байлыгын гана окутууну милдетим деп эсептебестен, ар бир чыгарманын түпкү маани-маңызын окуучунун дил-жүрөгүнө жеткирүүгө умтулат. Көркөм чыгарма боюнча кыскача сценкаларды сахналаштырып, окуучуларын аткартуу үчүн талыкпай изденет.

"Келечек гүлдөсүн десең, балдардын жан дүйнөсүнө руханий үрөн сеп"- деген нускалуу накыл сөз дал ушул Раисанын дарегине туура келип тургандай.

Ушинтип кыргыз адабиятынын мугалими катары жаш муунга таалим-тербия берүүнүн өзүнчө бир чакан мектебин түздү. Түздү дегеним ар бир тематикалык окуяга кайдыгер карабай, өз алдынча чыгармачылык менен түй-

шүктөнүп, окуучулар сахнада аткара турган сценкаларды жаратты. Бул – окуучулардын актердук шык-жөндөмүн ачуунун жолу экени талашсыз.

Мен Раиса Тезекбаеванын шаардык деңгээлдеги өтүлгөн бир топ тематикалык кечелерде өз окуучуларынын күчү менен сахнада аткарууга даярдаган кыска драмалык чыгармалырынын -- сценкаларынын (же пьесаларынын) күбөсү болдум. Кыска, так, таасирдүү, эл турмушундагы азыркы, же өткөн турмуштагы учурлар, тарыхый окуялар ж. б. ачып берилиши эжекенин башкаларга окшобогон мугалим экенин, коомдогу ар кай мезгилдеги болмушту терең түшүнөөрүн далилдеп турат. Буга мисалдар толтура: Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына арналган иш чарада сахналаштырылган "Бүгүн улуу, эртең кичүү- Алыкул", Улуу Жеңиштин 75 жылдыгына карата "Жеңиш келди", "Кызгалдактуу талаа", Дүйшөнкул Шопоковдун 100 жылдыгына карата "Керимбүбүнүн анты" өңдүү драмалык чыгармалары жаш муундарды мекенчилдикке, улууларды урматтоого, эмгекчилдикке ж. б. мыкты сапаттарга үндөп турат.

"Боор билет, жүрөк сезет" бүгүнкү үй-бүлөдөгү көйгөйлөрдү таасын жана таасирдүү диалогдор менен козгогон . Мисалы түштүктө мугалимдин үй-бүлөсүндө тарбияланган жалгыз бала менен борбор шаарда туулуп- өскөн, кызматкердин үй-бүлөсүндө чоңойгон кыз экөө ата-энелеринин каршылыгына карабастан үй-бүлө курушуп, ал гана эмес кыздуу да болушат. Кыздын ата-энеси бир жылдан кийин келип, наристени чоң, энесине калтырып, кызын алып кетип калышат. Боюнда кеткен уул бала таятасынын наамына жазылып, анын уулу болуп өсөт. Эки бөлөк өскөн бир туугандардын тагдыры кимди болбосун ойго салат.

Ал эми "Алтын тамга" пьесасында карапайым үй-бүлө-

дөгү билимге ынтызар болгон акыл-эстүү окуучунун ата-сынын ичимдикти таштоосуна таасир эткен окуясы окурманды кайдыгер калтырбайт.

Сөздү кыскартып айтканда Раиса Тезекбаева баланын жан-дүйнөсү, ата-эне, араккечтик, жокчулук, ишсиздик, жалкоолук, жаш өспүрүмдөрдүн көйгөйү ж. б. тууралуу бир да темага кайдыгер карабаган инсан деп айтсак кынтыксыз туура болот.

Басмадан жаңы чыккан "Кызгалдактуу талаа" аталышындагы драмалык чыгармалардын топтомун кучагына алган автордун китеби окуган ар бир адамдын ички сезимин козгойт. Мектеп окуучулары бул чыгармаларды сахналарда ойногондо, же окуганда өздөрүнө тарбиялык таасир алып, ошол эле учурда алардын актердук шыкжөндөмдөрү ойгонот деген ишеним менен мен авторго чыгармачылык ак жол каалайм.

Жыпар Исабаева, *Алыкул Осмонов атындагы республикалык адабий сыйлыктын лауреаты.*

АТА-ЭНЕ КАДЫРЫ

Атам Тезекбаев Адигине Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Үч-Терек чөлкөмүндөгү Коңур-Күз деп аталган суунун жээгинде жарык дүйнөгө келген экен. Паспортунда 1910-жыл деп жазылганы менен өзүнүн жыл сүргөнүнө карап, (Жолборс жылы, эл жайлоого көчө баштаган мезгилде) 1914-жылы май айында төрөлгөм, -деп койчу. Энеси Сонундун төрөгөн балдары токтобой жүрчү экен. Бул баласынан да айрылып калбайлы дешип, ырымдап, айылдагы Бообек деген устанын үйүнө төрөлөөрү менен алып барышат. Жаш балалуу Бообектин байбичеси өзүнүн баласы менен эмчектеш кылып багып алат. 3 күндөн кийин Тезекбай айыл аксакалдарын ээрчитип, колдон келген малын айдап, кийит-кече кылып, Бообектин үйүнө барышат. Алар: "Бообек уста, сенде бала бар экен, ошол наристени сатып алалы деп келдик, атын Сатыбалды коелу деп чечтик", – дешет. Бообек уста, "Баланы алганы келгениңер жакшы, бирок атын Сатыбалды эмес, Адигине койгула. Кыргызда Адигине уруусундай болуп өнүп-өссүн, элге кызмат кылган жигит болсун, элжуртту кадырлап-сыйлагандай даражага жетсин", – дейт. Өз колу менен жабан, бешик жасап берет. Көрсө, ал өзү Адигине уруусунун кулуну экен. Адигине кичинесинен зирек, элпек болуп чоңоет. Айылдагы молдого балам кат таанып, билим алсын деп, атасы алып келип тапшырат. Бирок молдодон жарытып билим ала албайт. Өзү курдуу Жекше деген бала экөө чоңураак болгондуктан, молдо экөөнү көп



Тезекбаев Адигине.
1970-жыл



Кушубакова Айымкан.
1958-жыл

жумшайт. Билбей калган, же тентектик кылган бала болсо, бирөөнө көтөртүп, экинчисине чыбык менен сабатат, жазаланып жаткан баланын ыйлаганы балдардын зээнин кейитет.

Бир күнү экөө балдар кеткенден кийин молдокеси жыйгыла деген отунду тамдын бир бурчуна жыйып бүтүшөт да, кандай жыйылганын көрүп коюусун өтүнүшөт.

– Ой, кете бергиле, мен көргөндө эмне, жыйдыңар болду да, – дейт молдо.

– Жок, молдоке, биз башкача жыйдык, көрүп койсоңуз, – деп суранышат экөө.

Молдоке жайкала басып келип, мектептин ичине киргенде, эшигин шарт жаба салышып, сыртынан бекитип коюшуп, качып жөнөшөт.

Ушул окуяны атам өзү айтып бергенде, атасын элдин алдында уят кылганына өкүнүп, бирок Советтик мугалим Абдрасулов Самидинден билим алып калганына кубанганын айтып, эгер антип качпасак, билимден кабарыбыз жок дагы канчага жүрөт элек, – деп күлүп калчу.

С. Абдрасуловдун берген билимин улантуу үчүн Токтогулдагы ШКМга (Комунисттик жаштар мектеби) кирип 3 жылда7 -классты бүтүрүп, Караколдогу мугалимдердин 9 айлык курсуна 1938-жылы жөнөтүлөт.

Мектепте окуп жүргөндө төмөнкү класстарга сабак берип, районодо катчы болуп иштеп жүргөн.

1939-жылы курсту бүтүрүп келип, Токтогул райОНОсуна инспектор болуп иштейт, 1940-жылы Мазар-Суу айылындагы мектепке жетекчиликке барат. Энгельс, Маркс атындагы мектептеринде завуч, директор болуп эмгектенет. 1942-жылы октябрда Улуу Ата Мекендик согушка кетет.

Мен кичинекей кезимде, айылдын аксакалдарын ооз ачырабыз, түлөө өткөрүп жатабыз, – деп, дасторкон жайып, үйүбүзгө көп чакырчу элек.

Атам улуулардын кеп-сөзүн угушуп, таалим-тарбия алсын, деген ой мененби, балдарын дасторкон четинде отурушуна каршы болчу эмес. Айрыкча, мен үйдүн кенжеси болгондуктан, атамдын тизесине чыканагымды коюп алып, айтылган сөздөрдү тыңшап жата берчүмүн.

Мындай топтошкон жерде, согушта жүргөндөгү көргөн билгендерин, орден-медалдарын кандай баатырдыгы үчүн алгандыгын, өтө кызыктуу кылып айтып берчү. Отургандар улам суроо беришип, жандандырып турушаар эле.

Айылдын имамы Көкүм молдо атам шарияттын жолдору, адал-арамдык тууралуу кеп салса, дагы бир аксака-



Жалал-Абад шаарындагы педтехнимкумдун студенттери:
1. Тезекбаев Адигине 1-катарда экинчи.
2. Кушубакова Айымкан 2-катарда ортодо.

лыбыз Бөкөш абам санжыраны сүрүштүрөөр эле. Атам ал кишини "тубаса философсуз ээ" – деп коер эле. "Ой, философуңду кайдан билдим, уккандарымдан эсимде калганын айтып жатам да" – деп компоюп койчу эле Бөкөш абам.

Философ дегенге мен деле түшүнбөй, ушул сөздү 5-6 күндө араң жаттагам.

Санжыра, уламыштардан кеп кылышып, бара-бара талаш-тартыш болуп баратканда, "бара гой, апаңа жардам бер" – деп атам кулагыма шыбырап, эшикти карап, ээк кагып калчу. Мен кыйылып, сонун кептен калдым да – деп чыгып кетчүмүн.

Ошондо 8-9 жашар элем. Уккандарымдын бардыгын унутпачудай сезчүмүн, эртеси эжелериме жомоктой кылып айтып берчү элем. Бирок мезгил өткөн сайын укканың эмес, көргөнүң деле унутулуп калат турбайбы. Атам-

ды айылдагылар "кызыл мугалим" деп коюшчу. Мен анда бул сөздүн маанисине түшүнчү эмесмин.

Согушту айтканда, кээде өтө кызууланып, жөтөлүп, өңү кызарып-татарып кетчү эле.

Ал айткандарынан 1945-жылдын апрелинде Германияга кирдик, Берлинге 8 км калганда жарадар болдум, өзүмө келгенде, бутумду темир кроватка байлап коюшуптур. 2 күндөн кийин биздин туу Рейстахка сайылды – дешип догдуру деле, санитаркасы деле, жарадарлар деле секиришип, бири-бирин кучакташып, кыйкырып-күлүшүп, ыйлашып жаткан. Мен дагы сүйүнүп, секирем деп кроватым менен кошо жыгылыпмын, ошентип бутуман гана эмес башыман да жарадар болуп калгам, – деп кашка жилигинин эки тарабындагы чуңкурду көргөзүп, бул бут октун жолу болгон, бул жагынан кирген ок, тигил жагынан чыгып кеткен, – дечү. Ошол госпиталда жатканда бир жаш жигиттин эки көзү тең оюлуп калганын, бирок советтик докдурлар аны айыктырып, жанына санитарка кошуп берип, мекенине жөнөткөнүн, ошол жаш жигиттин чыдамкайлыгы жарадарларга аябай таасир берип, күч-кубат, дем болгондугу эсимде сакталып калды.

Согуштан декабрь айында келип, келээри менен эле Үч-Терек райОНОсуна ишке кирет.

1946-жылы Саргата жети жылдык мектебине директор, райОНОдо инспектор, Камыш-Башы жети жылдык мектебинде директор, Кызыл-Өзгөрүш орто мектебинде директор, Жатак мектептин башчысы болуп иштеп жүрүп, Жалал-Абад педтехникумун сырттан бүтүрөт.

1952-жылдан өмүрүнүн аягына чейин Кызыл-Өзгөрүш орто мектебинде география, математика, коом таануу сабагынан, акырында башталгыч класстарынын мугалими болуп иштөө менен бүт жан дүйнөсүн, билимин, бардык

кудурет-күчүн келечектин ээлерине арнаганына ыраазы болуп, согуштан ала келип, 28 жыл далысынын үстүнө сактап жүргөн душмандын огунун, (снаряддын осколкасынын) муздак, оор жүгү ички дартына кошумча болуп, ажал менен күрөшкөнгө дарамети жетпей калганда 1973-жылы кыштын чилдесинде, 11-январда бул дүйнө менен кош айтышты.

58 жыл өмүр сүрүп, артына ондогон мугалимдерге насаатчы, жүздөгөн окуучуларга мугалим, 1 уул, 3 кызга ата, эң негизгиси айылдаштарынын, элинин урматына татыган. Адигине Агай деген атты калтырып кетти.

Өзүм кичине болсом дагы, атамды жайына коердун алдында айыл аксакалдары, жетекчилер, мугалимдер сүйлөшүп, арчага оролгон гүл чамбар көтөрүшүп, окуучулар келишкени эсимде. Сүйлөгөндөрдүн арасынан өзгөчө Исмаилов Бактачы агайдын (кийин бизге сабак бергенде ким экенин так билип, ушул күнгө чейин көргөндө, эң жакын адамымдай кабыл ала берем) "Адигине агай окуучулардын гана эмес менин, сенин Өзгөрүш айылында жашагандардын баардыгынын Агайы болчу. Агай өлбөйт, ал биздин арабызда дайыма жашайт. Биз сизди эч качан унутпайбыз, Агай! – деген сөзү жүрөгүмө кыт болуп куюлуп калган.

Мугалимдер топтошкон жерди көрсөм, чуркап барчумун.

Сабакка барганда сөзсүз мугалимдер бөлмөсүнө бир баш багып, алдыман чыга калган Абдырахман, Анарбек, Жайлообай, Жамгырчы, Сабырбек, Сулайман, Сейди, Курсант, Жалил, Нышан, Бактачы, Станбек, Эргеш, Койчуман, Насирдин, Сапаң, Садиш, Согуш, Калымбай, Абилим, Бекжан, Мамбетжан агайлардын, Саама, Уулбү, Турсун, Аккүл, Дүрүякан, Илич, Супагул, Базарбү, Жээнайым, ж. б. эжекелердин кимиси болсо да "Саламатсызбы?" – деп учура-

шып, кээ биринин чачыман сылаганын, айрымдарынын бетимен өпкөндөрүн, мага көрүнбөй булардын арасында жүргөн атам өөп, атам сылап жатат деп туюп, каниет алып, чуркап кетээр элем. Кусалыгымдын дарысы болгон мындай көрүнүштөр, Бактачы агайдын "Агай – биздин арабызда", – деген бир ооз кебинин наристе көңүлгө тийгизген таасиринен эле.

Мектептен кетип баратканда короонун четиндеги бак жакты карабай кетчү эмесмин. Ал жерде атам менен шахмат ойношкон досу Данияров Тургунаалы аяш атам менен Какаев Токтосун акелер болушчу эле.

Атам иштен кечигип калганда, ошол жактан таап, шахмат ойноп отурган жерден чакырып келчү элем, кээде оюн аягына чыкпай калса, үйгө барып алып, таң атканча ойногон күндөрү болчу. Мен аларды шахматчылар деп ойлочумун, көрсө алар мектептин чарба иштерин жүргүзүшчү турбайбы. Мени көрөр замат жандарына чакырышып, мени менен бурч, шашки ойношуп, чоңойгондо шахмат ойнойсуң, – деп көңүлүмдү жубатып коюшаар эле. "Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн", – деген сөздүн төркүнү ушунда экен.

Менин мугалим болушума биринчиден, ата-энем себепкер болушса, экинчиден атамы көргөн агай-эжекелерден алган билим-тарбия түрткү берген.

Атамдын бир туугандары Бактакеч, Алиш акемдер жана Уулкан, Лайли, Жаннат эжемдер акесиндей мугалим болгонубузга жетине албай кубанып жүрүшөт.

1975-жылы акем Тезекбаев Дубана окуусун бүтүрүп келип, география мугалими болуп иштей баштады. Менин кубанычымда чек жок. Эч кимге айтпасам да, өзүмчө сүйүнүп, атам баскан жерлерде акемдин жүргөн көрүп , са-



Кызыл-Өзгөрүш орто мектебинин мугалимдер жамаасты. 1970-жыл

гынычым тарай түшкөндөй болду. Чоңое түшкөнгөбү, же акемдин барынанбы мугалимдер бөлмөсүнө көп барбай калдым.

Бир күнү окуучуларды айыл-чарба жумушуна алып барат экем, кайра эле кетем, – деп акем үйгө кирип кеткен, апам сыртта бирөөлөр менен сүйлөшүп жатканын угуп чыксам, Бактачы агай экен. Атына чыкыйып минип, бүктөй кармаган камчысы менен ээрдин кашын чапкылап коюп сүйлөп жатыптыр. Агай химик болгондуктан мага сабак берчү эмес. Салам айтып, апамдын жанына туруп калдым.

– Мына, көрүнгөн тоонун алысы жок деген ушул. Кечээ эле агайды ушул жерден узатып, кабыргабыз кайышып турдук эле, эми бүгүн Дубананы ишке жүр, – деп чакырып келгениме кубанып турам.

Агай бизге мугалимдиктин сырларын үйрөттү эле, эми биз Дубанага билгендерибизди айтып, жол көрсөтөлү. Окуучуларды жүгөрү аарчууга алып бара жатабыз, – деди.

Апам жетине албай ыраазычылык сөздөрүн айтып калды. Менин кыялым канат күүлөп, алыска кетти. Мугалим болгондо, сөзсүз класс жетекчи болом, деп алдын ала өзүмдү даярдай баштадым.

Атамды "Кызыл мугалим" дешчү деп жогоруда айтпадымбы. Бул сөздүн маанисин кийин түшүндүм. Ал "Кызыл Жылдыз", "Даңк" ордендерин, "Эрдиги үчүн" медалын кан майдандагы баатырдыгы үчүн алган.

"Эмгектеги каармандыгы үчүн", "Лениндин 100 жылдыгына карата" медалдарын эмгекчилдиги үчүн алганы менен, Эл агартуу министрлиги тарабынан сыйлыкка ээ болбоптур. Айылдаштары өкмөт бербесе, биз беребиз, Агай "Кызыл мугалим", биз Агай менен сыймыктанабыз, – дешкени ошондон экен.

Дүйнөдөн өткөнүнө 45 жылдын жүзү болсо да, атамдын атын аздектеп "Агайым", – деп жүргөн окуучуларын көргөндө, ага болгон урматым күчөп, толкунданам.

Алыстан издебей эле Кара-Көл шаарынын мектептеринде 40 жылдан бери иштеп келе жаткан, Эл агартуунун отличниги, көптөгөн сыйлыктардын ээси Осмонбеков Пактакеч агайдан атам жөнүндө айтып берүүсүн сурадым.

– "Агай менин экинчи класста окуткан мугалимим, абдан боорукер, тамашакой, бала кыял киши болчу. Айтканга сөз жетпейт. Агайлардын-агайы, чыныгы адам болчу", – деп сыймыктана жооп берди.

№ 6 Темиров атындагы орто мектептин мугалими Токтосунов Шамшидин "Агайдын манжалары менен ай календарын үйрөткөнү эсимден кетпейт. Дайыма балдар менен ойноп жүрчү эле, тамашакөй, бирок сабакта талапты катуу

койгон агай болчу", – дейт. Ал эми башталгыч классынын мугалими, бүгүнкү күндө жеке ишкер Исмаилова Саадат агайы жөнүндө мындай дейт:

"1-класска барганда агайдын атын айта албай кыйналчубуз. Кайсы агай?, – дешсе менин агайым деп айтчу элек. Өзү узун киши эле, бизге кадимки чон кишиге жасагандай мамиле кылчу. Калем кармаганда агайдай кармай албай ыйлагам. Анткени агайдын оң колунун ортонун ок жулуп кетип, төрт эле манжасы бар экен. Манжасынын үзүлгөнүн айтып бергенден кийин, мен сулуу жазышым керек, менин беш манжам бар", – деген ойго келгем.

Агайдын балдарды урушканын көргөн эмесмин.

Токтогул шаарындагы Бөкөнбаев атындагы орто мектептин мугалими, КРнын Президентинин Ардак грамотасынын ээси Өскөнбаева Шарипа:

– "Мен жаңы мектеп босогосун аттаганымда, чоочуркап, апам менен кайра кетем, – деп ыйлагам. Ошондо Адигине агай келип, жүр кызым, – деп колумдан жетелеп, жакшы сөз айтып класска киргизген.

Азыр ойлосом ошондо агай чыныгы мугалим экен, болбосо апама болбой чыр салып жаткан жеримден, жакшы сөзү менен ынандырганы бул өзүнчө талант да. Анын бала кыял мүнөзү, тамашакөйлүгү окуучуну өзүнө тартып, кызыгуусун туудурар эле.

Талант-шыгыма жараша иш которуп кетүүнү ойлодум, бирок агайымдай "кызыл мугалим" болом деген наристе кезимдеги кыялым кетүүгө жол бербеди.

Менин мугалим болушума агайдын зор салымы бар. Агай салып берген чыйыр жол менен басып өтүп, көп ийгиликтерге жетиштим. Агай сыяктуу жөнөкөй, баланын жан дүйнөсүн ача билген, жаркоер мугалимдер көп болсо, билимдүү адамдар Кыргызстанды өнүктүрөт", – дейт.



Кыздары: Раима, Райкан, Раиса.

Атам жөнүндө айтылган сөздөрдү укканда, ал элине, окуучуларына, балдарына зор эмгегин жумшаптыр, а мен атама эмне кылдым? – деген ой келди.

Атамдын элеси, аны көргөндөрдүн тарбиясын алып чоңойдум. Апамдын "Атаңар бирөөгө жамандык кылганды билбеген, өзүнүкүнө караганда өзгөлөрдүн жакшылыгына өтө кубанган киши болчу!", – деген сөздөрүн угуп жетилдим.

Апам Кушубакова Айымкан 1920-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Көдүл айылында төрөлүп, сабатсыздыгын Токтогулдагы ШКМ (Коммунисттик жаштар мектебинен) жоюп, билим алып, атам менен кол кармашып, эмгек жолун Мазар-Суу айылындагы мектепке мугалим болуу ме-

нен баштаган. Энгельс, Маркс атындагы мектептерде башталгыч класстарына сабак берген.

Согуш убагында Көдүл айылындагы 1-Май мектебинде иштеп, Жеңиштин келишине окуучулары менен бирдикте салымын кошкон.

Согуш бүткөндөн кийинки катаал күндөрдө да жарына жардамчы болуп, кайсыл мектепке барбасын жанында жүрүп, агартуу майданында 20 жылдан ашык убакыт иштеп, жүздөгөн окуучуларынын жүрөгүнөн "Менин биринчи мугалимим" деген сыймыктуу түнөк тапкан.

Мен кичинекей чагымда чөң эле кишилер, аялдар "Саламатсызбы, эжеке?", – дешип учурашса, күлкүм келе берчү. Чоң кишилерди кантип окутту болду экен деп. Арзыбаев Жалил агай, Ниязбеков Дүйшөбай аке, Абдрахманова Калича эжелердин эжекелеп учурашып, өткөндөрүн кеп кылып калганын көп көрдүм. Ал учурда апамдын жүзү нурданып, бактылуулуктун кучагына балкый түшкөнүн байкаар элем.

2000-жылы окуучусу, Эл агартуунун отличниги Маленкулова Арзымкан 50 жашка толуп, юбилейлик тоюна 1-мугалими Кушубакова Айымканды, апамды чакырган экен. Ошондо өзгөчө толкунданды. Мен мугалим болгонумду унутуп бараттым эле, көрсө, мугалим болсоң, карыбайт турбайсыңбы, – деп көпкө айтып жүрдү.

Тойдо сөз берилгенде; Арзымкандын окуучулук кезиндегисин эстетип, ыраазычылыгымды билгизип, жакшы каалоомду айттым.

Анан элге карап, мугалимдин түйшүгү түмөн, бирок бир артыкчылыгы бар. Башка кесиптегилер иштебей калгандан кийин ал-жай сурашып, учурашкандар азая түшөт. А мугалим иштебей калса дагы, көрүнгөн жерден анын саламатчылыгын тилеген окуучулары учурашып турушат.

Мен бугун 80 жаштамын, алдыңарда туруп, окуучумун сыйын көрүп отурам, мени бул жакка чакырганда, ар бириңердин мугалимиңер эсиңерге түштү да, же туура эмес айтамбы? – десем дуулдашып, кол чаап жибериштн.

Ошондуктан, азыркы мезгилдин мугалимдери, мугалим болгонуңарга өкүнбөгүлө, бүгүн кыйналсаңар, эртең ырахатын көрөсүңөр. Анткени силер келечектин ээлерин окутуп-тарбиялап жатасыңар. Бар болгула, айланайындар, – деп окуучума гүл бердим, ал башыма жоолук салып, үстүмө чапан жаап, колума килем карматты эле, асманда учуп жүргөндөй эле болдум, – деп күлүп, мугалим болгонуна абдан ыраазы экенин билдирген.

85 жашында уул-кыздарынын, небере чөбөрөлөрүнүн урмат – сыйын көрүп, акыл – насаатын айтып, ыраазычылыгын билгизип, чын дүйнөгө сапар алды. Өз балдарынын гана эмес айылдагылардын балдарын багып, жамандык – жакшылыктарында көмөгүн көрсөтүп, куттуу кары аталып, дөөлөттүү өмүр сүргөнүнө каниет кылып, барга көппөгүлө, кудайга тобо кылгыла. Жакшы, бардар заманда жашап жатасыңар. Ушул заманыңар кут болсун! Буз согуштун азабын – тозогун көп тарттык, силер согушту көрбөгүлө, кандай кызматта болсоңор да, ак иштеп, иштин өтөлүнө чыга билгиле, бири – бириңерге сый мамиле кылгыла. Менин ордума жеңеңер Анарканды эне тутуп, кайда жүрсөңөр да, уулулардын кебин угуп, кичүүлөргө үлгү көрсөткүлө! Эч качан жаман ойлобогула, ою тазанын иши, жашоосу да таза болот, барга жокко тегиз болгула, -деген акыркы насаат сөздөрүн туу тутуп, мен дагы апам жеткен сый – урматка жесем экен, – деп тилек кылам.

Атам менен апамдын артынан калган издеринен Райкан эжем соода тармагында иштөөнү тандады.

Акем Дубана, эжем Раима үчөөбүз ата-энебиздин кесиптерин улантуучу болдук.

Билим берүүнүн отличниги төш белгисин алып жатканда, өзгөчө кубанычта болдум. Атамдар албай кеткен наамга үчөөбүз тең татыктуу болушубуз, алар сепкен үрөндүн өнүп – өскөндүгүнүн далили эмеспи.

Ал үрөн дагы деле жаңыланып себилип, түшүмүн берип келе жатат. Анткени, азыркы күндө неберелеринен бешөө педагогикалык жогорку билимге ээ болушту. Махабат, Салтанат, Мыскал, Елиза, Нуризалар дагы келечекте чоң апасы айткандай, "Саламатсызбы? деген өзгөчө урмат менен айтылган учурашууну кабыл алышып, кадыр – барктуу инсандар болот да, – деп үмүттөнөм.

Окуучуларым кимге кандай белек берсе болот? – деп сурашканда өзүң мээнет кылып жасаган белек баалуу болот, -деп жооп бергем.

Мага ошондо Майрамбек жыгачтан гүл, Самат менен Нияз убалик, кыздарым чоң пирог бышырып келишип белек кылышты эле. Ошол белектерди көргөндө, мен атама эч нерсе бере албадым, эмне жасасам, ага жетет – деп ойлогом, бирок жооп таба албагам. 1915 – жылы мага Жеңиштин 70 жылдыгына карата окуучуларга патриоттук духта тарбия бере турган сценка аткартуу керек деген тапшырма берилди.

Атам менен апамдын айтып бергендерин эске түшүрдүм. Анын согуш бүткөндөн 7 айдан кийин келгендигин, аны "өлдү" болду дешип, апамдын колун сурап келишкендерин, аларга каршы болгондо, чоң атам Тезекбайдын келинине ыраазы болуп, Адигине келгиче төркүнүндө жүрө тур, бул жерде ар ким ар кандай дешпесин, келгенде өзүм барып алып келем, – деп Көдүлгө бирөөгө кошуп жиберип, бирок ал тилегине жетпей, уулун көрбөй дүйнө салганын,

атамдын майдандашынын эки көзү соолуп калса да, Мекенин, Туулган жерин эңсеп, кубанып кеткени жөнүндөгү окуяларынан жыйынтыктап, "Кызгалдактуу талаа" деп аталган чакан пьеса жазып, окуучуларыма аткарттырдым.

Бул чыгарма – менин жан дүйнөмдөн жаралган ак эмгегимдин натыйжасы.

Атама арнап кандай белек берсем, – деп сезимимде таба албай жүргөн сурооого жооп табылды.

Ата! Апа! Мен Сиздерге ушул чыгармамды арнадым. Бул чыгарманы окугандан кийин, андагы каармандардын ролун ойногон жана көргөн жаш жеткинчектер, өздөрү туулуп өскөн жерин сүйүп, ак эмгек кылууга, ата-энелерин ардактап сүйүүгө далалат кылса, анда Силердин кызыңардын арнаган белеги – татыктуу белек болот.

Ата-эненин кадыры алардын көздөрү өткөндөн кийин билинет, – дешет. Мен жаштарга кеңеш берээр элем. Ата-энелерди көзүнүн тирүүсүндө урматтап-сыйлагыла. Элибизде тынчтык болсун! Тынчтык күндө адептүү, адамгерчиликтүү, элин – жерин сүйгөн жаштар көп болсун!

Бул чыгармам Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, өмүрүнүн акырына чейин Эл агартуу майданында эмгектенген атам -Тезекбаев Адигинеге жана Ардактуу мугалим, апам - Кушубакова Айымканга арналат.

КЫЗГАЛДАКТУУ ТАЛАА

4 көшөгөлүү пьеса

Катышуучулар:

Кутман – айылдык карыя
Максат – Кутмандын уулу
Айсулуу – Кутмандын келини
Батма – Айсулуунун жеңеси
Нурсулуу – Айсулуунун сиңдиси
Оксана – аскердик врач кыз
Сабыр – айылдын башкармасы
Дуулат – Кутмандын акеси

(Үйдүн чет жагында от жагып, чай кайнатып жаткан Айсулуу менен Нурсулуу)

Айсулуу: Нурсулуу, үйдөгүлөр кандай жатышат? Атама операция кылып, далысындагы осколканы алып салабыз дешпеди беле доктурлар. Качан кылат экен?

Нурсулуу: Жакшы эле жатышат. Атама операция жасаганга болбойт экен. Осколка жүрөккө жакын жайгашыптыр. Ошондуктан аны козгобойбуз деп коюшту. Атамдын абалы оор эле, көп сүйлөбөйт, комузун кыңгыратып, кээде

Аскарбекти эркелеткени эле болбосо, өтө түнт болуп кетти. Кичине эле суук болсо, ыкшып жөтөлүп калат.

Айсулуу: Согуш болбогондо атам эң мыкты мугалим болбойт беле.

Нурсулуу: Ооба, өткөн күндөрүн сагынат окшойт. Ишке барчудай саат 8де тапчандын үстүнө барып отурат да, окуучулар сабактан тараганда үңкүйүп үйдү көздөй басат. Кээ бирде мурунку окуткан окуучулары келип калышат. Алар менен сүйлөшкөндөн кийин 2-3 күн кабагы ачык жүрөт.

Айсулуу: Өх, а апамчы, апам байкуш кыйналды го.

Нурсулуу: Апам экөөбүз кечке талаадабыз. Үйдү Айчүрөк эле тейлеп жатат. Кечээ үрөөн сээп бүттүк.

Айсулуу: Үрөөн сээп койдуңарбы, биз али жер айдоону баштай элекпиз.

Нурсулуу: Эже, апам сизди Батма жеңем айткан сөзгө макул болсун деди.

Айсулуу: Ал эмне сөз экен?

Нурсулуу: Азыр айтат, бирок мен макул болбой эле коюңуз дейин дегем.

Айсулуу: А эмнеге?

Нурсулуу: Анын бою кичине да.

Айсулуу: Эмне? Кимдин?

Нурсулуу: Ана чай кайнады. *(Айсулуу чайды демдеп, Нурсулуу экөө үйгө киришет)*

(Чакан бөлмө. Төрдө туштуурдук тартылган. Сандыкта жүк жыйылуу. Жерге шырдак салынган. Дасторкондо нан, каймак, айран коюлган. Калыңдап салынган төшөктүн үстүндө, ак сакалдуу, башына топу кийген, чапанынын белин буун алган абышка менен орто жашап калган, жоолугун ээгинин астынан байланып, көйнөгүнүн үстүнөн жеңи кыска чермий кийген аял отурат. Экөө бирин- бири

астыртан карашат. Аял сөздү эмнеден баштаарын билбей, дасторкондун четин бир бүктөп, бир жазып, өзүнчө эле бушайман. Абышка бир чекитти караган боюнча үнсүз тунжурайт. Сырттан чайнек көтөрүп, башында бир байлам каралжын жоолук, үстүндөгү көйнөгү да күңүрт, сулуу жүзү муңдуу, өзү жаш болгону менен кайгылуу, өзүнөн карт сымал көрүнгөн жаш келин сиңдисин ээрчитип кирет.

Бүйүртө басып келип, дасторкондун четине отура калып чай куя баштайт. 1-пиалага куйган чайды жанына коюп, 2-син аялга сунат.)

Айсулуу: Жеңе, чай ичиңиз.

(Алдындагы чай куюлган пиаланы абышкага сунат)

Кутман (карыя): Нанга караңыз, кудагый. Кыйналбай-кысталбай жатасыңарбы?

Бала-чака, мал-жан аманбы?

Батма: Кудайга шүгүр, куда. Баары эле жакшы. Жолго чыга калсам, район жактан бир араба келе жатыптыр, ошону менен эле келип калдык.

Кутман: Аа, жакшы болгон экен. Куда-кудагыйлар күүлү жүрүшөбү?

Батма: Жүрүшөт жакшы эле. Салам айтышты.

Кутман: Саламат болсун. Кош айдоо бүтүп, үрөндү сээп алсам, Айсулууну бир-ар жумага барып кел, – дейин дедим эле. Апасын, бөбөктөрүн сагынды да. Мен күнү бою талаадамын, үйдүн ишин, короодогу мал-кел, баарын өзү тейлейт. Сагынычын таратып, өзү да эс алып келсин. Балдарга айтып, араба менен жеткиртип коём.

Батма: Ии *(башын ийкеп, ыңгайсызданып)* Баса, кызыке *(баштыкты берет)* жеңем берип ийди эле, өзүңөрдүн өрүгүңөрдүн кагы, сары май, чөбөгөсү да бар. Жууп, идишке салып келсең, куда ооз тийсин. *(Айсулуу сыртка кетет)*

Батма: *(Тамагын кырынып)* Куда, кичине кызды апасыныкына жиберейин дегениңиз жакшы экен, бирок бир ар күнгө эмес, биротоло эле жибербейсизби? Мен атайын ошол үчүн келдим эле. Кандай дейсиз? *(Кутман карыя үнсүз, ичинен ыйлап аткандай телмирет. Оор үшкүрөт)*

Кутман: Ошого келгениңди мен да сезип тургам. *(чекесин кармап отуруп калат)*

Батма: *(Жашып, көзүн бет аарчысы менен аарчып)* Кантейли, кудайдын салганын көтөрөт экенбиз да. Кайын сиңдим ушул үйгө келин болгондо, баарыбыз сүйүнгөнбүз. Жакшы жерге барды, жакшы жар тапты, - деп. Бу оңбогур согуш болбогондо, азыр бала жетелешип, үйүңүз базар болуп калбайт беле. Үйлөнгөндөрүнө 1 ай болуп-болбой Максатыңыз согушка кетти, ал аз келгенсип, кара кагаз да келди. Ал түрү сууктун келгенине да жыл айланды. Согуштун бүткөнүнө деле бир нече ай болуп калбадыбы, куда. Эми келиниңизге батаңызды бериңиз *(ыйлайт). (Сырттан өрүк как, сары май салган идиштерди көтөрүп Айсулуу кирет. Кайнатасына жакын коюп).*

Айсулуу: Ооз тийиңиз, ата.

(Жеңесин тиктейт. Карыя үнсүз.)

Батма: Кызыке, сен төрөлгөндө сыртка чыга калсам, ай толуп турган экен. Айдай сулуу кыз болсун деп атыңды мен койдум эле. Адырдан кызгалдак терип келели деп ээрчитип барып, Максат менен таанышып калышыңа да мен себепкер болгом. Жалаң жакшылыгыңа кызмат кылсам деп тилечү элем, бирок баардыгы эле ойлогондой боло бербейт тура. Кантейин согуш бүткөнү менен артында кайгы-капасын, кыйынчылыгын тарттырып жатпайбы? Кеткендер келбей калды, келгендери майып... деги койчу, азап-тозогу эле көп.

Куда, эрте күндү кеч кылбай мен кетейин. Уруксат берсеңиз, үрөнүңүздү сепкенден кийин, жол-жобосун жасап келип, алып кетели. *(Айсулуу селт деп, башын көтөрүп, кайнатасын карап калат.)*

Кутман: Оо, кудай аманатыңды эртерээк эле берсең боло. Жок дегенде Айсулуумдун колунан узасамчы! *(күрсүнүп)* Кудагый, менин ойлогонум да ушул иш. Алып кетпе, -дейин десем, Айсулуум жаш кудай өмүр берсе дагы далай жакшылыктарды көрөт. Мейли, кете берсин десем, курган жүрөк жанагы түрү суук кара кагазга ишенбей жатпайбы. "Максатың тирүү, ал келет"- деп. Ар бир соккон сайын шыбырагансыйт... *(туттугуп туруп)* ээй, эмнеси болсо да балам өзүң чеччи! Мен сага ыраазымын! Бирок Максат келип калса, томсоруп калабы, – дейм да. Эми экөөңөр сүйлөшкүлөчү. *(Айсулуу ордунан тура калат)*

Кутман: *(Сыртка жөнөйт. Эшиктин алдында турган ээрге отуруп жатып)* Айылдын куттуу карысы дешчү эле, бул согуш куубаш кары кылабы? *(Зээни кейип, шылкыйып отуруп калат)*

Айсулуу: *(Ордунан турган боюнча жеңесинин жанына барып отурат)* Жеңе, атама бирдеме дединби?

Батма: Ооба, кызыке, апаң мени атайын жиберди. Сурап алары жоктой кылбай, барып кабар алып кел деди. Тиги райондон бир жигит уполномочен болуп келиптир. Согуштан келгиче аялы кайтыш болуп калып, азыр бойдок экен. Келбеттүү, өңдүү-түстүү, акыл-эстүү көрүнөт. Акең менен кээде үйгө келип калат *(астыртан Айсулууну карайт). (Ал бир калыпта)* Сени келсе, тааныштырып көрөлү дегенбиз, көңүлүңө туура келсе баш кошуп алсаңар.

Айсулуу: *(чоочуп)* Эмне, менби, күйөөгө тий дегени турасыңарбы? *(ордунан тура калат)* Сиз эмне деп жатасыз?

Батма: – Койчу, кызыке, туура эмес айтсам кечирип кой! Тагдыр деген сен экөөбүз ойлогондой болбойт да. Күйөөгө тийбегенде эмне катын алмак белең? Максатың жаныңда болсо, биз эмне демек элек. Айла жоктон чыккан сөз да. Кара кагаз келбесе да бир жөн эле.

(Айсулуу жүккө жөлөнүп ыйлайт)

Мына келгенде жыйылган себиң жыйылган бойдон турат. Бул төшөктөрдү тебелеп жыртар бала болбосо, карыган кайнатаңды кыйбай жүрө берип, дүйнөдөн так өтмөк белең.

Айсулуу: Жеңе, анан эмне карыган кишини жалгыз таштап кет дейсиңерби?

Батма: Апей, ботом, жалгыз болуп эмне. Эл-журту бар, ага-тууганы бар дегендей. А кишинин көзү жумулуп кетсе, сен жалгыз калбайсыңбы? Ойлонсоң, айланайын. *(Кутман карыя башын мыкчып чайкайт)*

Айсулуу: *(Жеңесинин жанына басып келип, үнүн көтөрүп сүйлөйт)*

Мен баласынын кайгысын көтөрө албай араң жүргөн карган кишини эч качан таштабайм! Максат келет, сөзсүз келет!

Батма: Ошонтсе кана, а келбей калсачы?

Айсулуу: Келбей калса, бала багып алам. *(Куман карыя ордунан тура калып, кайра отурат. Жүзүнө кызыл жүгүрүп, үй жакты үмүттүү карайт)*

Батма: Я?

Айсулуу: Ата-энесинен ажырап, зар болуп жүргөн балдар толтура. Аларга эне керек. Бирөөнү багып алып, Максаттын атын өчүрбөй, кайнатамдын үйүнүн отун тутантып, түтүнүн булатам.

Батма: Апеей ошентсең болобу?

Айсулуу: Болот, эмнеге болбосун. Апама айтып барыңыз, бала багып алып, ошол үйдөн чыкпай жашайт экен деңиз.

Батма: *(Эмне кыларын билбей алдастап)* Мейли, кызыке, мейли. Биз кетели.

(Дасторконун жыйнашып, чыга жөнөйт. Айсулуу баштыгына бир нерсе салып)

Айсулуу: Бала-чакага ала барыңыз.

(Эшиктин алдында үйдөгү сөздүн баарын укkан Кутман карыя тура калып, Айсулууну көздөй басат.)

Кутман: Акылыңдан айланайын, мен сага ыраазымын, 2 дүйнө ыраазымын. Ушул акыл эмнеге мага келбеди экен?

Батма: Куда, жакшы туруңуздар, биз чыгалы.

Кутман: Мейли, кудагый, жакшы барыңыз, куда-кудагыйларга салам айтыңыз. Келип туруңуз.

(Батма башын ийкейт, Айсулуу кошо басат, карыя ээрди көтөрүп, сыртка чыгат)

Айсулуу: Жеңе, капа болбой кетиңиз.

Батма: Эмнеге капа болоюн, куураган согуш болбосо, ушундай сөздөр сүйлөнмөк беле. Болгон кепти жеңеме айтып барам. Алар да сени бактылуу болсо экен дейт да. *(Коштошот, жоолугунун учу менен жашын аарчып).* Жакшы кал. Эмнеси болсо да ойлон.

Айсулуу: Ойлонуп бүткөм, жеңе, жакшы барыңыз.

Нурсулуу: Жакшы кылдыңыз, эже. Апама мен да айтып барам. Эми ыйлабаңызчы.

Айсулуу: Ушуну айтып жаттың беле? Болуптур эми жакшы бар. Атамы, апамы, бөбөктөрүмү өөп кой. Буюрса жакында өзүм барам. Апамы капа кылба.

Нурсулуу: Макул, жакшы калыңыз. *(Кетишет)*

(Айсулуу ойлуу, үй жакты көздөй бурулат, астынан Кутман карыя чыгат. Жаңы чапан, башында калпак(же тебетей) кийген.)

Айсулуу: Ата, бир жакка барасызбы?

Кутман: Балам, байбичеге барып келейин, кеңеше турган сөз бар эле. *(Айсулуу таң калып карайт.)* Баса, баягы кийиктин этинен калды беле?

Айсулуу: Бар, ата, сүрсүтүп, унга салып койгом.

Кутман: Ырас кылган турбайсыңбы. *(Өзүнчө)* Максатым аябай шимип жечү эле. Байбичем балама деп атайын сүрсүтчү да. *(Айсулууга)* Анда ошонуңду салып, жакшылап тамак кылчы, абаңдарды чакырып, чай берип коёлу.

Айсулуу: Макул, ата. *(Карыя кетет. Айсулуу үйгө кирип, өзүнчө)* Максат, кийиктин этин жакшы көрөт деп, сага катып койбодум беле. Атама калп айта албадым. Эми сага азыраак калтырып коёюн, өзүң келгенде тоодон атып келип аласың да, туурабы?

Мен эртерээк асып коёюн, карган кишилерге жумшак бышпаса болбойт ко. *(Дасторконун жыйнап чыгып кетет)*

2-көшөгө

Кутман: *(Боз адырдагы мүрзөнүн жанында отурат. Улутунуп, үнү каргылданып)* Кандай, байбиче? Сен бул жакка баса берип, көп нерсени билбей калдың. Максатыңдын өлгөнүн, Айсулууну алып кетем, – деген Батма кудагыйыңдын сөздөрүн укkан жоксуң. *(Башын өйдө көтөрүп, кызгалдак туу талаааны көрүп)* Оо кызгалдактар да гүлдөп калган тура. Максат төрөлгөндө да ушундай мезгил эле. Эгер кыз болсо, Кызгалдак коёбуз деп жүрсөк, уул болуп калды.

Сен кырктан ашканда төрөдүң. Айыл ападагылар башка аял ал, баласыз болуп өтмөк белең дешчү, бирок мен

сенден башка менен жашоону элестете алчу эмесмин. Ошондуктан акыры максатыбызга жетип, балалуу болдук деп атын Максат койгонбуз. *(Тунжурап отурат)*

Байбиче, мен сага түшүмдү айтып, жорутайын деп келбедим беле. Бүгүн башкача күн болду. Сага жөнөйүн деп жатсам, Батма кудагый Айсулууну алып кетейин деп келиптир. Эмне демек элем. Келиниңди өзүң бил дедим. Андан мен ойлобогондой кеп уктум. Мен кетпейм, бала багып алып, Максаттын атын өчүрбөйм, – десе болобу. Мен аябай сүйүндүм. Сен кандай дейсиң? И баса, түшүмдө канжар таап алдым, Максат төрөлгөндө да канжар алгам. Максатым келип калабы деп жооруп, же Айсулуу бага турган бала болду бекен. Эмнеси болсо да жакшы түш. Оо кокуй, түш ооп кеткен тура, ат суусаган го, ылдый түшүп кетиптир, мен барайын, жакшы кал. *(Күбүнүп турат. Арабанын үнү угулуп, жетелешкен Максат менен Оксана сахнанын башка тарабынан чыгышат)*

Оксана: Максат Кутманович, сиз адашып калдыңыз окшойт. Бул жакта боз -адырдан башка эч нерсе жокко, бир да үй көрүнбөйт.

Максат: Жок, Оксана, мен адашпайм. Дал ушул жер. Көзүм көрбөгөн менен көкүрөгүм туюп, жытынан сезип турам. Атам, апам, Айсулуу, айылдаштар мени дал ушул жерден узатышкан. Колумду коё берчи, Оксана.

Оксана: Жыгылып кетесиз да.

Максат: Ошо жыгылгым келип жатпайбы. Бул менин жерим. Менин жерим мени жыгылсам да оорутпайт. Бул жерде жылаңайлак буттарымдын издери калган. *(Отуруп, топурагынан жыттайт. Ыр угулат.)*

Шаңга толуп бүт айланам салтанат,
Гүл жыттанып, кооз көрүнөт чар тарап.
Суусу дары, топурагы нан жыттуу

Ата Мекен туулган жерден башталат.

Максат: *(Жерди сыйпалап, ташты кармап)*

Мен үчүн сууң дары, чөбүң дары,

Ташың да, жүрөгүмө жакын баары. *(Таянып өйдө турат)*

– Оксана, бурулуп, жогору жакты карасаң.

Оксана: *(Кызгалдактуу талааны көрүп)* Ай-ий, кандай гана керемет, какое чудо, просто красота! И горы, и природа. Как красиво! Особенно красные маки. Максат Кутманович, как называется красные маки по-киргизски?

Максат: Кызгалдак, кызгалдак дейбиз.

Оксана: Какое красивое название!

Максат: Көрдүңбү? Сен боз адыр дейсиң. Биз ал жакты Кызгалдактуу талаа деп коёбуз. Кызгалдактардын арасынан мен аппак сүйүүмдү, Айсулуумду тапкам. *(Туруп, колун алдыга жиберип басат. Оксана жанына чуркап келип, колунан кармай калат. Максат Оксананын ийнине колун коюп.)*

Максат: Оксана, сенин жүрөгүң кандай таза, табиятты сүйгөн адамдын пейли кенен болот, -дечү атам. Сага буйруса Ысык – Көлдү көргөзөм. Оо аны көрсөң укмуш. Кыргыз эли үчүн кудайым белекке берген дешет.

Оксана: Чын элеби?

Максат: Элестетсең. Мелтиреген көкмөк көл, сол жагын карасаң, шыбак, камгактан башка өспөгөн кумдуу чөл, а оң жагы жашыл бетеге, кооз гүлдөр, арча, карагай, кайың, талдар.

Оксана: Коюңузчу, сиз тим эле фантазия кылып жибердиңизго. Ладно, посмотрим!

Максат: Жок, Оксана, мен чын айтам, сен аны көргөндө ишенесиң. Табияты кооз, суусу, абасы таза болгондуктан, ал жердин адамдары да боорукер, ак ниет болушат.

Оксана: Аныңыз чын, чыдамкай да болушат. Мисалы: Сиз. Биз сизди тапканда, өлүп калыптыр дегенбиз. Ал эмес өлгөндөрдүн тизмесине да киргизип коюшкан. Кийин жүрөгү согуп жатат дешти. Оо, ал күндөрдү, сиздин кыйналганыңызды эстегим келбейт.

Максат: Менин багыма силер жолугуп калбадыңарбы. Силер көрбөй өтүп кетсеңер, бул бейиштин топурагын тепсебей, кызгалдагын жыттабай калмакмын да.

Оксана: Сиздин эркиңиздин бекемдигине бардыгыбыз таң калганбыз. Башкалар бакырып, ыйлап жатышса, сиз үнүңүздү чыгарбай, эрдиңизди каната тиштеп жата берчүңүз. Баса, сиз бирдеңке деп сүйлөгөндө: "Апа, Айсулуу" – дегениңизди сезчүбүз, бирок бир сөзүңүзгө эч түшүнбөйт элек, көрсө, "Кызгалдак" дечү турбайсызбы.

Максат: Оксана, ошол учурда бардыгыбыздын каныбыз катып, чаңкап, суу көзүбүздөн өтүп турган чак эле. А силер бир тамчы суу бербестен, эрдибизди гана нымдап койчусуңар. Башкалар ошондуктан жинденишчү. А мен жумулбаган көздөрүмдү жумду кыяз кылып, ушул Кызгалдактуу талаанын этегиндеги мөлтүр булакты көздөй жөнөчүмүн. Ал булактан апамдын алаканынан суу ичип, Айсулуумдун чачкан суусуна бетимди жууп, о шентип суусунумду кандырып, силердин тынчыңарды алчу эмесмин. *(Оксана таң калып тиктейт)*

Оксана: Сиздин өз жериңизге болгон сүйүүңүз өзгөчө турбайбы.

Максат: Сен айткан боз адырдан түшүп калганымдын себеби да ушунда. Менин бул жашоого кайра келишиме биринчи - силер, экинчи - менин туулган жериме, тунук булагыма, жакын адамдарыма болгон сагынычым себепкер болду. Азыр экөөбүз ошол булакка, андан кийин айылга барабыз.

Оксана: Сиз кыйналбайсызбы? Бул жерде жол жок экен го?!

Максат: Жок мен кыйналбайм. Жанымда сен барсың да. *(Оксанага ишенимдүү тиктейт)*

Оксана: Анда эмнеге турабыз, кеттик. *(Өзүнчө)* Чын эле башкача табият экен. Кайсыл тарапты көздөй басыш керек. *(Айланаңы карап жатып, Кутман карыяны көрөт)* Максат Кутманович тигил жакта бир киши жүрөт.

Максат: *(Колун серепчилеп)* Кана, кайсыл жакта, чакырбайсыңбы?

Оксана: Ээ- ээй, чын эле адамбы? Может быть, это видение?

Кутман: Кыйкырып жатабы? *(Колун көзүнө кадап карайт)* Балабы? Ким болуп кетти? *(Өйдө көздөй басат)*

Максат: Ким экен?

Оксана: Билбейм, кары киши го.

Кутман: Кыз го, артында дагы бирөө жүрөт. Оо кудай, аскер кийимчен экен. *(Ылдамдайт)*

Оксана: *(Жүгүрүп келип)* Сиз Кутман дегенди тааныбайсызбы?

Кутман: Кутман? Мен да. Кутман деген менмин!

Оксана: *(Кыйкырып, чуркап)* Максат Кутманович!

Кутман: Максат, балам сенби? *(Алдыга умтулуп барып, ордунан жылылып кетейин дейт)*

Оксана: Ой! *(Карыяга чуркап келип, жөлөйт)*

Максат: Ата-а, ата-а *(Колдорун сунуп, таптаңдай жөнөйт)*

Оксана: Максат Кутманович, сиз каякка *(Боюн түзөй калган карыяны тургузуп коюп, Максатка келип, колунан жетелейт)*

Кутман: Мен эмне болуп жатам. Уулум, өңүмбү же түшүмбү? *(Кучакташып калышат)*

Оксана: О боже... Слава богу! Я выполнила свой долг. *(Отуруп ыйлап жиберет)*

Максат: Атаке, барсызбы, апам, Айсулуу, эл-журт аманбы?

Кутман: Кудайдын ушунусуна шүгүр. *(Кучактап, жыттайт)* Жакшы балам, баары жакшы.

Максат: Ата, сиз мүрзөлөрдүн жанында эмнеге жалгыз жүрөсүз?

Кутман: А менби? Уйду издеп чыгып, ата-арбактарга куран окуп кетейин деп кайрылгам. Ой, кызым, турагой, коркуп кеттиң окшойт. *(Ийнинен тартат)*

Максат: Ата, бул Оксана. Мени ажалдан алып калып, айыктырып, жетелеп келди. Согуш табыштырган карындашым. Кыргызстанга барам деп кыргыз тилин үйрөндү.

Кутман: *(Бооруна кысып)* Рахмат, кагылайын кызым. Өмүрлүү бол.

Максат: Оксананын атасы согушта курман болгон. Өзү аскердик врач болгондуктан майданда жүрдү. А апасы менен инисин Кыргызстанга эвакуациялашыптыр.

Кутман: Ооба, ооба согуш болгон жерден аялдарды, жаш балдарды, алып келишип, айылдарга таркатышты деп уккам. *(Өзүнчө)* Маани бербегенимди кара. Кызым, эч камтама болбо, сөзсүз табабыз. Максат, мен сүйүнчүлөп барып, араба жөнөтөйүн, силер жайыраак баса бергиле.

Максат: Ата, арабанын кереги деле жок. Айсулууну айтып коюңуз, а апамдарга өзүм барам. Эсиңиздеби ушул жерден узаганым?

Кутман: Ооба, балам, эсимде. *(Өзүнчө)* Апаң байкуш билип жаткандыр.

Мейли мен кеттим.

Оксана: Максат Кутманович кандай бактылуусуз.

Максат: Сен да бактылуу болосуң.

Оксана: Оо, касиеттүү Кызгалдактуу талаа, мага да апам менен инимди таап берчи.

Максат: *(Өзүнчө)* Өзүмө келип калганда, врач көзүмдүн көрбөй каларын айтканда, биринчи эле апам менен Кызгалдактуу талааны көрбөй каламбы, – деп ойлогом. А бөтөн жерде калсам эмне болмок? Чын эле мен бактылуумун.

Оксана: Жакын жерде суу жок да ээ. Абдан суусадым.

Максат: Суубу? Суу бар, болгондо да муздак, сонун суу бар.

(Максат колун сунат, Оксана жетелейт)

Максат: Жүр, Кайберен булакка алпарайын.

Оксана: Ал булак кайсыл тарапта?

Максат: Жана атам келген тарапта.

(Жетелешип чыгып кетишет)

3- көшөгө

(Кутман карыянын үйү. Үйдөн чыгып бараткан Айсулуу шашып келе жаткан Кутман карыяны көрүп, туруп калат)

Кутман: *(Ичинен)* Дароо айтсам, жаш неменин жүрөгүнө доо кетип калбасын. *(Айсулууга)* Сүйүнчү, балам, сүйүнчү!

Айсулуу: Болсун, ата, болсун!

Кутман: *(Демигип)* Балам, Максат кайтып келиптир.

Айсулуу: Я, Максатпы, качан келиптир, ким айтты? *(Жакын келип)*

Кутман: Балам, чын эле келди, мен өз көүм менен көрүп, жолугуп келдим. Кудай бизге кош- колдоп берди, балам!

Айсулуу: Чын элеби? *(Эмне кылаарын билбей)* каерде экен?

Кутман: Келгени го келди, балам, бирок сокур болуп калыптыр.

Айсулуу: Сокур?!

Кутман: Ооба балам, эки көзү тең көрбөйт экен, бир орус кыз жетелеп жүрөт. Догдурлар кошуп беришиптир. *(Айсулуу чөгөлөй калып)*

Айсулуу: Атаке, айтыңызчы кайда? Мейли көзү көрбөсө, өзүм көз болом.

Кутман: Ошентесиңби, балам. Анда жөнө, Кызгалдактуу талаада, ошол жерден жолуккусу келди сага.

Айсулуу: Оо, кудай! *(Чуркаган бойдон чыгып кетет)*

Кутман: Акылыңдан айланайын! Ыраазымын, баарына ыраазымын. Жаратканга, сага, баарына! *(Нары – бери баса баштайт)*

(Дуулат карыя кирет)

Дуулат: Я, Кутман тынчылыкпы деги? Кош- Дөбөдөн келатсам, келиниң төмөн карай чуркап бара жатат. Эмне болуп кетти? *(Кутман алдын торой басып)*

Кутман: Сүйүнчү, аке, Максатым келди!

Дуулат: Максат, балаңбы?! Койчу, тирүү бекен? Ким айтты?

Кутман: Мен айттым, өзүм жолугуп келдим. Кызгалдактуу талаанын этегинен түшүп калыптыр. Араба айдатып барайын, деп быякка бастым.

Дуулат: Болсун, айланайын, болсун. *(Кучактап, далыга чапкылайт)* Азыр, азыр сүйүнчүңдү азыр эле берем. *(Чөнтөктөрүн аңтарат)* Атаң көрү каякка кетти. Ээ *(Колун шилтеп)*. Жеңиш күнүндө соём деп багып жаткан ак коюм бар. Ошону жетелеп келейин. И кайсыл жерде дейсиң? А, Кызгалдактуу талаада дебедиң беле. *(Чыгып бара жатып)* О-ай, сен эмне отуруп калдың. Элге айтпайсыңбы?! Сабыр башкармага айт!

Кутман: Ооба, аке, айтам, айтам. *(Жашып)* Апасы болгондо, суусун көтөрүп жөнөбөйт беле. А мейличи, баламдын келгенине шүгүр, дейинчи.

(Чыгып кетет)

4- көшөгө

(Максат менен Оксана акырын басып чыгышат)

Оксана: Максат Кутманович, мен мындай сууну биринчи ичишим. Дагы ичким келип жатат.

Максат: Кыргыз жеринде мындай булактар өтө көп, бирок дароо көп ичсең болбойт. Ар бир булактын өзүнчө дарылык касиети бар, өзүң күбө болосуң. *(Максат колун алдыга сунуп, темтеңдеп мүрзөлөрдү көздөй басат)*

Оксана: Максат Кутманович, ал жакка барбаңыз, там могила.

Максат: *(Турган жеринде чөк түшүп отурат)* Бул жерде менин ата-бабаларым жатат. Беш жылдан бери дагы кошулушкандыр. Биз кичине кезибизде апам: "Ал жакка барбагыла, тебелебегиле"- дечү. Биз ага көрүнбөй келип, бекинчек ойночубуз. Көрсө адамды сыйласаң, анын жаткан жерин да сыйлаш керек тура. (Өзүнчө күбүрөп, куран окуй баштайт)

Оксана: Максат Кутманович, сиз эч жакка жылбай туруңуз. Мен бат эле келем. *(Чыгып кетет)*

Айсулуу: Макса-ат! *(Алыстан Айсулуунун үнү угулат).*

Максат: *(Максат дароо тура калат да, кайра отурат. Колу менен жерди таянып акырын)* Айсулуум го? Айсулуу, мен мындамын. *(Колу менен эки жагын изден)* Оксана. Сен кайдасың? Оксана! *(Эптеп теңселип туруп калат)*

Айсулуу: Максат, каяктасың? *(Энтигип эки жагын карайт)*

Максат: Айсулуу, мен, мындамын. *(Үн чыккан жакка эки колун сунуп, калтырай басат)*

Айсулуу: *(Жүгүрүп келип, туруп калат)* Максат, чын эле сенсиңби?

Максат: Мен Айсулуум, чын эле мен.

Айсулуу: Келдиңби? *(Кучагын жаят, жоолугу башынан жылмышып түшүп кетет)*

Максат: *(Айсулууну кучактап)* Айсулуум, кызыл гүлүм, кызгалдагым менин. Ушул жерден күт, сөзсүз келем дебедим беле.

Айсулуу: Ооба, күтүп жүрдүм, жүрөгүм мени алдаган жок. Өлдү дегенге эч ишенбеди. *(Ийнине башын коюп ыйлайт)*

Максат: Ыйлабачы эми. Мен жаныңдамын го.

(Алыстан Оксананын үнү угулат)

Оксана: Максат Кутманович, караңызчы мен сизге... *(Экөөнү көрүп токтой калат. Алар Оксананы карашат. Колунда оттой жанган кызгалдактар)*

Сиздерге кандай гана сонун букет алып келдим. *(Букетин экөөнө сунат. Максат алат. Айсулуу экөө кучакташып калышат)*

Максат: Айсулуу, бул Оксана. Майдандаш бир тууганым. Оксана болбогондо, экөөбүз жолукпай калмакпыз.

Айсулуу: Билем, Максат, билем. Атам айтты. Демек, сен эми жалгыз эмессиң, карындашың бар.

(Максат башын ийкеп, гүлүн берет)

Оксана: Ошондо, сиз мага *(Түшүндүрө албай)* эме... ким болосуз? Тогда кем вы для меня будете?

Максат: Жеңең болот, жеңең.

Оксана: Жене, Айсулуу жене. *(Кучактайт)*

Максат: Жене эмес, жеңе.

Айсулуу: *(Оксананы колу менен түртүп, жердеги жоолугун ала коюп)* Атамдар келатышат. *(Жоолугун салынып, артына кетенчиктейт. Оксана таңыркап карайт. Оксананы өзүнө тартып, ийменип туруп калат.)*

Максат: Дагы кимдер? Апам да келатабы?

Айсулуу: Башкарма акемдер.

Сабыр: *(Бир колу жок, бир колун кучактай тургандай жайып алган)* Кел, Баатыр, бу сен бизди сынап эле кара кагаз жаздырып ийгенсиң го ыя. Ха-хаа *(Кучактайт. Максат белинен кармап көтөрөт.)*

Максат: Сабыр, аке, сизби? Баягы бойдон эле экенсиз. *(Жеңин кармалап)* Колуңуз?

Сабыр: Жетебиз деп жеңишке,
Колду бердик немиске.

Ушундай, үкөм, кол менен көздү бербесек, фашисттериң Ата Мекенибизди, эл-журтубузду басып ала турган. Азаматсың. "Өлдү" дешсе болбой келип калыптырсың. *(Тантап)* Ыя, Кутман аке, Бешик бооңуз бек болсун! Балаңыз кайра төрөлдү да. Өлдү дегенге сиз эч ишенген жоксуз ээ?!

Кутман: Болсун, болсун. "Өлдү" дегенге бир карт жүрөк, бир жаш жүрөк ишенбеди эле, акыры жеңиш ошол эки жүрөктүкү болду. *(Көзүн ааарчып, мүрзө тарапты карайт)*

Сабыр: Максат, биз эмне турабыз боз талаада, үйгө барбайлыбы? Араба да күтүп калды.

Кутман: Ооба, ооба, жүргүлө үйгө. Айсулуу, балам.

Айсулуу: Ата, сиз айткан кийиктин этин асып койгом, эзилип- бышып калгандыр. Жүрүңүздөр үйгө. Чай ичиңиздер.

Максат: Айсулуу, Оксана экөөң араба менен бара бергиле. Апама келе жатыптыр дегиле, ушул жерден келбегени эмнеси деп капа болбосун.

Сабыр: Кызым, башыңдагы кара жоолукту ыргытып, жеңем салган ак жоолугуңду салынып алчы.

Айсулуу: *(Башын ылдый салып, ийменинки кубанычтуу жүз менен)* Макул, аке салынып алам.

Кутман: Ошент, балам, айылдагы аксакалдарды үйгө чогултуп тур. *(Айсулуулар кетишет)*

Максат: Сабыр аке, бардык береке, касиет деген дал ушул боз талаада тура.

Сабыр: *(Уялыңкы)* Ырас, ырас.

Максат: Мен ушул талааны аябай сагындым. Айрыкча госпиталда жатканда. Азыр көрбөсөм да шыбак менен боз топурактын жытын искеп, гүл талаанын этегиндеги мөлтүр булактын шыңгыр үнүн угуп, тунук суусунан ичип, анан айылга баралычы. Жериңе кетсең болот дешкенде, дал ушинтип барам деп ойлоп койдум эле.

Сабыр: Оо, мына, нак эл коргогон, жерин сүйгөн эр жигиттин сөзү. "Туулган жердин топурагы - алтын" деген сөздүн маанисин мен да согушта жүргөндө түшүнгөм. Кутман аке, сиз эмне дейсиз?

Кутман: Мен эмне дейин, Максат айткандай болсун. Шаша турган эч нерсе жок. Кудайдын бул кылганына шүгүр.

(Ашып-шашып Дуулат карыя кирет)

Дуулат: Оо, айланып- кагылып кетейин *(Кучактап, кайра-кайра өбөт)* Ыя, Кутман, сүйүнчүңө деген ак койду жетелетип келдим, тигине.

Кутман: Оо жарыктык десе, аны эмнеге алдырттыңыз, талаага соймок белек.

Сабыр: Дуулат аба, Максат булактан суу ичейин дегенинен калдык, айылга эле барабыз.

Дуулат: *(Нары-бери басып)* Ой кайдан билейин. Максат келди. Кызгалдактуу талаада дебедиби. Сүйүнчү дегенди бериш керек да.

Сабыр: *(Каткырып)* Туура, туура Дуулат аба. Сиздики туура. Кутман аке, эмне болуптур, кудай ушул жерге буйруп жаткандыр. Биз барып келели булакка, балдар айылдагыларды апкеле коюшат. Тойду ушул жерден баштайбыз. Кандай дейсиз? Кыргыз тамакты талаада жегенди жакшы көрөт да. *(Кутман карыяга билгизбей ээгин ымдап)* Максат ата-арбактарга да куран окутушу керек да.

Дуулат: Ырас айтасың, Сабыр. Мен өзүм баш-көз болуп, балдарга ырастата берем.

Кутман: Анда аке, бир бата берип коюңуз.

Дуулат: Ак сарбашыл ача туяк арнаган малыбыз
Кудайдын жолуна багыштадык.
Эрте айтып, кеч бердик,
Жаңылмак бизден болсун,
Жалгамак сизден болсун,
Жараткан Алла жар болсун.
Элге тынчтык,
Жерге береке берсин,
Балдарыбызга өмүр,
Карыларга кең пейил берсин!
Оомийин!

(Катышуучулар чогуу чыгышат. Айсулуу Максаттын жанына өтөт. Ак жоолук, ак көйнөк кийген.)

Дуулат, Кутман, Сабыр: Жергебизде согуш болбой,
Чырпыгыбыз чынар болуп көктөсүн!

Оксана, Максат, Айсулуу: Кызгалдактар жайнап, гүлдөп,
Ак сүйүүлөр өчпөсүн!

Аягы.

АЛТЫН ТАМГА

(Үч көшөгөлүү пьеса)

Катышуучулар:

Эрмек – 11- класстын бүтүрүүчүсү
Жыпар – Эрмектин апасы
Дайыр – Эрмектин атасы
Алтынай Мирлановна – мектептин директору
Арсен – мугалим
Эрмектин классташы – 1 кыз
Эрмектин классташы – 2 кыз
Марат – Дайырдын досу
11- класстын окуучулары

1-көшөгө

Жупуну жасалган үй. Стол үстүндө нан салынган табак. Жыпар башка бөлмөдө нан жасап жаткан. Сырттан Эрмек кирет. Эки пиала, демделген чайы менен чайнек көтөргөн.

Эрмек: Апа, келиңиз, чай ичиңиз.

Жыпар: *(Наркы бөлмөдөн)* Балам, келдиңби? Баратам. (Этегине колун аарчып, столго отурат.). Камыр ачыта коёюн дебедимби. Мектепте эмне жаңылык?

Эрмек: *(Апасына чайдан куюп сунат)* Жаңылык көп, апа. «Алтын тамга» ала турган балдар Токтогулга барып тесттен өтүшөт экен. Мени дагы даярдан деди агай.

Жыпар: "Алтын тамга"?

Эрмек: Артыкчылык аттестаты азыр ошондой аталып калган.

Жыпар: Качан кетет экенсиңер?

Эрмек: Эртең.

Жыпар: Эртең? Ай-ий, анда акча табыш керек турбайбы. Жол кире, тамак-ашка дагы. Нан өтүп кетсе экен.

Эрмек: Апа, атам дале келе элекпи?

Жыпар: Иштен келген. Турат аяш атаңдын апасы өлүптүр, ошого батага кеткен. Дагы мас болуп келет чыгаар.

Эрмек: Өлгөндөн деле иче беришеби?

Жыпар: Эми ошондой өнөр чыгарып алышыптыр го. Жаш өлөбү, кары өлөбү көңүл айтып, арак иче беришет. Атаңа окшогондорго кудай берип коет да.

Эрмек: Апа, шекер да жокпу?

Жыпар: Калбады, балам, текчеде тарелкада таттуу турат, ошону алып келе гой. *(Бала кетет. Жыпар өзүнчө)* Итабар бар эле, иштен келгенде элдин катындарындай болуп бир бөтөлкө таап койбойсуң, – деп өкүргөнүнөн, жадаганда самагон салып койчу болдум. Мас болуп келгенде берип койсом, бат эле уктап калат. *(Эрмек таттуу салынган тарелканы алып келет)*

Жыпар: Күнүгө токмоктошкондон, элден мурда, сенден уялчу болдум. Тели-теңтуштарыңан шылдың кеп угуп, шагың сынып калабы деп корком *(Эрмек пиялага чай куюп апасына сунат).*

Эрмек: Келиңиз апа, чай ичиңиз. Көп кейибеңизчи, ооруп каласыз. Таттуусу жок деле иче берем. Чоңоюп калбадымбы. Апа, эгер «Алтын тамгага» ээ болсом, жогорку окуу жайына экзамени жок өтөт экем.

Жыпар: Ай-ий, анысы жакшы го.

Эрмек: Ошондой болуп калса, эптеп бир жерге иштеп алып окуй берет элем. Окууну бүткөндөн кийин атамдын ичкенин дарылатып болсо да койдурат элем.

Жыпар: Тилегиңен кагылайын.

Эрмек: Ийи апа, эгер андай болсо, сиз жасаган нанды сатпай эле өзүбүз жейт элек да. Кандай сонун жасайсыз э, жыты да укмуш!

Жыпар: Жаштын тилегин берет дейт. Сен жакшы окусаң, мен сен үчүн нан жасагандан жадабай калайын. Көзүм тирүү турганда сени эч кимден кем кылбайм, балам! Атаң ичкенин эле койсо, турмушубуз элден кем болбойт эле. 5-6 айдан бери айлыгын бербей жатышпайбы. Болбосо мынча кыйналбайт элек.

Эрмек: Апа, атамдарга айлыгын өз убагында эле берет экен. Ал дүкөндөргө карыздарын төгүп коюп эле, бербей жатышат дей берет турбайбы.

(Сырттан сөгүнүп сагынып ырдап-кыйкырган Дайырдын үнү угулат).

(Жыпар өңү кубарып, чоочуп).

Жыпар: Ана, айтпадым беле, дагы мас болуп келе жатат. Мен нанымды жасайын *(Туруп кетет).*

Дайыр: Ээ катын үйдөсүңбү? Ой үн жок да, дагы тентип каякта жүрөт *(Кирет).*

Эрмек: Ата келдиңби? Апам нан жасап жатат. Жүрүңүз, эс алыңыз *(Колтуктап, жетелейт).*

Дайыр: Ой энеңди урайын эс ал деп, мен сага жаш баламынбы? Детский время да боло элек, мас деп турасың го. Менин мээм компьютер. Тур, апаңды чакыр, арак алып келсин!

Эрмек: Апам нан жасап жатат.

Дайыр: Чакыр! Нанын урганым жок. Кечке силер деп иштеп өлөйүн дедим. Айлык берсеби, миң нандын акчасын

алып келем! *(Шишенин түбүнөн самогон көтөрүп, чыны кармап Жыпар кирет).*

Дайыр: Эмне чоюласың, *(Шишени көтөрүп ичип, ыргытайын дегенде Эрмек жерге ала коёт)* ушул элеби?

Жыпар: Болгону ошол. Кечээ төртөөңөр ичпединерби.

Дайыр: *(Жулкунуп)* Эмнее? Менин досторум сага көп көрүнүп калдыбы? (Столдун үстүндөгү кашык менен урат, Жыпар кетенчиктейт).

Эрмек: Атаа... *(Кучактап калат)*

Дайыр: Таап кел дейм, 100 грамм! (Столду тарс урат, нан салынган идиш жерге түшөт. Жыпар бетин баскан бойдон чуркап чыгып баратып Эрмекке:).

Жыпар: Нанды өткөргөнү кеттим.

Эрмек: *(Ыйламсырап)* Ата, апам азыр алып келет. Чай ичесизби? *(Баласын кучактап өзүнө тартып, темтеңдеп барып отуруп калат).*

Дайыр: Ийи сенсиңби? Айланайын ат токурум десе, кандай анан, окууң жакшыбы?

Эрмек: Жакшы, ата, мени «Алтын тамга» алганга тест тапшырганга Токтогулга барасың, – деди агай.

Дайыр: Токтогулга? Эмнеге?

Эрмек: Тесттен жакшы тапшырсам, «Алтын тамга» аттестатын алам, аны алсам жогорку окуу жайына экзаменсиз өтөм.

Дайыр: Качан?

Эрмек: Эртең болот.

Дайыр: Ой энеңди урайын, эмне мазгини чагып жатасың? Аттестатты окууну бүткөндө аласың да.

Эрмек: Ооба, быйыл бүтөм да.

Дайыр: Эмнее, сен быйыл мектепти бүтөсүңбү? (Кекетет)

Эрмек: *(Чоочуй карап)* Ооба, 11-классты бүтөм да.

Дайыр: Ушу кебетең мененби? Кибирейип, сен быйыл бүтөсүңбү? Мен 8-класста эле ушундай болчумун, мектепте балдардын барын өзүм тейлеп, 1-атаман элем . Энең деле упузун, кимди тартып калгансың? *(Тап берет, Эрмек кетенчиктейт)* 7-8 де окуйт десе. Ушинтип кыбырап жүргөнчө өлүп эле калбайсыңбы. Мени шерменде кылбай. Тууй ата.

Эрмек: Ата-а.

Дайыр: Ата дебе, менин сендей кибирейген балам жок! Мындан көрө өлүп калсаң, баласы өлүптүр деп, досторум жок дегенде 3 күн аракка тойгузат. 11-класстагы кебетең ушул болсо, сенден эмне чыгат. Чакыр энеңди, арак алып келсин.

Эрмек: Өзүңүз айтпадыңыз беле.

Дайыр: Эмне деп айттым эле!?

Эрмек: Мектепке 2 жыл эрте баргансың, – дечу эмес белеңиз.

Дайыр: Аа-а эстедим. Балдар бакчасынын баары жабылып калып, сен кошунанын баласын ээрчип, мектепке барып жүрчүсүң. Жанагы эжеке Эрмек эң жакшы окуйт деп, ошол боюнча чоң балдар менен окуп калгансың. *(Сенселип көкүрөгүн ушалап энтигет).* Суу, суу берчи. Күйүп кеттим. *(Эрмек чуркап чыгат).* Окшошкон энеңди урайындар *(Туруп бара жатып жыгылат, Эрмек киргенде уктап калат).*

Эрмек: Ата, ата-а суу ичесизби? *(Ойгонбой койгондон кийин, сууну столдун үстүнө коюп, өзүнчө ойго батат).* Байкуш апам, азыр жок болуп калганы жакшы болбодубу. *(Атасын ирээнжий карап).* Дагы канчага чейин чыдаар экен? Ооруп калбаса эле болду. *(Эңкейип жердеги чачылган нанды идишке сала баштайт)*

Эрмек: Бул нанды апам кандай гана мээнет менен жасайт. *(Сырттан кыздардын үнү угулат).*

1-кыз: Сен тестке даярдандыңбы?

2-кыз: Даярдандым дечи, бирок эртең эмес бүгүн бара турганыбыз жаман болду.

1-кыз: Ий агай Эрмекке дагы айтып койгула, – дебеди беле. Чалайынчы.

2-кыз: Чалып эмне кыласын, единицаңды коротуп. Үйүнө эле кирип айтып коёлу.

1-кыз: Мейли, үйүнө кирсе кирели.

2-кыз: Ай, мен ошого түшүнбөйм, сабак бүтсө эле балалуу аялдай болуп үйүнө чуркайт.

1-кыз: Ал апасына жардам берет да. Нан жасашат.

2-кыз: На-ан жасаша-ат? Эрмекпи? Хи-хи. -хи-и-и.

1-кыз, 2-кыз: Эрме-ек! Эрме-ек! *(Сырттан 2 кыз кирет).* Эрмек, Эрме-ек. *(экөө таң калып калышат. Эрмек эмне кыларын билбей, нан салган идишти столдун алдына катат.)* Келгиле...

1-кыз: Эрмек бол, сени агай даяр турсун деди. Токтогулга бүгүн кетет экенбиз. *(2-кыз чуйруюп Дайырды көрүп, көзү алая түшөт).*

Эрмек: Эртең дебеди беле, бүгүн барат бекенбиз?

1-кыз: Ооба, агай айтты бүгүн деди.

Эрмек: Мен бара албайм, апам бир жакка кеткен.

1-кыз: Эмнеге барбайсың, мугалимдин баардыгы сага ишенип жатышпайбы. Бол, даярдан автобус келгенде чыгып кал.

2-кыз: Эмнесин даярдамак эле. Басчы ай, ушундай атмосферага кантип чыдап жатасың, билбейм... Фууу-ууу.

1-кыз: Сөзсүз барасың, ээ?

2-кыз: Бутылкасына окшоп сулап жаткан атасын көр-

бөй турасыңбы? Ошол кантип жиберсин. Ха-ха-ха. *(Кыздар чыгып кетишет. Эрмек атасынын жанына басып барып)*

Эрмек: Ата, тигил үйгө жатыңызчы.

Дайыр: Жоголчу нары!

(Эрмек башын мыкчый кармайт. Сен өлүп калсаң «3 күн аракка тоет элем» -деген атасынын, «бутылкасына окшоп сулап жаткан атасын көрбөй турасыңбы? Ха-ха-ха. » - деген класташынын үнү кулагына жаңырат. Шарт бурулуп чыгып кетет. Сырттан мугалимдин үнү угулат).

Мугалим: Кыздар, тезирээк чыгып кал дединер беле?

1-кыз: Ооба, айтканбыз.

2-кыз: Агай, ал барбайт деле, кете береличи, акчасы да жок болуш керек.

1-кыз: Жок, агай, барыш керек, апасы акча издеп кетиптир.

Мугалим: Анда өзүм эле кирип чыгайынчы. *(Эрмек сырттан жип көтөрүп кирет, колундагы жиптин бир учун байлай баштайт. Бутуна кичинекей отургучту коюп алган. Эрмектин бул кыймылы болуп жатканда, кулагына апасынын үнү жаңырып, угулат).*

Жыпар: Көзүм тирүү турганда сени эч кимге кор кылбайм, балам!

Эрмек: Апамчы? *(Жипти кармаган боюнча туруп калат, эшиктен мугалим шашып кирет).*

Мугалим: Эрмек, үйдөсүңбү? *(Эрмек бурулуп карайт, жиптин бир учу колунан түшүп кетет).* Эрмек, сен эмне кылып жатасың!? *(Эрмек турган боюнча катып калат. Мугалим акырын далысынан таптап, колунан тартат, бала отургучтан түшүп, башын жерге салып туруп калат).* Эрмек, бул эр жигит кыла турган иш эмес го, өзүң эстүү бала-

сың. Кайсы багыттан карасаң да, өзүн-өзү өлтүрүү эң оор кылмыш, кечирилгис күнөө болоорун билесиң да. Башкача айтканда атайылап өлтүрүү болуп эсептелет эмеспи. Мектептин сыймыгы болгон, эң акылдуу деген сен ушуну кылсаң, башкалардан эмнени күтөбүз. *(Эрмек башын көтөрө албай, ыңгайсыз абалда).* Эрмек, ушундай ишке барууңа эмне себеп болду? *(Эрмек жерде жаткан атасын көрсөтөт).* Түшүнүктүү. Бирок турмушта мындан да кыйын учурлар болот да. Аны токтоолук жана акыл менен жеңиш керек. *(машинанын сигналы)* кой, анда бул иш тууралуу кийин сүйлөшөбүз. Экөөбүздөн башка эч ким укпасын, кеттик анда, күтүп калышты.

Эрмек: Агай, мен бара албайм. Апам да үйдө жок.

Мугалим: Сен барбаганда ким барат? Апаңа бара турганыңды айттың беле?

Эрмек: Ооба, чынын айтсам жолго акча жок. Апам издеп кеткен.

Мугалим: Мына көрдүңбү, апаң сага акча издеп жүрөт. А сенин кылганың бул. Кандай гана сонун апаң бар. Жыпар эже мага жолуңа, ал гана эмес жатакана, тамак-ашыңа жете турган акча берди.

Эрмек: Апам сизге акча бердиби, мага бер деппи?

Мугалим: Өзү бир жакка шашып кетти. Тур бол, камын. Мен кат жазып коёюн. (Эрмек чуркап башка бөлмөгө кирет).

Мугалим: Кантип калп айтып ийгенимди билбей да калдым. Баланын жакшылыгы үчүн айтылган калпым кечиримдүү болоор. (Отура калып кагазга кат жазып, столдун үстүнө коет. Эрмек сумкасын асынып, колуна жаздык, плед көтөрө чыгып, атасынын башына коюп, үстүнө жабат. *(Мугалим ыраазы болуп, карап турат. Машинанын сигналы угулат)*

Эрмек: Мен даярмын.

Мугалим: Жүр анда кеттик. *(Экөө ээрчишип чыгып кетишет.)*

(Шашып-бушуп Жыпар кирет).

Жыпар: Эрмек! Мына балам, акчаны да таптым, байкуш Айзат сурасам эле бере койду. Апей, каякка кетип калды *(Дайырды бир карап башын чайкайт).* Эрмек шашып кеткенго, чай ичкен жерди жыйып койчу эле. *(Жердеги нан салгычты алып, столдун үстүнө коюп, катты колуна алат)*

Жыпар: Кат го.

Мугалим: «Эже, Эрмекти мен алып кеттим, кам сана-баңыз, буюрса жеңиш менен келебиз».

Жыпар: Аа, кагылайын, агайы менен кеткен тура. Эми мээнети кайтса эле болду. Акчасын агайы өзү төлөй турган болгон го. *(Дайырды карап капалуу)* О оңбогур десе, баламды мугалимдин көзүнчө уялткан тура. Башка бөлмөгө да жатпаптыр. Баса, бул акчаны бекитейин, келгенде агайына берем да, кокус көрүп калса дагы ичип салат.

(Акчаны паластын түбүнө бекитет, жипти көрүп колуна алат).

Жыпар: Муну ким алып келип койду? Аа байкушум десе, арак таппай калганда муунуп алам деген го. Кой, кудай анын бетин ары кылсын. Ичкени эле болбосо, эч кимге зыяны жок. Иштин майын чыгарат, ошон үчүн жумуштан айдашпайт да. Ичпей калар күнү болуп, биздин үйдө да майрам болоор. Эми таң атканча ойгонбой уктайт, эптеп тигил бөлмөгө жаткырайын да, түндөп нанымды бышырайын.

(Дайырды эптеп сүйрөп чыгып кетет)

2-көшөгө

(Көшөгөнүн артында Дайыр өзүнчө сүйлөнүп келе жатат)

Дайыр: Светтин өчүп калганын кара, болбосо дагы 2-3 саат иштейт элем. Достордун эч кимиси көрүнбөйт, алар кечкурун чыгышат да. 100 эле грамм болгондо сонун болот эле. Күн да аябай ысып кетти.

(Көчөнүн башынан чыга калган Маратты көрүп, сүйүнүп кетет)

Дайыр: Оо Маке, Ассалоому алейкум, бу каякка учуп-күйүп?

Марат: Дайыр, кандайсың? Ырас болбодубу жолукканың.

Дайыр: Эмне, 100 граммың барбы?

Марат: Сен сөздү бузбай уксаң. 100 грамм табылат.

Дайыр: Ии айта бер.

Марат: Иш мындай, шеф Бишкекке кеткен. Чогулушпу билбейм, бир нерсеге.

Дайыр: Айта бер, айта бер. Ток этээрин айтчы.

Кызы артыкчылык аттестатына, «Алтын тамга» дейби? Ошого талапкер экен. Мугалими бүгүн жыйынтыгы чыгат деп айтыптыр. Ошону билип, жеңеңе айтып кой деди эле шеф. Андан көрө мага шерик болуп мектепке барып келбейсиңби, ыя?

Дайыр: Мектепке, уят го ушул кебетем менен, нары уулумдун чогулушуна эч барбайм да.

Марат: Биз ичине кирмек белек, мугалимине эле жолугабыз да. Жеңеңи билесиң да, кызым эмне болду, – деп кечке чыйпылдай берет.

Дайыр: Кызы жетсе, шефиң жууп береби? А жеңеңди билем, кесип алса кан чыкпайт го.

Марат: Кантип жуубасын. Жалгыз кызынан эч нерсе аябайт да. Жүр кеттик.

(Экөө кетишет. Мектепке жакындаганда балдар катарга тизилип жатышканын көрүшүп, туруп калышат).

Директор: Саламатсыңарбы, окуучулар? Өзүңөргө белгилүү 11-класстын алдыңкы окуучулары Токтогулга барып, «Алтын тамга» алуу үчүн тест тапшырып келишкен. Жыйынтыгында мектебибиздин сыймыгы, бүтүрүүчүлөрдүн эң кенжеси Дайыр уулу Эрмек «Алтын тамга» татыктуу болду. *(Кол чабуулар, ураа, азамат деген кыйкырыктар. Эрмек эл менен кошо кол чаап, көңүлсүз турат.)*

1-кыз: *(Шыбырап)* Эрмек, чыкпайсыңбы. Сени чакырып жатпайбы.

2-кыз: Азаматсың, Эрмек! *(Мугалим жанына басып келип).*

Мугалим: Эрмек, сага эмне болду? Бол, эжекеңе бар. *(бул учурда четте турган Марат Дайырга).*

Марат: Дайыр, шефтин кызы эмес эле сенин уулуң алыптыр го алтынды.

Дайыр: Эмне, менин уулумбу? *(Өзүнчө: тууй ата, менин балам алса эми жуу деп ит кылышат. Шефтин кызы алганда эле сонун болмок.)*

Директор: Кана Эрмек, келегой. *(Колунан кысып, бетинен өбөт)* өзүңөргө белгилүү, "Алтын тамганы" аттестат тапшыруу салтанатында беребиз. Бирок мындай кубанычты жашырып коюуга кудуретибиз жетпеди. Эрмектин ийгилиги - жалпыбыздын ийгилигибиз. Азаматсың, Эрмек, келечегиңе кенен жол ачылды, кут болсун! Ата-энең бул жерде болгондо кандай кубанат эле, эч нерсе эмес салтанатка келгенде аларды да куттуктайбыз. *(Кол чабуулар)*

Мугалим: *(Эрмектин жанына барып, колунан кысып)* айтпадым беле, жеңиш сеники болот деп, куттуктайм! (*Эр-*

мек сүйлөйүн деп барып, атасын көрүп, тиктеген бойдон туруп калат. Ал караган жакты караган мугалим Дайырды тааныйт)

Мугалим: Аа, Дайыр аке го. Дайыр аке бул жакка келиңиз, иштен келе жаткансыз го, келе бериңиз. *(Дайыр не кылаарын билбей калдастайт, бирок кетип калууга болбосун сезип, жер караган калыбында баласынын жанына келет)*

Дайыр: Саламатсыздарбы?

Эрмек: *(Таңкалып, акырын айтат)* Ата!

Мугалим: Эң сонун болбодубу. Алтынай Мирлановна! Бул киши Эрмектин атасы.

Директор: Атасы? Саламатсызбы? Сиздин уулуңуз бардыгыбызды кубантып, «Алтын тамгага» ээ болду. Эрмектин мындай ийгиликке жетишине албетте, сиздин да эмгегиңиз чоң. Кандай сыймыктуу атасыз!

Дайыр: Рахмат, рахмат!

Директор: Уулуңузду куттуктасаңыз болот.

Дайыр: Эрмек, рахмат балам! *(Сүйлөй албай, Эрмекти бооруна кысып туруп калат.)*

Мугалим: *(Директорго карап.)* Алтынай Мирлановна, Сизге чоң рахмат, барыбызды кубанткан жакшы кабарыңыз үчүн.

Директор: Арсен Сабитович! Эмесе мен барайын. Окуучулар, Мамлекеттик экзаменге жакшылап даярдангыла.

Мугалим: Балдар! Ата-энелериңер саат 3 кө чогулушка келишсин. *(Дайырга баш ийкеп коюп директор кирип кетет, окуучулар да тарашат.)* Дайыр аке, бүгүнкү чогулушка сиз да келиңиз, Жыпар эже экөөңүздөр тең келе бериңиздер. *(Дайырды карап туруп калат.)*

Эрмек: Ата! *(Колтугунан араң сууруlуп чыгат)* Ата, үйгө барасызбы?

Дайыр: Мен бир аздан кийин барам.

Эрмек: Бир аздан кийин? *(Ойлуу туруп калат).*

Дайыр: *(Мугалимге)* кечирип койгулачы. *(Баласына)* Мейли мен барайын.

Мугалим: Жүрүңүз мен узатып коеюн. *(Эрмек атасын карап муңайым)*

Эрмек: Бир аздан кийин деп коёт, дагы досторуна жолугуп, ичет да. *(Колдоруна гүл, китеп кармаган кыздар келишет.)*

1-кыз: Эрмек, азаматсың, биз сага ишенгенбиз, ишеничти актадың.

Эрмек: Силерге да рахмат, эгер силер болбосоңор, мен Токтогулга барбасам, анда бул ийгилик болбой калмак.

1-кыз: *(Колундагы китебин сунуп)* Туулган күнүң менен!

Эрмек: Туулган күн? Ии чын эле менин туулган күнүм эмес беле.

2-кыз: Туулган күнүң, ийгилигиң кут болсун! *(Гүлүн берет)*

Эрмек: Оой рахмат кыздар, ой мени байыттыңар го, я.

2-кыз: Мени кечирип койчу Эрмек, баягыда көңүлүңдү оорутуп койдум окшойт.

Эрмек: Ой эч нерсе эмес, сен кечирим сурай тургандай эч нерсе деле болгон жок. Силерге да ийгилик каалайм, кыздар! Мен эртерээк үйгө барайын.

1-кыз: Жыпар эже укту беле, сенин ийгилигиң жөнүндө?

Эрмек: Каяктан угат, өзүм быякта жүрсөм.

1-кыз: Ии анда эртерээк барып, апаңды да кубант. *(Мугалимдин келе жатканын көрүп)* Дагы жолугушабыз!

2-кыз: Ии агай да келе жатат, жүр кеттик.

Мугалим: Оо гүл көтөрүп эле, үйүңө барасыңбы?

Эрмек: Ооба агай, бүгүн туулган күнүм экен. Өзүм да унутуп калыпмын.

Мугалим: Анда кош майрам турбайбы, куттуктайм! Мен да силердикине бара жаткам.

Эрмек: Эмнеге?

Мугалим: Жыпар эжени куттуктап коеюн дегем. Апаңдын эмгеги күч да сен үчүн. *(Эрмек баш ийкейт).* Же эмне барганым жакпайбы?

Эрмек: Жок агай, эмнеге жакпайт, абдан жагат. Кеттик анда. *(Артында калып өзүнчө)* Агайдын үйгө барганы го жакшы, атам үйдө жок болсо экен эми.

3-көшөгө

Жыпар: Эрте туруп барганым жакшы болуптур, нак акча болду. Банкка котортуп койдум, мурда эле ушинтип койгондо, азыр итапкан болуп калмак экен. Эми балам шаарга жөнөгүчө бир топ болуп калат. Ии баса, бүгүн баламдын туулган күнү эмес беле, эртең менен куттуктап да койбоптурмун. Жок дегенде торт жасап коеюн. Токтогулга барып келгенден бери көңүлү ачылбай жүрөт, же эмне болгонун айтпайт. Ий-ий, Дайыр мас болбой келсе жакшы болот эле. *(Эки сумка көтөргөн Дайыр кирет).*

Дайыр: Жыпар, Жыпаш, үйдөсүңбү?

Жыпаш: Ооба үйдөмүн, эмне болду деги?

Дайыр: Жыпаш, мен мектепке, тиги... И баса, Эрмек...

Жыпаш: Эмне Эрмек, Эрмекке бир нерсе болдубу?

Дайыр: Жок, жок, жакшы кабар. Экзамен тапшырды беле, ошонусу жакшы болуптур.

Жыпар: Ии канча балл алыптыр?

Дайыр: Канча бала экендигин билбейм, деректири бир эле Эрмекти атады.

Жыпар: Деректири, каяктан жолуктуң?

Дайыр: Мектепке дос экөөбүз барганбыз да.

Жыпар: Ушул кебетең мененби?

Дайыр: Ооба, Жыпаш, кечирип койчу. Мына таттуу-паттуу, напитоктор баары бар. Дүкөнчү келин карыз бере албайм деди эле, ичимдик албайм десем берди. Нан өзүңдө бар. Азыраак акча болсо берсең, дагы мөмө-чөмөгө, базардагылар карызга бербейт да, мени таанышпайт.

Жыпар: Буларды эмне кылабыз?

Дайыр: Дасторкон жайып, баламдын ийгилигин белгилейли. Жыпаш, мен экинчи ичпейм, – деп өзүмө-өзүм убада бердим. Сага да убада берем, такыр ичпейм, Жыпаш. Ишен!

Жыпар: Чын элеби!? Ии өткөндө бир аз акчамды сени ичип койбосун деп бекитип, бирок таппай калдым. Каякка бекиттим экен? *(Эки-жакты издей баштайт, Дайыр жөтөлүп жиберет. Аны бир карап алган Жыпар)* Ии биякка катпадым беле. *(Паластын астынан акчаны алып берет).*

Дайыр: *(Жаман абалда калат, акырын)* Жыпаш, мен ошончолук деңгээлге жетип, ишеничтен кетип калдым беле?

Жыпар: Жок, андай деле эмес. *(Отуруп калат)* Ишенем. Кантип сага ишенбей коёюн. *(Дайыр жанына басып келип, өзүнө тартат)*

Дайыр: Мени кечире алсаң, кечирип кой. Уулумдун ушундай ийгиликке жетишине сенин эмгегиң зор. Эрмектин ийгилиги мени акылыма келтирди. Мындан кийин балабызга экөөлөп кам көрөбүз. Ишен мага.

Жыпар: Ишенем, ишенем. Ушундай болоорун жүрөгүм сезип күтүп жүргөм. *(Ыйлап жиберет)*

Дайыр: *(Жыпардын көзүнүн жашын сүртүп)* Ыйлабачы эми, мен сөзүмө турам. Эрмек да келип калат, аны күлүп-жайнап тосуп алалы.

Жыпар: Ии баса, анын бүгүн туулган күнү эмес беле. *(Өзүнчө)* Канча балл алды болду экен? *(Дайырга карап)* Сен тезирээк барып кел, мен да дасторкондун камын көрөйүн.

(Сырттан мугалим менен Эрмек кирет).

Эрмек: Апо- о! *(Апасын кучактап калат)*

Мугалим: Саламатсызбы, Жыпар эже!? Аа, Дайыр аке да үйдө тура. *(Жыпарга)* Демек, уктуңуз да.

Жыпар: Кел, келиңиз, ооба уктум, Сизге чоң рахмат!

Эрмек: Апо-оу. *(Белектерин берет)*

Жыпар: Мээнетиң кайтыптыр балам, кут болсун! *(Кучактайт).*

Мугалим: Эже, уулуңуз «Алтын тамгага» ээ болду. Сиз абдан бактылуу эне экенсиз.

Жыпар: «Алтын тамгагабы»!? Азаматсың, балам! *(Эрмекти бооруна кысат).*

Мугалим: Дайыр аке өзү укту го, бул чоң сыймык.

Дайыр: Ооба, уктум, директордун сөзүн жакшы деле түшүнбөй калдым. Уулум, келчи бери.

Эрмек: Ата, сиз бүгүн ичкен жоксузбу? *(Дайыр башын чайкайт).*

Дайыр: Жок, балам, мындан кийин да таптакыр ичпейм!

Эрмек: Оо, бүгүн кандай гана сонун күн болуп турат, кудум эле мен тилегендей. Ато-у. *(Дайырды көздөй жөнөйт, кучакташып калышат).*

Жыпар: *(Мугалимге)* Сизге чоң рахмат! Сиз болбосоңуз бул ийгилик болмок эмес. Эмне дешимди да билбей турам.

Мугалим: Ырахматты мага эмес, сизди дагы, мени дагы уккан уулуңузга айтыңыз.

Эрмек: *(Атасынын кучагынан чыкпай туруп)* Апаке... *(үчөө кучакташып калышат. Мугалимдин жанына басып барып)* Агай, баягы иш үчүн мени кечирип коюңузчу, экинчи андай ишке барбайм.

Мугалим: Мен аны эчак эле эстен чыгарып койгом. Ал иш экөөбүздүн ортобузда эле калсын. Мен сага ишенем. Бардыгы жакшы болот. *(Эрмек ата- энесинин жанына барат)*

Мугалим: Атадан 3 бала төрөлөт.

1. Атадан кем бала.
2. Атага тең бала.
3. Атадан артык бала.

Кудай буйруса, Эрмек элдин керегине жараган уул болот.

Калыгул олуя айткандай:

Жаман болсо баласы,
Атасы жакшы болсо да,
Ат үстүнөн ит кабат.
Жакшы болсо баласы,
Атасы жаман болсо да,
Төргө олтуруп сый табат.

СОВЕТТЕР СОЮЗУНУН БААТЫРЫ Д. ШОПОКОВДУН ЖАРЫ СОЦИАЛИСТТИК ЭМГЕКТИН БААТЫРЫ КЕРИМБҮБҮ ШОПОКОВАНЫН АНТЫ

1-келин: Ии-ии айылда кара кагаз келгендер коөбөйүп кетти.

2-келин: Ушу согуш деген балекет эртерээк бүтсө экен.

1-келин: Ошону айтсаң.

3-келин: Кандайсыздар, жеңелер, ушунча көппү айиий.

2-келин: Муну качан бүтөбүз.

1-келин: «Көз коркок, кол баатыр» - дейт, келиндер! Колду батыраак иштетсек, бат эле бүтөбүз.

Башкарма: Иш илгери, жеңелер! Ишти эрте баштапсыздар го.

1-келин: Ооба, Керимбүбү эжем келгиче ишти батыраак бүтүрүп, аны бир сүйүнтөлү деп чечтик.

Башкарма: Аа, жакшы, мындай темп менен иштесеңер, чабыкты эрте эле бүтөт экенсиңер. Керимбүбү чабыкты эрте эле бүтөт экенсиңер. Керимбүбү районго чогулушка кеткен. Иштин жүрүшүнөн кабар алайын деп келдим эле. Чабык бүтсө суугатты башташ керек. Ар бир жасаган ишибиз-жеңиш үчүн! Анда жакшы калгыла, мен суугатчыларга барайын. *(Кетет, Керимбүбү келет. Кара көйнөк, кара жоолук салынган).*

Керимбубу: Арбагыла, келиндер.

3-келин: Арбаңыз, эже.

1-келин: Деги согуштан кабар барбы?

Керимбүбү: Үмүтүңөрдү үзбөгүлө, жеңиш биздики болот. Жакшылап иштейли. Кызылчанын түшүмүн заводго өткөрүү керек, фронтко жөнөтүлөт экен. Биз канчалык тездетсек, жеңиш да келишин тездетет эмеспи.

Келиндер: Туура айтасыз.

2-келин: Ии баса, кечээ коңшу айылдагы мурдагы эсепчи согуштан келиптир.

1-келин: Койчу, тирүү келиптирби?

2-келин: Тирүү келгени да курусун бир кол, бир буту да жок экен.

1-келин: Койчу, ошончо алыстан кантип келди экен.

2-келин: Койбой-этпей эле, жанында бир орус кыз бар экен. Анын согуштагы санитаркасы имиш. Анан бир айча бул жерде карашат экен.

3-келин: Ал кыз кетсе эмне болот анан? *(деп таңыркашат).*

Керимбүбү: Анча эле эмне таңыркайсыңар? Согуш балдардын оюну эмес да. Дүйшөнкулум колу-бутунан ажыраса деле көзүн жалтыратып келип калса, балдарына акылын айтып, жаныма кубат болбойт беле. Бул арман эмей эмне? *(деп ыйлайт).*

3-келин: Коюңузчу, эже, жездем эл үчүн баатырлык кылып курман болду го. Анчалык ыйлай бербеңизчи.

1-келин: Ошону айтсаң, ыйлабаңызчы. Биздин да ыйлагыбыз келип кетти. *(Дүйшөнкулдун элеси көрүнөт).*

Дүйшөнкул:

Кара кийдиң кайран эрден айрылып,
Сөгүлгөндөй бүт кайышып кабыргаң.
Сенин эриң коркконунан өлгөн жок,

Душман туусун жыккanына сыймыктан!
Ыйлабасын сулуу беттин ажарын,
Кийбе, тышта кереги жок каранын.
Жыл оңолот, кемтик толот, жаш кетет.

Эл-жериңдин тынчтыгын, жашын тиле артыңдагы баланын.

Мүнкүрөбөй бекем бууп белиңди,
сабыр кылгын, кайгыны ичке батыргын.
Жашык болбой, чымырканып эмгектен,
Унутпагын, жары экениң баатырдын!

Өлдү дешер, мени кимдир бирөөлөр,
Ишенбе ага, өлгөн жокмун, тирүүмүн.
Жеңиш туусун көкөлөтүп көтөрүп,
Кас душманды жеңгендердин биримин.

Менин атым жашай берет жүрөктөрдө,
Өтсө дагы мезгил куштай сабалап.
Москваны коргоодогу эрдигим,
Жаш муундарга сабак болуп кала алат.

(Керимбүбү эсине келе түшөт, жоолугунун учу менен жашын аарчыйт).

Керимбүбү:

Уят кылбайм атыңды деп Дүйшөнкулга,
Ыйлабай ант беремин эл алдында.
Элим үчүн кызмат кылам, эне болом,
Курман болгон эрлердин балдарына!

«БАЙБИЧЕЛЕР ЖЫЙЫНЫ»

Катышуучулар:

Жумакан – айылдагы байбиче.

Гүлайым – коңшусу

Токтогүл – тең жашташ курбусу

Дастаркон жайылуу. Үстүндө тандыр нан, сары май, асел, мөмө-жемиштер коюлган. Колуна чайнек көтөргөн Жумакан байбиче сыртка карап үн салат.

Жумакан: Оо-уу бийкечтер, ээй кыздар деп жатам, кулактары деле укпай калды байкуштардын. Кыздар келгиле, ой келгиле. Нак сүттөн катыктап чай даярдап койдум, чайдан ичип, наркы-беркини кеп салып, бир аз эс алалы. *(Дастаркондун жанына келип)* Сары май, бал, жемиштер дагы эмнени койсом экен? *(Сырттан Гүлайым, Токтогүл байбичелер киришет).*

Гүлайым: Арыбагыла, Жумаш, эмне эле убара болуп жатасың?

Жумакан: Ой келгиле, төргө өткүлө, убара болгон деле жокмун, кичине эрмектешип олтуралы дегем.

Токтогүл: Ушу сен бир нерсе баштаганы жаткансын го я? Айтсаң, эмне кылганы жатасың?

Гүлайым: Ой олтурчу анан бир кеби болоор. *(Олтурушат, Жумакан чайдан куюп жатып)*

Жумакан: Ой кыздар, силерди бир кубантып коёюн дедим эле, бала чагыбызда ичкен-жеген тамактарды жасап, күндө бири-бирибиздикине барып, өткөн-кеткендерди эстеп олтуралы дегем, өзүм баштап сүт катыктап чай кылдым, кереч салдым.

Токтогүл: Айиий чын эле ошентсек сонун болмок эле.

Гүлайым: Эмне эле буркурайт десе, кереч тубайбы.

Жумакан: *(Нанды сындырып жатып)* Эй, ой, эмне эле, жанагы ий атың өчкүр, эмне эле, шлёпка беле?

Гүлайым: Эмнени сурап жатасың?

Жумакан: Ошо таппай жатпайынбы.

Токтогүл: Ии сандалбы?

Жумакан: Каяктагы сандалды айтасын.

Токтогүл: Анда эмне өзүн шилапка дейсиң, кепичпи?

Жумакан: Ой жок, ой жок, *(Нанды көрсөтүп)* могундайчы, лепша беле?

Гүлайым: Лепечка, лепечка.

Жумакан: Ошондой беле *(ойлонуп калат)*.

Токтогүл: Липёшкабы, *(күлүп)* липёшка дейсиңби?

Жумакан: *(Өзүнчө жыргап күлүп)* Ооба, ооба, ошо липёшка.

Гүлайым: Липёшка деп эмнени айтайын дедин эле?

Жумакан: Ий ошол липёшка мага жакпайт да, чайнасаң эле тоголок боло берет.

Токтогүл: Ырас эле, өзүңдүн тишиң болбогондон кийин кыйын болот да.

Жумакан: Силерге жаккан тандыр нан алдым эле, жесеңер, чайга малсаңар тез эле жумшап калат. Алгыла, алсаңар, ошону айтайын дегем. Липёшкасы жок эле кыргыздын тандыр, жупка, көмөч сыяктуу нандарын жеп турсак.

Токтогүл: Ий аны ким кылат десең?

Гүлайым: Койчу, ким кылмак эле, өзүбүз эле кичине камыр жууруй коюп жасасак болот эле, керээлден кечке бош олтурабыз.

Жумакан: Ошону айтам да. Кыз-келиндерибизге үйрөтсөк үйрөнүп алышмак, өзүбүздө да бар да, бекерчиликке көнүп алдык да.

Токтогүл: Сөзүңөрдө чындык бар. *(Чайдан ууртап)* Чайың сонун болуптур.

Гүлайым: Айиий балдар окуудан келээр убак болуп калган турбайбы, чайың жөн эле бал даамданат. Эми биз кетели.

Токтогүл: Менин балдарым кечирээк келишет, атайын чакырганына жараша бир аз олтуруп кетели.

Гүлайым: Сен ушул ишти жакшы баштадың. Чын эле кыргыздын ден соолукка пайдалуу тамактарын жасап ичпей калдык. Мен кичине келиниме айтып жупка жасатайын. Сүзмөгө сары майдан кошуп, жупкадан туурап бир ичейлиби? Кыздар, кандай дейсиңер?

Жумакан: Ойиий анда жыргатасыңго бизди.

Гүлайым: Ий Токтогүл, сен калама жасачу белең?

Токтогүл: Ий Калимабы? Жакшы эле звондошуп жатабыз эртерээк эле кел десем, пенсияга чыгып анан барам деп жатпайбы. Баласы менен кызы чоңоюп калышты.

Гулайым: Ии *(колу менен башын сайып)* кулактан келтип калганго.

Жумакан: Кечке эле звондошуп жатса кулактан кетет да. Ха-ха-ха, эй сенин Калиманды айткан жок.

Токтогүл: Апей ботом, анан кимди айтып жатасыңар?

Гүлайым: Ий Калима эмес, калама, калама деп жатам. Калама нан бышыра аласыңбы? - дейм.

Токтогүл: Ии калама дебейсиңби, калама сонун нан да. Жаңы бышырып, каймак менен жесең укмуш го чиркин.

Жумакан: Ии, ошо, каламаны сен жасабайсыңбы, жер тамда жашайсыңго.

Токтогүл: Жасаганы го жасайм. Кемеге деле бар, бирок акыбал жок да.

Гүлайым: Жанагы кызың чоноюп калбадыбы, камыр жуурутуп койсоң, өзүбүз барып эле жасайбыз.

Жумакан: Ой биз деле жасашабыз да, Токуш. Балаң деле бар, от жагып берсе, бир заматта бышырып салабыз.

Токтогүл: Айий анда мен жөн эле олтура бермек белем, тоң майга ундан кууруп, силерге куурма чай кылып бербейинби?

Гүлайым: Мына анда маселе чечилди.

Жумакан: Оо мына-мына, эми өзүңө келдиң. *(Күлүшөт).*

Гүлайым: Ой-ой кыздар, биз деле балээдей эле уюштуруучу экенбиз я. Чындасак тамак-ашты гана эмес, току, сайма дегендерди да баштасак болот.

Жумакан: Ай, подружкелер, кыргыздын жакшы жактарын жаштарыбыздын жан дүйнөсүнө сиңире алсак, анда биз элибизге кыйла кызмат кылган болобуз.

Гүлайым: Кой, туралы, неберелериме чай-пай берейин. Короче эртең меникине барасыңар.

Токтогүл: Эртең сеникине барсак, бүрсүгүнү биздикине баргыла. Жумаш, үчөөбүз эле кулжуйбай, неберелерибизге деле витаминдүү тамактардан бербейлиби.

Жумакан: Ий байкушум ий, тамагыңдан өтпөй жатабы? Алгач баштап алалычы, анан келиндерибизди жасатып үйрөтө баштасак, неберелерибиз кайда качмак эле.

Гүлайым: Туура айтасың, ладно анда сүйлөштүк.

Токтогүл: Болуптур, жакшы кал. Ий кокуй белим.

Жумакан: Жакшы баргыла. Чау ха-ха, жаш баладай болгон алтындарым ий, кыздар десем сүйүнүп калышат.

ИЧКИЛИКТИН АРТЫ – ӨКҮНҮЧ

Бектур – электрик, көбүнчө ичип жүрөт.
Ырыс – кафеде кызматчы.
Асема – улуу кызы.
Алтынай – кичүү кызы.
Кыял – 1-кошуна аял.
Бермет – 2-кошуна аял.

Үйдүн эшигинин алдындагы олтургучта эки бир туугандын улуусу Асема китеп окуп олтурат. Алтынай берилип угуп жатат.

Асема: Ошентип, жыргап-куунап жашап калышты.

Алтынай: Аи, жомокто эле сонун а, аягында жыргап калышат.

Асема: Атам ичпесе эле, биздин турмуш ошондой болот. *(Бектурдун ырдаганы угулат)*

Бектур: Адыр-адыр ээй тоолордон, . .

Асема: Атам келе жатат окшойт.

Алтынай: Ана атам келе жатат, дагы мас экен.

Асема: Койчу, анча деле мас эмес го.

Алтынай: Койбой эле, бутуна тура албай келе жатпайбы. *(Бектур бутунан тура албаган мас, тенселип араң кирет).*

Бектур: Ээ Ырыс, Ырыс *(эки кызы чыга калат).*

Кыздар: Атаа, ата келдиңизби?

Бектур: Энеңер кайда?

Асема: Апам иште да үйгө кириңиз.

Бектур: Эмнеге? Иште дейсиңби? Түн ортосунда каяктагы иш? Мына мен иштен келатам.

Асема: Той болуп жатпайбы, кеч бүтөт да.

Бектур: Тойго кеттиби? Силерди таштап коюп тойтоюп тойдо жүрөт, мээси иштебейт анын.

Алтынай: Апам тойлогон жок, иштеп жатат, кирбейсизби эми элдер көрөт.

Асема: *(Сиңдисин ымдап сүйлөбө дегендей)*

Бектур: Иштеппи, мен да ишке бардым. Мына келдим энеңер эмдигиче жок, көрсөтөм мен ага. Тамеки алып чык мага!

Асема: Ата, үйгө кирсеңиз, чай ичип эс алыңыз.

Бектур: Энеңер үйрөттү да а? Чай берип эс алдырып койгула деп, а өзү таң аткыча жыргап жүрөт. Кирбейм үйгө, ушу турган кафеге жетпей каламбы. *(жулкунуп жөнөйт)*

Асема: Атаке, атаке, кафеге барбаңыз. Апамды уят кыласыз. *(алдынан тозуп жалдырайт)*

Бектур: Мен барсам уятпы, ал барса уят эмес а?

Алтынай: *(Үйгө кирип чыгат)* Ата, мына тамеки, мына ширеңке, ушул жерден эле чеге бериңиз.

Бектур: Оо алтын кызым, акылдуум десе, мурдумдун кычышканын билет да, бирок мени үйгө кирет экен деп ойлобогула. чай ичип уктап калайынбы? Канчада келгенин билбей калам да. Мен ага көргөзөм, иштемиш болуп кыздарын ойлобойбу? Кафе биякта беле, же биякта беле? *(тамдын артын көздөй чуркайт)*.

Асема: Тамекини эмнеге бердиң? Үйгө эптеп киргизиш керек эле да.

Алтынай: Бербесем кафеге кетип калмак да, апамды уят кылмак. Ана, музыка чыкпай калды, эми келип калат.

Асема: Мейли, жүрогой, үйгө кирели. Мурда кандай жакшы эле, атам иштен келгенде апам тамак даярдап турчу, чогуу тамактанчубуз. Атам апама жардам берчү. Дем алыш күнү мени мойнуна көтөрүп алып паркка барчу элек. Сен анда таенемдикинде элең.

Алтынай: *(Муңайып)* Менин эсимде, атамдын мас болгону, «Эми жок болсо эмне кылайын?» – дегени эле сакталып калды. Апам келди, апам келди.

Асема: Апа, келдиңизби! *(Алтынай кучактап калат, Асема колундагы пакетин алат).*

Жыпар: Келдим кызым, курсагыңарды тойгуздуңарбы? Эл көп, той кеч бүтпөдүбү. Жакшы болду акчаны да кенен берди. Силерге өтүк алып берем. *(Үйгө кирип)* Атаңар келген жокпу?

Алтынай: Келген, сизди күтөм деп чыгып кетти.

Ырыс: Каякка, дагы мас бекен?

Асема: Бир аз кызуурак, азыр эле келем деген. Чай ичели.

Алтынай: Аябай эле, *(Асема айтпа дегендей белги берет).* Ии, апа, сиз менен аябай чай ичким келди.

Ырыс: Айланып кетеиндерим десе, силер бар ырысым бар да менин. Чай ичсе иче берели, тезирээк уктагыла, түн бир убак болуп калды. *(Сырттан кыйкырып кошуна аял кирет).*

Кыял: Жардамга, айланайындар, жардамга.

Ырыс: Эмне болуп кетти? *(Кыздары менен чыга калат).*

Кыял: Күйуп жатат, куйүп жатат, өрттөндү!

Ырыс: *(Асемага)* Чурка, акемдерди тургуз! *(Асема чуркап баратып токтоп калат).*

Асема: Апа, алар эмне кылат? Өрт өчүргүчтү чакырбайлыбы! Алтынай телефонду берчи. Суу алып келгиле, суу!

Кыял: Каяктагы суу, Кара-Суудан суу алып чыккыча эч нерсе калбай калат. *(Тошок менен жапкыла, топурак чачкыла)!*

Асема: 02 беле?

Алтынай: 01 эже 01.

Ырыс: Кудай сакта, кудай сакта.

Алтынай: Өрт өчүргүчтөр сактайт да.

Асема: Алло, алло?

101: Өрт өчүргүчтөр угуп жатат.

Асема: Өрт болуп жатат.

101: Дареги?

Асема: Ак-Кыя 1, Таш Булактан оң жакка, тоо тарапта. *(Сигнал)*

Бермет: *(Шашып-бушуп чыгат)* Өрт өчүргүч болбосо, үйүбүз кошо күймөк экен.

Кыял: Убагында келип жакшы болду. Кандай болуп кеткенин билбей да калдык.

Бермет: Тиги Бектур жолдун боюнда тамеки чегип турган деп жатышат го?

Кыял: Эмне дейт? Ал өзү кошо күйүп кетпедиби, катыгүн, карагылачы!

Ырыс: Оо Кудай, дагы эмне балекетке кабылды? *(Эки кызын эки жагына кучактайт).* Тирүү эле болсо экен эми.

(Бектурду жетелеп өрт өчүргүч кирет, үстү суу)

Бектур: Мен аябай үшүп калыпмын го *(кыздарына карап), жана үйгө эле кире бербей. үстү суу, калчылдап соолугуп калган).*

Ырыс: Ии тирүүсүңбү деги, сиздерге чон ыракмат!

Кыял: Ой силер болбосоңор үйүм да өрттөнүп кетмек экен. Темтейип тамеки чегип жүрбөдүң беле. Эми төлөп бересиң!

Бектур: Өрттөп? Менби? *(Калчылдап сүйлөй албай).*

101: Биринчи үйгө киргизиңизчи анан сүйлөшөлү. *(кыздар жетелеп кирип кетишет).* Өрттүн чыгуу себептерин иш учурунда сүйлөшөбүз. Албетте бул киши күнөөлүү болуш керек. Бирок сиздин да күнөөңүз бар.

Кыял: Менби, мен кантип өзүмдүн чөбүмдү өзүм өрттөйүн?!

101: Кырсык каш-кабактын ортосунда дейт. Ошондой болсо да Кудай сактанганды сактайт. Сиз өрттөбөгөнүңүз менен тамеки чегип турган адамды көрүп туруп эскертпей кеткенсиз. Бул тууралуу эртең сүйлөшөбүз, саламатта калыңыздар!

Жыпар: Бермет: Жакшы барыңыз, чоң ырахмат!

Кыял: Чын эле, мен аны көргөнүмдөн кийин үйүңө бар дебейт белем. Ошентсе деле бары бир ошол күнөөлүү.

Бермет: Койчу, Кыял, байкушту, чөбүн табылаар, өзү өлүп калса эмне болот эле? Дагы жакшы өрт өчүргүчтөр келип калышты.

Кыял: Койбой-этпей эле, төлөйт, темтеңдебей ичкилигин таштаса мындай болбойт эле.

Жыпар: Кыял, эми капа болбо, чөбүңдү эптеп сатып берем, кыздарыма өтүк алып берейин деген акчам турат. Малың чөп карагыча иштесем, калганын карызга алсам дагы кутулам. Мал-жанга зыян болгон жок, ошонусуна шүгүр. Кантеин эми.

Кыял: Жыпар, сен капа болбо, мен тиги Бектурга жиним келип эле айтып жатам, коркпой эле кой, чөп кара жерге кирсин! Андан көрө кыздарына өтүктү мен алып берем. Алар өрт өчүргүчтү чакырбаса эч нерсебиз калмак эмес. Же жаныбызда суубуз болбосо, же телефонунун номурун билбесек.

Бермет: Ии ошону айтсаң, дегеле баарыбыздын оюбузга келбептир. Үнүн угуп жүрөгүбүз түшүп калбадыбы. Караңгыда укмуш угулат экен, көргөндө сүйүнүп кетпедикпи.

Кыял: Бу мектептен окутат да, биз деле окуганбыз, унутуп калбадыкпы. Кой эми, калганын эртең сүйлөшөлү, таң да атайын деп калды.

Ырыс: Кошуналар, ыракмат силерге, Бектурга балким сабак болуп калаар. Эртең катуу эле айтып койбойсуңарбы. Ал ичпесе мындай болбойт эле да.

Кыял: Ой андан кам санаба, чогулуп туруп ийлейбиз. Ичпей турган кылабыз. Мейли анда.

Бермет: Ичпесе жакшы эле киши. «Ичкилик арты-өкүнүч»-деген ушул да. Деги өрт өчүргүчтөргө ыракмат!

Кыял: Ошону айтсан, башка түшпөсө ишибиз деле жок. кудай буйруса баламды өрт өчүргүчтөрдүн окуусуна окутпасамбы.

Бермет: ошентсен ошентчи ай, анан аларды окуткан окуу жай барбы я?

Кыял: Чын эле сурайлычы.

Ырыс: Мейли, саламатта болгула мен уйго кирип, тигиге ысык бирдеме берейин. Кыздарым чоңоюп калды, эми ичкенин таштаса жакшы болот эле.

БООР БИЛЕТ, ЖҮРӨК СЕЗЕТ

1-көшөгө 1-сүрөт

(Көшөгө ачылганда столдун бир четинде жашы элүүгө жакындап калганы менен келбеттүү, жүзү сүрдүү, өзүнүн жашына караганда жаш көрүнгөн аскер адамы Арсен Барманович үй кийими менен, тизилген шахматтын фигураларынын улам бирин алып, кайра коюп отурат. Босого тарабында 22-25тердеги костюм-шым кийген, галстук тагынган, бет алдына ишеничтүү караган, жүзүнөн тынчсызданганы билинип турса да, маңдайындагы улуу адамды үмүттүү тиктеген жигит. Бул экөө буга чейин эле сүйлөшүп отурушкандай.)

Арсен Б.: - Мм, ушундай де. Селхозду бүтүрүп жатсаң кайсыл жактан иштемей болдуң?

Самат. – Ошко жолдомо алдым.

Арсен Б.: - А Бишкектен иш караштырбадыңбы?

Самат. – Жок, иш маселеси чечилген. Диплом колго тийсе эле, Ошко кетем.

Арсен. – Ата-энең Оштун өзүндө турабы?

Самат. – Кара-Кулжанын Алайкуусунда.

Арсен. – Ыя, жердин түбүндөбү? Ал жакта эмне иш кылышат?

Самат. – Мугалим болуп иштешет. Атамдын каза болгонуна 8 жыл болду.

Арсен. – 8 жыл? Канча бир тууганың бар?

Самат. – Менин бир тууганым жок.

Арсен. – Жалгызсыңбы? *(Улутунуп)* Индира экөөң окшош турбайсыңбы.

Самат. – *(Башын ийкейт)*

Арсен. – *(Үнүн көтөрүп)* Атаңдын тууганы деле жок турбайбы? Эгер Индира менен турмуш курууну кааласаң, анда Бишкекте болушуңар керек. Кызмат жагын жагын өзүмө кой. Апаңды алдырып аласың.

Самат. – Менин кыялымда Ошто иштегим келчү. Бардыгы жакшы болуп келе жатат. Университетте кал деп мугалимдер айтканда, алардан суранып жатып Ошко жолдомо алып алдым эле.

Арсен. – А сен Индиранын биздин көзгө басар жалгыз кызыбыз экенин билесиң да.

Самат. – Билем, сүйлөшкөнбүз.

Арсен. – Ошондо атаң жок болсо, тууганың жок болсо, ал жакка баруунун зарылдыгы канча?

Самат. – Кечиресиз. Менин атам жок, тууганым жок, бирок, элим бар. Мен ошол элиме кызмат кылгым келет.

Арсен. – А биз эмне элге эмес, өз үйүбүзгө кызмат кылабызбы? *(Кызууланып)* Индираны министр досумдун баласына берем. Кете берсең болот.

Самат. – Арсен Барманович!

Арсен. – Мен бир сүйлөгөн кишимин. Эшик тигил жакта, Индиранын тынчын алба. *(Ордунан ачууланып туруп, терезе жакка басат. Самат да туруп жанына бара жатканда)* Адамга бир айткан жетиш керек. Эгер жетпесе ал... Түшүндүңбү?

Самат. – Түшүндүм, бирок сиз менен Индира экөөбүздүн тоюбузда жолугушам, – деп үмүт кылам. Саламатта калыңыз. *(Тез басып чыгып кетет)*

Майрам. – Арсен, жүргүлө тамак даяр болду. Апей, эмне кетип калдыбы? *(Артынан келе жаткан Индира)*

Индира, – Паап, эмне болду? *(Эшикке чуркап)* Самат! Самат!

Арсен. – Индира, токто, болду кызым, иш бүттү!

2- көшөгө

(Сабактан чыгып үйүнө келе жаткан Канатка апасы чалып калды)

Майрам. – Уулум, үйгө качан келесиң?

Канат. – Баратам, апа, үйдөсүзбү?

Майрам. – Ооба, балам, өтүп кете элек болсоң, гүл сатkан базарга кайрылып, бир жакшы букет ала келчи. Роза аяш апаңдын туулган күнү эле, басып барып куттуктап коёюн. Акчаң барбы?

Канат. – Бар, апа. Эжем салган акча, ошол бойдон эле жүрөт. Роза апам үчүн болсо кайрылам. Өзүнчө эле комик го. Мага жагат.

Майрам. – *(Күлүп)* Бала кезимден бери единственный досум. Көп достордон өзгөчө, тезирээк кел, балам.

Канат. – Жарайт, апа, тез эле барам. *(Столдо азыраак гүлдөрүн коюп койгон улгайган аял "Супер инфону" окуп отурат. Канат гүл алуу үчүн артын көздөй кетип баратып, гүлдөрдү көрүп калат)* Эже, саламатсызбы? Бул гүлдөрүңүз сатылабы?

Сайкал. – Ооба, балам, сатылат. Көңүлүмө туура келген адамга белек да кылып коём. *(Ордунан туруп)* Шаарда жашайсыңбы?

Канат. – Ооба, 19 жылдан бери шаарда жашайм, орус мектепти бүткөм. Искусство институтунун 1-курсунун

студентимин. Апам юр. академияга тапшыр деген, апамды канча жакшы көрсөм дагы, бул жолу тилин алган жокмун, акыры макул болду. А эжекем аябай сүйүндү.

Сайкал. – Ой азамат десе. Мен сенин кебиңе ишенер-ишенбешимди да билбей калдым, нак кып-кыргызча сүйлөйт экенсиң го.

Канат. – Сиздин көңүлүңүзгө туура келип каламбы деп, өмүр баянымды да айтып ийдим окшойт. *(Күлүшөт)* Атам аябай катуу кармоочу. Тилди үйрөн, бирок, кыргыз тилин бузбай сүйлө дечү.

Сайкал. – Сага чындап эле гүл керекпи?

Канат. – Тамашалаган жокмун эже. Мен аяш апамдын туулган күнүнө гүл алайын деп бараткам, бул жерден мурда көрбөгөм. А сиз өзүңүз чындап эле сатасызбы? Букет канча болот? *(Шаша басып Алтынай келет)*

Алтынай. – Саламатсызбы, Сайкал эже. *(Учурашышат)*

Сайкал. – Келдиңби, кызым, сени эле күтүп жаткам. Бул бала келип калып. *(Экөө бирин-бири карашат, көздөрү чагылыша түшөт. Бир көз караштын жүрөктөрүнө жылуулук, жүздөрүнө жылмаюусу пайда болот. Алтынай гүлдөр жакка басат.)*

Канат. – *(Оозунан сөзү түшүп, кыздан көзүн албай, өзүнчө)* Бул ким эле? Эң жакын адамымдай сезилет, бирок ким экенин эстей албай жатам.

Сайкал. – *(Жигитке таң кала карап)* Ээ жигит, кайсы гүлдү аласың? Ой сага эмне болду? Тилиңди тиштеп алдыңбы?

Канат. – Жок, жок эч нерсе болгон жок. Кайсынысын берсеңиз ала берем. *(Кызды уурдана карап)* татынакай экен. Өтө эле муңайым көрүнөт.

Сайкал. – Алсаң ал, болбосо кетейин. *(Кызга)* Сенин гүлүң бул жакта.

Канат. – 1 эле букетпи? Эмеле экөө эмес беле?

Сайкал. Эмне экөөнү тең аласыңбы? Экөө окшош эле.

Канат. – Ооба, эже, бере бериңиз. Канча болот? *(Акча сунат. Аял санап, калганын кайра берет)* Ошол эле жетеби?

Алтынай. – Эже, гүлдөрүн кымбат сатпайт.

Канат. – *(Кыздын алган гүлүн үстүнөн карайт. Гүл көрүнбөгөн пакетте эле, өзүнчө)* Эки эле тал окшойт. Колундагы гүлдүн бирин Алтынайга сунуп оңтойсузданып) Алып коюңуз, тааныштыбыз үчүн.

Алтынай. – *(Жылдыздуу жылмайып)* Тим эле кой иним, тааныша деле элекпиз го. (Өзүнчө улутунуп) Менин да ушундай үкам болсо.

Сайкал. – Алтынай, жүрү кызым кетели.

Канат. – *(Гүлүн сунган бойдон)* Алтынай, жакшы ат экен. (Сайкал Алтынайга "алып койчу" дегендей ишарат кылат. Канаттын кебетеси мусапырдай болуп, боору ачып кетет.)

Алтынай. – *(Канатка карап, колунун титиреген көрүп күлүп, гүлүн алат)* Ырахмат!

Канат. – Саламатта болуңуз *(Экөө басып кетишет. Өзүнө-өзү жини келип, башын колу менен сайып)* Жинди болуп калгам го. Дагы жакшы гүлүмдү алып койду. Кайдан көрдүм эле? Бир көргөн кишини эч унутчу эмес элем. Жанында эле жүргөндөй болуп жатам. *(Телефон кайра-кайра чалынат)* Ой, укпай калган турбайымбы. Алло!

Майрам. – Канат, эмне болду кагылайын, каяктасың, тынчсыңбы?

Канат. – Тынч эле. Баратам, апа, баратам. Гүлдү алдым.

Майрам. – Оох, албасаң деле кой, өзүң эле келчи, айланайын. *(Канат чуркап чыгат)*

3- көшөгө

(Чакан бөлмө төрдө шырдак салынган, жер төшөктөр жайылуу. Китеп текчеси үстүндө телевизор, чай иче турган кичирээк стол. Индира китеп окуп отурган. Эшик ачылат)

Индира. – *(Чоочуп)* Мамам? Мама, чын эле сизби?

Майрам. – Кызым, Индюшам *(Кучакташат. Артынан Роза кирет. Аябай чарчаган, күшүлдөп-бышылдап)*

Роза. – Оох, Индирочка, ооЙ менин алтышкам. Ой-ой, "Ош, Ош" деп жүрүп, Ошту да көрдүк, ушунча да ысык болобу? Кантип жашап жатасыңар я? *(Желпинип)* Ай сага эмне болду? *(Майрам жыйылган жүккө отуруп, ыйлап жаткан)*

Индира. – Мама, жаман болуп жатасыңбы, скорый чакырайынбы? *(Кучактап)* Суу алып келейинчи.

Майрам. – Жакшы элемин.

Роза. – Ошондой дечи айланайын. Коркуп да кеткенимчи. ий ваннаң бар да ээ?

Индира. – *(Колуна пиялага суу көтөрүп келе жатып)* Ооба, жылуу суу деле бар.

Роза. – Ийй балакетиңди алайын, бир чайканып алайынчы. Бишкекке жеткиче өлүп калбайын. *(Индира ээрчитип чыгып кетип, кайра кирет. Ал киргенче Майрам шырдакты кармалап жактырбай ачык турган жерди карап)*

Майрам. – Каяктагы балакетти салып койгон. Бул жагына сала турган эч нерсеси жокпу, бутуңа сыз өтпөйбү?

Индира. – Мам, кандай, эс алып калдыңызбы? *(Кучактап жыттап)*

Майрам. – Кызың каякта?

Индира. – Алтынайбы? Апам алып кеткен. Басайын деп калды. "30 жыл иштедим. Эми силер иштегиле, мен кызы-

ңарды багып берем" – деди. Ишке чыкканыма 1 ай болду. Төшөк салып берейин, бир аз жатасызбы? Мен чай коёюн.

Майрам. – Мен жерге жата алчу белем. Чайыңдын кереги жок. Папаңдын бир курсташы генерал болуптур. Ошонукуна келгенбиз. Оох, кой кызым, тезирээк камын, кетели.

Индира. – Ии азыр чай коё коёюн *(Телевизордогу телефонду бурай калат)*

Майрам. – Ай, кереги жок деп жатпаймбы.

Индира. – Самат, Бишкектен апамдар келди. Шашылыш экен, үйдө эт-аш да жок. Эмне кылабыз?

Самат. – Апамдар? Эми эмне кылабыз, айтышкан жок беле? Сен чайыңды берип тур. Мен майда-чүйдө берип жиберем. Обедге барам, ага чейин бошой албаймго.

Индира. – Мейли, мейли тезирээк берип жибер. *(Чай койгону чыгат. Нан, конфет, печенье көтөрүп кирет)* Мам, азыр чай кайнайт. *(Жанына келип, төшөктү ала албай кармалап туруп калат)*

Майрам. – Чайыңдын кереги жок дебедимби, кетебиз. Кийим-кечеңди ал. Келгениңе 2 жыл болду, 2 метр жерге салар килемиң жок. Самат деп баарыбызды кечтиң. Жалгыз кызыбыз деп кандай бактык эле. Кийимиң болсо бул. *(Ыйлайт)*

Индира. – Маам, баары жакшы болот. *(Жүзүнөн арчып)* мына бул квартираны без очередь бериштиби. 200дөй киши очередде экен. Саматты баары жакшы көрүшөт. Шырдакты апасы жасаптыр. Уюнун бирин сатып берем, холодильник алып алгыла деп жатат.

Майрам. – Оо, *(Тура калып, кайра отурат, башын кармап)* холодильнигиң да жокпу, ушу ысыкта кантип жашап жүрөсүң? Биз айтканга тийсең, азыр кандай гана жыргап жүрмөксүң. Болду тезирээк кийин, ай Роза, бол чык.

Индира. – Мама, кызым айылда да, Самат экөөбүз отпускада барабыз.

Майрам. Кызыңын жогу жакшы, жолуңа жолтоо болбойт. Папаңды уят кылдың. Саматыңды көрөйүн деген көзүбүз жок.

Индира. – Биз бактылуубуз. Кете албайм, мама, сиз мени аябайсызбы? *(Кучактайын десе, колун силкип, айнекти көздөй басат. Эшик тыкылдайт. Индира чыгат)*

Жигит. – Аке берди, өзүм чалып сүйлөшөм деди. Ысык бойдон.

Индира. – Маам, келиңиз. Самат ысык манты берип жибериптир, өзү да келип калат. *(Чайнек, мөмө салынган идиштерди көтөрүп кирет)*

Майрам. – *(Терезеден)* Арсен, өзүң эле кирчи, мага болбой жатат. Ал ваннада.

Индира. – Арсен? Мама, ал ким?

Майрам. – Арсен – папаң.

Индира. – Папам! Чынбы? *(Жүгүрүп терезеге келип, Майрамдын бетинен өөп)* Папам менин үйүмө келдиби? Оо кудай, кандай бакыт. *(Кухняга кирип, манты салып чыгып, столго коёт. Чачы-башын оңдомуш болот. Арсен зыңкыйган сымбаттуу, жүзүндө жылмаюусу жок кирет)*

Индира. – Паапа! *(Чуркап барып, кучактап көкүрөгүнө башын коёт)*

Арсен. – Кызым, *(Ийинин кармап, маңдайынан өөп, кучактайт, ыйлап жиберет)*

Жаздап, өзүн колго ала, көзүн акырын аарчыйт.

Индира. *(Төшөк салып)* Пап, келиңиз, төргө отуруңуз.

Арсен. Жок, кызым. Мен эшигиңди аттабайм деп өзүмө өзүм сөз бердим эле. Балам экенсиң үйүңө кирип отурам. Андан көрө тез камын кетели.

Майрам. Бол, кызым кийин.

Арсен. Кийимиңди өзүм алып берем. Жашыңды кургат.

Индира. *(Жуунуп чыгып)* Саматка айтып коёюн.

Арсен. Сени алып кеткенде Самат бизге айтып койду беле. Индира Гандидей эл башкаруучу болот деп атыңды койгом. Арсен биздин айтканды укпай *(Телефон шыңгырайт. Арсен терезе жакка өтөт. Индирага бербей трубканы Майрам алат)*

Майрам. Алло, Индира сыртка чыгып кетти, мен апасы болом.

Самат. *(Мококтонуп)* А жакшы келдиңиздерби? Мен Самат болом.

Майрам. Жакшы, жакшы.

Самат. Апа, мен бул жакка аш бастырып жаттым эле. Индирадан үйгө алып барайынбы, же паркка дасторкон даярдайынбы? – деп сурайын дегем. Сиздерге ыңгайлуусун. *(Роза чыгып, чачын силкип, түйөт, столдун жанында төшөккө отуруп, сумкасынан күзгүзүсүн алып бетин карайт)*

Майрам. Аа! Бизге жөн эле койгонуң ыңгайлуу.

Самат. Андай болбойт го. Паркта салкын жерде чайхана бар.

Майрам. Кайсыл жерде? Анда ошонуң эле дурус окшойт.

Самат. Токтогул паркында, өзүм барып алып келем.

Майрам. Жок, жок убара болбо, биз машина мененбиз. Арсен өзү айдап барат. Бара беребиз.

Самат. Анда даярдата берейин. Индира келдиби, берип коёсузбу? *(Индира колун сунат. Майрам колун силкип)* Жок, келе элек, өзүм эле айтып коём. Тезирээк болсун, биз шашылышпыз. *(Коёт)*

Индира. Маам!

Майрам. Бол кийин.

Роза. Ай, манты укмуш экен, жеп алсаң боло, тойдогудан да мыкты болуптур. Келбейсиңби?

Индира. Чай ичиниз *(Роза пиаланы алат)* Мая жеп алсаң.

Арсен. Биз жеп алганбыз *(Роза чочуп)*

Роза. Апей, Арсен, силер да бар белеңер, жеп бүтүп койдуңар беле.

Майрам. Самат паркка аш бастырып койдум дейт. Жүр ошол жактан чай ичели.

Роза. Аа, күйөө балабы? Оомийин, бактылуу болгула. Анда сонун го. Салкында жыргап отуралы. *(Сумкасын алып чыга жөнөйт. Майрамга)* Мен машинада отура берейин. *(Чыгат)*

Майрам. *(Стол четинде мелтиреп отурган Индирага)* Ай, бол, кызым, папаң күтүп калды. Саматың Токтогул паркына келгиле, – деди го. Эртерээк баралы.

Индира. Мен Саматка чалайынчы.

Майрам. Чалып эмне кыласың. Өзүң деле уктуң го. *(Телефон шыңгырайт)* Индира тез илип алат.

Самат. Индира, манты жакшы бекен? Махмуд акенин чайханасына алып келе бер. Мантыны да ошол жерден алдым. Даярдатып койдум. Канча киши экен?

Индира. Үчөө. Самат *(Телефон өчүп калат)*

Майрам. Ана, бол, батыраак *(Индира ичке кирет)*

Арсен. Документтерин ал. *(Телевизордун алдындагы суурманы карап, Майрам Саматтыкын таштап, Индиранын документтерин, сүрөт альбомун алып пакетине салат).* Роза экөөң Бакыттын машинасына түшкүлө. Индираны өзүм алып кетем.

Майрам. Кызым, биз сыртта болобуз *(чыгат).*

(Индира башка кийим кийип, сумка кармап кирет)

Индира. Папа, Саматка мени алып кетебиз дебеңизчи. Өткөндө Министерстводон текшерүү келгенде, министрликке иштейсиң, – дешкен экен. Начальниги 2 жыл иштеп турсун деп алып калган. Буйруса 2 жылдан кийин көчүп барабыз.

Арсен. Ошондой де, 2 жылга чейин ким бар, ким жок. Жүр тезирээк.

Индира. *(Алдында баратып, кайра кайрылат)* Папа, менин боюмда бар.

Арсен. *(Кубанычтуу сүйлөйт)* Анда абдан сонун, 1 жылга жетпеген убакыт биз менен болосуң. Балаңды бизге бересиң да, жашооңду улантасың. Бол эми. Менин башканын баласын бакпаганымды билесиң да. Сенин балаң менин балам болот.

Индира. Ачкычты берип коёюн, Айгерим! *(Тестиер кыз чуркап келет)* Азамат акеңдин өзүнө бер. *(Бетинен өбөт, агып келаткан жашын сүртөт. Ачкыч менен кошо кагазды карматат)*

Көшөгө

(Көшөгөнүн сыртында Самат көйнөкчөн, галстук тагынган, тынчсыздангандай нары-бери басып турат)

Самат. Эмне болушту?! Үйдөгү телефон иштеп эле жатат. Эч ким албайт. Үйдөн чыгып кетишкен. Анан кайда жүрүшөт болушту экен. Деги тынч эле болушса болду.

Ашпозчу. Самат ака, аш демделгенине 1 саат болду. Келишеби деги.

Самат. Келиш керек эле кечигип жатышат го.

Ашпозчу. Анда, буларга бере берейин да, кайра баса коёюн.

Самат. *(Көшөгөгө кирип кайра чыгат)* 2 саат болуп баратат. Буларга бир нерсе болгон го. Ашыңды бере берчи. Мен үй жактан кабар алайын. Керек болсо чалам да.

Ашпозчу. Майли, ака, бир демде даяр кыла коёбуз. Камтама болбоңуз. *(чыгып кетет)*

(Самат сахнанын экинчи жагынан чыгат. Эшиктин алдында ойноп жаткан кичине балдардан сурайт)

Самат. Эй, бала, үчүнчү кабатта жашаган эжеңди көрдүңбү? *(бала ийнин кысат, жаныңдагысы)*

Бала. Мен оноякта жашайм да.

(Эмне кыларын билбей нары-бери басат. Нары жактан Айгерим келет)

Айгерим. Самат аке, үйдүн ачкычы менде.

Самат. Ачкычпы? А Индира кайда?

Айгерим. Билбейм, бир чоң киши менен машинага түшүп кетти. *(Ачкыч менен катты чөнтөгүнөн алып берет. Азамат катты таң кала кармайт.)* Индира эже өзүңүзгө бер деди. Анан ыйлап кетти го.

Самат. Ыйлап кетти? *(Катты окуйт да: "Мени Бишкекке алып кетти. Тел. №... ", – шашып чыгат.)*

(Көшөгө ачылат. Самат тез-тез басып келип телефонду терет. Эч ким албайт, саатты карап)

Самат. 3 саат эми болду, демек жолдо *(кайра терет)*

– Алло, Султан Жумадилович, Бишкекке тез барыш керек болуп калды, зарыл иштер чыгып жатат.

Султан. Дүйшөмбү күнү жиберейин деп жатпадым беле. Анча эмне болду?

Самат. Шарт ошондой болуп калды. Сөзсүз барышым керек. Машинеңди бересиңби? Болбосо таксиге чыгам.

Султан. Эмне болуп кетти? Өзүңдү токтотуп укчу.

Самат. Угуп жатам, досум.

Султан. Мейли берейин. Бирок, ишке келип керектүү документтериңди алып, иштин чоо-жайын билип, өзүңдүн ишиңди түшүндүрүп, анан кет.

Самат. Жакшы болот, азыр эле барам.

(Көшөгө жабылат. Машинанын үнү угулат. Бир аздан кийин кыйч-кыйч этип, карс деген үндөр, адамдын онтогону, ызы-чуу, жол кырсыгы болгондой билинет, музыка муңдуу угулат.)

Көшөгө ачылат.

Гүл коюлган стол, улгайган аял "Супер инфонун" кийинки кезектеги санын окуп отурат. Сумкасын асынып шашып келаткан Канат тык токтой калат. Өзүнчө.

Канат. Оо, кудай жалгагыр, бүгүн чыгыптыр. *(Кудуңдап сүйүнүп аялга жакындайт)* Саламатсызбы, эже, гулдөрүңүз сатылабы?

Сайкал. *(Очкисин сумкасына салып)* Саламатчылык жигит. Сатылат, сатылат, көңүлгө туура келген адамга белекке да берип коём. *(күлүшөт)*

Канат. Эмне көрүнбөй кеттиңиз? Күнүгө өтөм, чыкпайсызго.

Сайкал. Эмне аяш апаңдын күнүгө эле туулган күнү болуп жатабы?

Канат. *(Уялыңкы)* Жоок, үйүмө ушул жол менен өтөм да. *(Гүлдөрдүн жанына келип)* сизде жалаң эле лилияларбы? Же башкасы өтүп кеттиби?

Сайкал. Үйүмдө гүлдөрдүн түрү бар. Бул гүлдү Алтынай жакшы көрөт. Ошого... *(Канат сөзүн оозунан жулуп)*

Канат. Алтынай сиздин кызыңызбы?

Сайкал. *(Алдыртан карап)* Жок, Алтынай экөөбүз ошол гул аркылуу таанышып калганбыз. Шашкан жоксуңбу? *(Канат башын чайкайт)* Ал ким экенин билгиң келеби?

Канат. *(Жанына жетип келип)* албетте, айтып бересизби?

Сайкал. *(Сынай карап, мыйыгынан жылмаят)* Алтынай Нацта геофакта окуйт, 2-курста.

Канат. 2- курста?

Сайкал. Ооба, 2- курсту бүтөт быйыл. Мен алардын китепканасында иштейм. Үйдөгү гүлдөрүмөн вазага салып коюп койчумун. Алтынай лилия гүлүнө суктана бергенинен ала барып берсем, аябай сүйүнүп калды. Менин бир кыз бир уулум бар, экөө тең чет жакта окушат. Кээде бош болгондо үйгө алып барып жүрүп, экөөбүз эне-баладай болуп кеттик. Алтынайга ала келем да, ал келгиче сатылганын сатып, сатылбаганын бирөөгө белек кылып коём.

Канат. Ошондо Алтынай азыр келеби?

Сайкал. Ооба, келип калыш керек *(Канат өзүнчө кудуңдайт, чөнтөк телефону шыңгырайт)*

Канат. Оу, апа, баратам.

Майрам. Я айланайын, эмне ташбака болуп калдыңбы?

Канат. Баратам деп жатпайымбы, парктын жанындамын.

Майрам. Паркка эми келдиңби? Кой анда мен чыга берейин. Тиги тайкеңер чакыртыптыр, ошого кеткени жатам.

(Нары жактан Алтынай көрүнөт)

Канат. Аа, эмне гүл ала барайынбы?

Майрам. Гүл? Ой гүлдү нарындыктар эмне кылышсын. Үйдүн ачкычын ордуна коюп коём, тез келип, эки-жакты карап, эшик-терезелерди жаап, светтерди өчүрүп жат.

Канат. Ооба, ооба.

Майрам. Досторуңа барбайсың. Аларды алып келбегин.

(Канат Алтынай жакты карайт. Сайкал менен Алтынай өздөрүнчө сүйлөшүп турушат. Алтынайдын күлкүсү угулат.)

Канат. Мейли, мейли.

Майрам. Мен эртең эле келем, эч жакка кетпей тур. Макулбу?

Канат. Ооба, апа, баратам. Мейли.

Майрам. Эй, жаныңда кыздар барбы?

Канат. Жок, каерден көрдүңүз?

Майрам. Күлүп жатпайбы? Ай балам эсиңде болсун Ош жактан болсо ушундайыңда токтот. Уктуңбу? Мен кеттим.

Канат. *(Соткасын чөнтөгүнө салып)* А Ош жактан болсо эмне болуптур. Апам кызык. Эми эмне кылсам? Ай, апам ай, чалбай турганда эженин жанында болсом жакшы болмок.

Канат. Саламатсыңбы, Алтынай? Окууларың кандай?

Алтынай. *(Күлүп)* Жакшы. Дагы бирөөнүн туулган күнүбү?

Канат. Жок, а гүлгө келген жокмун, жөн эле үйгө ушул жол менен барам. *(Эки кыз келип Сайкал эжеден гүл тандашат)*

Алтынай. Аа, жөн эле өтүп бараттың беле? Эже, кеттикпи?

Сайкал. Азыр кызым, кардарларды жөнөтүп коёюн.

Канат. Кетесиңерби? Номериңди берип койбойсуңбу? Сүйлөшүп ...

Алтынай. Ай, иничек, менден кичине кыздар менен эле сүйлөшүп турчу.

Канат. Иничек, а менин кичине экенимди кайдан билдиң?

Алтынай. Мен сенин атыңды билбейм. , жашыңды билем. сен менин атымды билесиң, жашымды билбейсиң. *(Күлүп)* Сен 19 дасың, мен 21 демин.

Канат. 21 де, бирок сен аябай эле жаш көрүнөт экенсиң.

Алтынай. Баары эле ошентип айтышат. Чоң апам адамдар учурашканда жүзүнөн нур төгүлүп турат. Капа болуп турсаң да бирөө менен сүйлөшкөндө ошол нурду сакташың керек, – деп көп айтат, балким ошондондур.

Канат. А мен чоң апамды көргөн эмесмин. Апам чоң апамдай эле.

Алтынай. *(Күлүп)* Ал эмне дегениң?

Канат. Мен төрөлгөндө апам 40 тарга чыгып калыптыр да. Апамдын подружкаларынын неберелери бар.

Сайкал. Сенден улуу бир туугандарың жокпу?

Канат. Бир эле эжем бар. А анын баласы жок. Жездем эрте эле өтүп кетиптир. Кийин турмушка чыкпаган. Менин атымды ошол эжем коюптур.

Алтынай. Ким деп?

Канат. Канат деп. Ии, менин атым Канат. Жакшы ат бекен?

Алтынай. Канат? Жакшы эле.

Канат. Эжемдин кайненеси балалуу болсоңор, Канат коёбуз дечү экен. Эжем: "Мен эми балалуу болбойм. Мен карыганда мага канат болот", – деп, атымды Канат коюптур. Атам: "Эженди канатысың, менин бутагымсың", – деп коюучу. *(Сайкал Алтынайга гүлүн берет)*

Сайкал. Менин гүлдөрүм да түгөндү. Кайталыбы?

Алтынай. Ооба, кетели.

Канат. Гүлүңүз калбадыбы? Мен узатып коёюн. Каерде жашайсың?

Алтынай. Рахмат, жөн эле кой. Апаңа "баратам" дегениңден бери жарым саат өттү, тез бар.

Канат. Аа, апам Нарынга кетти.

Алтынай. Нарындыксыңарбы?

Канат. Таятамдар.

Сайкал. Мейли, кызым, жакшы барып кел, чоң апаңа салам айт. *(Өбүшүп, коштошот)*

Канат. Алыс кетип жатасыңбы?

Алтынай. Энеме, Ошко барам. Атама куран окутабыз. Атам студент кезинде бир жылда бир барчу экен. А мен бир айда бир барам. 1 күн барам, эртеси келем. Менде аке-эже, ини-сиңди деген жок. Энем гана бар. Бул жерден Сайкал эжени эже кылып алдым. Атам менен апам лилия гүлдөрүн жакшы көрчү экен. Сайкал эженин үйүндө гүлдөрдүн түрү бар. Өзгөчө лилиялары. Бул гүлдөрдү атамдын сүрөтүнүн жанына коюп коём. *(Жадырап)* Сен берген гүлдөрдү да вазага салып койгом, кыздар аябай кооз экен дешти.

Канат. Менин гүлүмдү сактап койдуңбу?

Алтынай. Кыздарга иним берди дедим.

Канат. А эмнеге иним?

Алтынай. Билбейм, сени көргөндө ушундай үкөм болсо деп ойлоп койгом. Мына мен дагы келип калдым.

Канат. Номериңди бербедиң го.

Алтынай. Эже десең берем.

Канат. Жөн эле айта берчи эми.

Алтынай. Жөн эле адамдарга бере бербейм.

Канат. *(Кабагын бүркөп)* Ии Ошко кетем де? *(Алтынайды тиктеп алдын тосуп)* 2 эле жаш улуу экенсиң го.

Алтынай. 2 жаш деген 20дан ашык ай, 700гө жакын күн болот.

Канат. Болуптур эми эжекеси, айта берчи. Качан келесиң?

Алтынай. 0555 240 505. Мында барганда 4-5 күн жүрөм. Иштер көп.

Канат. Чын айтасыңбы?

Алтынай. Ишенбесең карганбайм.

Канат. Алтынай эже деп жазып койдум. А эмне үчүн 24, 25 эмес.

Алтынай. *(Алтынай колун булгалап узап баратып)* Бир кем дүйнө деген ошо да.

Канат. Оштук болсо, улуу болсо эмне болуптур? Апам кызык. Аа, жездем оштук дешчү эмес беле. Мен эркекмин да, Ошко кетип калмак белем. *(Телефон чыркырайт)* Аий апам, учтум *(жүгүрүп чыгып кетет)*

Көшөгө

(Канаттын атасынын үйүнүн сырты. Даректын түбүбүндө скамейка. Канат үйүнөн чыгып скамейкага отурат. Сотка чырылдайт. Кулагында наушник.)

Канат. Жок, үйдө элемин. Ооба, тойгуздум. Качан келесиз? Макул *(саатын карап)* 12 болуп калыптыр. *(чалат)* Алло, салам, үйүңдөсүңбү? Жолдомун? Эртең менен 7де учам дебедиң беле? Алайга? Чоң апаң Алайдабы? Айий. Тартпай калды окшойт. *(Наушникти чөнтөгүнө салат. Сотка чырылдайт. Карап көрөт да, өчүрүп салат)* Сүйлөшпөй эле койдум, чындаса булбулдун да үнү жакпай турат.

Ана сага, Оштон дагы эмес Алайдан турбайбы. Апам укса, чалкасынан кетет. *(Өзүнүн башын колу менен бурап)*. Мен чын эле жинди болуп калдым окшойт. Алтынай мага өзү эле чуркап келе жаткансып. Эжең болом деп жатпайбы.

Демек, жигити бар. Ой эмне болсо, ошо болсунчу. *(Соткасын кайра чукулай баштайт, кайра өчүрөт).* Эч нерсеге көңүлүм чаппай калды. Же чын эле сүйүп калдымбы? Түндө уктай да албай койдум. Апам дагы келбейт экен. Чуркап келсем окшойт. *(Энтигип-демиккен Роза көрүнөт)*

Роза. Ох, үйдө эле турбайсыңбы? Эмне албайсың? Апаң кайда? Бир жакка бара жатасыңбы?

Канат. Оо Роза апа, сонун келбединизби? Коё туруңузчу эми. Бирден жооп берейин. Келиңиз, отуруңуз.

Роза. Ох, кечээ кечке чалыптыр апаң, сөрүдө отура бериппиз. Кечинде мен чалсам, аныкы өчүк. Жанатан бери сага чалсам, же албайсың, анан өчүп калды.

Канат. Апам Нарынга жөн эле айылдап кетти. Ал кетеринде сизге чалгандыр да мени дайындайын деп.

Роза. *(Аарчынып башын ийкейт)* Ошондой эле болсун.

Канат. Мен өзүмчө эле жиним келип өчүрүп койгом. Бир аз чуркап келейин дегем. жүрүңүз үйгө чай ичебиз. Биздикине жатып кетиңизчи. Үйдөгүлөргө чалып коёсуз.

Роза. Аа балекетиңди алайын, коркуп жатасыңбы? Мен неберемди жиберейин анда.

Канат. Ой, коркпойм деле, сиз жакшы сүйлөйсүз го, комиксиз да.

Роза. Ай, комик деле боло албай калдым. Неберем мен жок уктабайт. Бетимди, кулагымды кармап уктайт, кээде качып кетким келет. Кайра бир аз көрбөсөм сагынып, өлүп кетем. Азыр да андан качып келем деп чарчап калдым. *(Күлөт)*

(Канат соткасын алып чалып баратып кайра өчүрөт)

Роза. Ой сен, кыз сүйүп калган жоксуңбу?

Канат. Жок, ким айтты?

Роза. Эч ким айткан жок. Өзүң эле бир жерге тура албай жатасың да.

Канат. Сүйүп калса ошентеби? *(Таң калып карап калат)*

Роза. Оой кичинекейим десе, чын эле чоңоюп калгансың го. Ал ким? Мен тааныймынбы?

Канат. Жок. *(жер тиктеп турат)*

Роза. Айтсаң эми. Окуйбу?

Канат. Ооба.

Роза. Ии, анда дурус экен. Түшүнүктүү болсо жакшы да. Деги каяктык?

Канат. Ана, башталды. Айтпай эле койбой.

Роза. Айта бер эми, эч кимге айтпайм.

Канат. Оштон, Алайдан.

Роза. Я, Оштон бекен? Жездең ошол жактан болчу да.

Канат. Эмне жаманбы?

Роза. Ой жаман эмес сонун жер да. Берекеси төгүлгөн. Мен бир эле жолу көргөм. Майрамдар туура эмес кылышты да. Байкуш Индираны.

Канат. Апамдар эмне кылышты эле?

Роза. Апей, тиги Майрам деп коём. Күйөөсү өлүп жаман болду да. Азыркы заманда эмне Туркия, Кытай, Кореяга деле кудалашып жатышпайбы. Баса, Канатчик берибас. Апаңа айтпай эле кой. Мага Индира эжеңин номерин жазып берчи. Бир иш бар эле.

Канат. Эмне күйөө таап жатасызбы? Ал баары бир тийбейт. Келе телефонуңузду жазып берейин.

Роза. Тийбегени тийбейт. Апаң, апей, эжең бир алтын кыз да. Майрам менен Арсендин бир кыялы жок. Баккан кишиники өтөт окшойт. Чындаса сени деле ошол энебиз бакты да. Билесинби?

Канат. Ооба мен 5-классымда өттү да. 90го барса да акылы тунук болчу.

Роза. Сен сүйлөсөң эле ошол киши эсиме түшөт. Очкисин чекесине коюп алып, дайыма колунда китеп болор эле.

Канат. Мына Роза апа, жазып койдум. Сүйлөшөсүзбү?

Роза. Рахмат, айланайын. *(телефонду алат)*

Канат. Сиз сүйлөшүп туруңуз, мен дасторкон даярдай коёюн, анан өзүм жеткирип коём. *(Наушникти берет)*

Роза. Алло, Индира, сенби? Кандай, кызым, жакшысыңбы? Угуп жатасыңбы? Оба, мен Роза апаңмын, жакшы-жакшы. Эми сен эч теке сурабай ук. *(Шыбыраган үн менен)* Индира Алтынайдын чоң апасын таптык окшойт. Телевизордон көрдүм. Жок тааныбайм да. Алайкуда мугалим болгон дебедиң беле. Ошобу дейм да. ЭлТРден көрсөттү окуучулары 20 жылдыкка чакырышты. Мен небере кызымды ээрчитип барам, шартыма карап, ал жакка 20 жылдан бери баралбай жүргөм, деди. Ыйлабай уксаң, кызым. Сен ЭлТР-дегилерден сураштырсаң.

Канат. Роза апа, сүйлөштүңүзбү?

Роза. Ооба, мага чал. Канаттан номерди алдым. Жакшы кал.

Канат. Эмне телевизорго тартылган жатасызбы. ЭлТР-дедиңизби?

Роза. Каяктагы ЭлТР, эртең чал эле, -дедим.

Канат. Ошенттиңизби? Анда менин мээм эле эмес, кулагыма да бирдеңке болгон го. *(Кулактарын чукулайт)*

Роза. Ай, бала, чайыңды берсең бербейсиңби.

Канат. Жүрүңүз, жүрүңүз. Сиз менен чай ичкен жыргал

Көшөгө

(Көшөгө ачылганда чакан бөлмө, жерде шырдак, туштуурдук тартылган, сандыкта жүк жыйылуу. Тамак иче турган жапыз стол. Столдун үстүндө нан. Таттуулар.

Жаркынай – 60тан ашып калган аял. Баскан-турганы тың, таза, үстүндө белдемчи-чермий кийген. Ак гүлдүү жоолукту чекесине кондуруп койгон. Пиалага каймак, тарелкага чөбөгө көтөрүп келип, столго коёт.)

Жаркынай. Балакетиңди алайыным. Ошко келдим дегенине 1 сааттай болуп калды. Кудай буйруса келип калат. 1 ай эмес эле, жыл айланып кеткендей болду. Окуусу го жакшы, турмушу бактылуу болсо экен.

(Сырттан кичинекей бала чуркап кирет)

Бала. Жаркынай эне, сиздикине бир эже келди.

Жаркынай. Алтынай эжең келдиби?

Бала. Жок, чооң эже.

Жаркынай. Ким келип калды? *(Сырттан өзү курактуу аял, кучагын жайып кирип келди)* Келгиле, оо кудай, Аруукесиңби? *(Кучакташып көпкө турушат)* Сен кайдан? Кайсы шамал айдап келди? (Төшөк салып) Кел отур, кандай анан?

Арууке. *(Сыртка чыгып, колун, көзүн жуун, ааарчынып, отурат.)* Кудайга шүгүр. Тобоо кылайын сени да көрүп отурам, курбум. 20 жыл көрүшпөдүк го. Андай деле өзгөрүлбөпсүң. Өзүңдү жакшы карайсың да. *(күлүп)* Биз айылдык кемпир болуп калдык. *(Жашын ааарчылай)*

Жаркынай. Мен чай коёюн.

Арууке. Коё турчу, бир аз сүйлөшөлү. Ачка деле эмесмин. Иштесең бир облуста билинет элен. Иштебесең кантип жашадың? Дайыңды билгенде эле жөнөдүм.

Жаркынай. *(Курбусунун колун кармай)* Курбум, мени атайлап издеп келгениңе рахмат. Дайымды айтпаганымды кечиргиле. Антпегенде кантмекмин. Баламдан ажал ажыратса, келинимден ата-энеси ажыратты. Колумдагы чычкандай кызымды дагы энеси жулуп кетеби, айылдагылардан кандай сөз угуп калат, – деп ушул жакта жашадым.

Өзүң билесиң, абышкам экөөбүз тең детдомдо өскөнбүз. Окууну бүткөнүбүздө мугалим жетишпейт, – деп Алайкууга жиберди. Элге ырахмат. Эч кимден жаман сөз укпадык. Абышкам ооруганда, көз жумганда айыл бүт тике турду.

Арууке. Өзүңөр да бир кудай момун, эч кимге зыяныңар жок бүлө элеңер да. Алайга кантип келип калдың?

Жаркынай. Баламдын начальниги, досу Султан, сөөгүн Ошко коёбуз, сизди, кызын өзүбүз карайбыз – деди. Чынында анда менде кайдагы акыл. Бир эле оюм, кызымды эч ким албаса экен- дедим. Бир күнү эле бир группалашым бата кылганы барып калды. Газетадан окудум, иштеген жердегилери көрсөттү, – деп. Атамы көргөндөй сүйүндүм. Кундуз мектепте директор экен. Өз көлөкөңдөн өзүң коркуп жүрбөй, жүр, эркин болосуң, – деди. Султанга айтсам туура көрдү. Кабар алы турушту *(үшкүрүнүп)*. Баламдын батирин кызыма каттатып, бирөөлөрдү киргизип коюшкан. Ушул үйдү беришип, кызыңа сүт керек деп, уюн эшигиме байлап койду. Иштейин десем ден соолугум жакшы эмес. Эч нерседен кем болгон жокпуз. , айылды, силерди унуткан жокмун. Султан бардыгын айтып турат. Өлгөндөргө куран окуп жүрөм, жакшылыгыңарга сүйүнөм.

Арууке. Мен сени эстесем эле ыйлап кирем да. Сүйнаалы эмнеге ыйлайсың, Жаркынай кызын жакшына кылып чоңойтуп жаткандыр, ал сен эмес, мыкты аял – деп урушуп койчу. Ошентсе кана деп отуруп калчумун. Көрсө, ал жанагы балага жолукчу экен да. Кечээ айтып жатпайбы. Алайда экениңди *(бет аарчысын алып, көзүн аарчыйт)*

Жаркынай. Кой эми, ыйлаба. Башында мен аябай ыйлап жүрдүм. Бара-бара быштым. Баардыгы эле оюңдагыдай боло бербейт тура. Ыйлаганда ден соолугуңду гана жоготот экенсиң. Кой мен чай коёюн, кызым да келип калат.

(Сыртка чыгып, кайра кирет)

Арууке. Ий, чын эле, кызың каякта эле?

Жаркынай. Бишкекте, атасы окуган окууда окуйт. Сизге жакын Ошко эле окуйм, – деди эле, мен болбодум. 1-ден; Мурда качырып жүрсөм, эми апасын, тагаларын издеп таап берейин, 2- ден; Атасынын баскан-турган жерин көргөзүп, эл-журт менен тааныштырайын. Бишкекке окутуп – деп ойлодум. Былтыр ооруп калып оюм орундалбай калды. Окууга өттүм деп сүйлөшкөндөн кийин 2 сааттан ашык ыйлаган экем, өзүмдү билбей жатып калыптырмын. Ошондон кийин ыйлабай турган болдум.

Арууке. Сарай жакта жүрсөм эле, абышка бол эле бол, Жаркынай сүйлөп жатат десе, мен энтеңдеп жолду көздөй чуркап жөнөсөм. Ой, үйдө, десе төркү бөлмөгө чуркадым. Акыркы эле сөзүңдү угуп, чала көрүп калбадымбы? Каякта экенин уктуңарбы десем. Мен билем, барасыңбы? – дейт. Барам дедим. Эртең менен жолго чыксам, айылдын баары эле сен жөнүнө кеп кылып, балдарды алкап жатышат.

Жаркынай. *(Ыйлап)* Сүйүнсөң да ыйлайт экенсиң. Мен өзүм, кызым каникулга чыкса барайын деп жүрсөм эле телевизордон эже кайдасыз? 20 жылдык жолугушууга чакырабыз – деп чыгып калды. Султан балам да көрүп калган экен. Ошко тез келиңиз дегенинен бардым. ЭлТРге чыгартты, ушул балдарым 10 – классты бүтүшту эле мен кеткенде.

Арууке. Барасыңбы анан?

Жаркынай. Барбай анан, кызым окуусунан жооп сурап келе жатат. Эртең кызым туура 21ге толот.

Арууке. Ий ооба, акыркы коңгуроо бүтөөр менен сен Ошко кетип, биз өзүбүзчө эле айда жууганбыз. *(Күлүшөт. Сырттан жаш балдар кыйкырышып киришет.)* Атын Алтынай кой деп калганбыз, сен Алтынай койдум деп бар-

гансың.

Балдар. Жаркынай эне, Алтынай эжем келди. Эжем келди. *(Экөө тура калышат. Жаркынай даярдап койгон балгамдагы суусун көтөрүп жөнөйт. Жаркылдап Алтынай кирет. Балдар сумка, пакет, торт, букет көтөрүшүп алышкан.)*

Алтынай. Энеке!

Жаркынай. *(Шашпай)* Кызым, эңкей. *(Сууну башына айлантып)* Бардык жаман нерселер суу менен кетсин. *(Сууну сыртка чачып, пиаланы жерге көмкөрүп, кызын кучактайт. Арууке курбусунун сабырдуулугуна суктана, улам көзүнүн жашын аарчып карап турат.)* алтын кызым менин, кыйналбай келдиңби? Карачы ким келди Алайкуудагы аяш энен учураш. *(Экөө кучакташып калат)*

Жаркынай. Ой азаматтар, эжесин тосуп келишкен тура.

1-Бала. Эне, 1-мен көрдүм.

2-Бала. Бирок 1-мен жеттим. *(Колундагыларын беришет. Кичинекейи мурдун шырт тартып)*

3-Бала. Тойтту баарыбыз жейбиз а? Эжем туулганда.

Жаркынай. *(Бетинен өөп)* ооба баарыбыз жейбиз, эжең чакырганда келесиңер.

2-бала. Гүлдү Ошко апарат а, Самат акеме.

Алтынай. Ий. Күчүгүм десе, бир укканын унутушпайт.

Кичин. кыз. биз байыбыз тоңойгондо Очко балабыз.

Арууке. Тилиңен кагылайын десе, кошунаңын балдарыбы?

(Алтынай пакеттин оозунан коржик алып чоң апасына берет, балдарга бирден карматат. Жаркынай четинен ооз тийип, Аруукеге сунат.)

Жаркынай. Экөө кошунаныкы. Атасы менен апасы мугалимдер. Иш күндөрү кечке мени менен. Бул экөө группа-

лашым дебедимби, ошонун неберелери. 3 үйдөн кийин турушат. Кызымы мектептен тосуп алышчу эле, шаарга кеткенде менден өтүп сагынышты. Чай кайнап калды отур, чогуу чай ичели. *(Ичке кирет)*

Алтынай. Көрдүңөрбү, биздикинде конок бар экен. Силер муну жеп короодо ойноп тургула. Мен анан чыгам.

Кич. кыз. Атамдай келгенде келебиз а.

Алтынай. Ооба. Ошентебиз. *(Чыгып кетишет. Алтынай башка бөлмөгө кирип, алып келген таттууларын тарелкага салып келип коёт, кийин которунганы чыгып кетет.)*

Жаркынай. Жараткан алланын мунусуна да шүгүр. Кызым зээндүү 1-курсту эң жакшы бүттү. Силер жөнүндө мен билгендин баарын билет. Чайдан ичсең. Айылдан келгенден кийин апасы жөнүндө айтсамбы, -дейм. Бирок анын дайынын билбесем. Келиним жакшы болчу, ушул ата-энесинин сөзүнөн чыгалбадыбы, бирок бир кабар албаганынан ичим муздап калды эле. Өткөндө Оштон кошунасынын кызы жолугуп, мага ачкычын, кат таштап, өзү ыйлап кеткен, – десе кайра боорум ачыйт.

Аруке. Женя, келиниң силерди издеп, 12-13 жаштагы баланы ээрчитип, 5-6 жыл мурда айылга келип кеткен.

Жаркынай. Алайкуугабы? *(Ордунан туруп, жакын отуруп Аруукени карап).*

Аруке. Ооба, ишемби күнү сабак бүтүп калган, Сүйүнаалы жок эле. Мектептин кароолчусу экөөбүз чыгып келатсак, алдыбыздан чыгып калды. Өңү жок экен. Экөөбүз тең ыйлап жибердик. Силерди жок десем, Саматтын мүрзөсүн көрсөтүп коёсузбу, – дейт. Ал Ошто десем, ыйлаган бойдон кетти. Алып келген дасторконун эртеси мугалимдерге бердим. Баламы кошуп бергем, жолдон жүрөгү ооруп кыйналыптыр. Ошто атасы күтүп туруптур, догдурга кет-

ти деп келди эле.

Жаркынай. Оо кудай сактай көр, сүйүп алган жарынан айрылганы аз келгенсип, сүймөнчүк кызынын сүйкүм элесин сагынып, куса болуп жүрөк оорулуу болгон тура. Жаш неме эрге тийип, бала төрөп алат, – деп өзүм жөнүндө ойлонуп, кудай алдында күнөөлүү болдумбу? Ээрчиткен баласы бекен?

Арууке. "Балаңбы?" – десем, иним деп койду.

Жаркынай. Ата-эненин айтканына көнбөй, жердин алысына, айылдык экенине карабай Саматка башын байлап келбеди беле. Мен куруюн. *(Эшик жакты карап, көзүн бет арчысы менен арчып)* Чайың муздап калды, ысык ичсең. Алтынай, кел кызым, чай ич.

Алтынай. Азыр, эне, суу алып келе коёюн. *(Сырттан)*

Балдар. Биз дагы сиз менен барабыз.

Арууке. Жаркынай, өзүңдү көрсөм экен деп көксөп жүрдүм эле, мына көрдүм. курбум, кудайга шүгүр, мен ойлогондон да жакшы экенсиң. Мен сага келем деп дегдеп алган жаным эч нерсени ойлонбоптурмун. Эртең үйгө барып калышым керек да, бүрсүгүнү 25-май.

Жаркынай. Ийи, ооба, туура айтасың, сен курбум, мага капа болбо, тамак ассам болот эле, бирок өзүң баарын түшүнүп турасың.

Арууке. Ошону айтып жатам да, мен жолго чыгайын.

Жаркынай. Жок, жөн отур, андан көрө сыртка чыгалы. Тиги балдар эжесинин туулган күнүнө торт жеш керек да, журу тапчанга чыгып, алардын көңүлүн көтөрөлү. Кичинекейлердин кубанычтуу жүзүн көрсөң, өзүңдүн 30 жыл мурдагы турмушуңа кайра барасың. *(Арууке башын ийкейт)* А кеткенди ойлонбой эле кой. Ошко чейин Кундуздун баласы жеткизет. Андан аркы жол маселеси Султандын мойнунда. Ана балдар келип калышты. *(Чыгышат)*

Көшөгө

(Жаркынай менен Алтынай чоң сумканы сүйрөп киришет).

Жаркынай. Өх, мынча эмне салышкан, айланайын. (Отургучка отуруп) Кызым, кичине суу алып келчи.

Алтынай. Азыр *(Суу алып берип).* Мына энеке. Кичинекейлердин жоктугу дароо эле билинип калды го. Алар азыр уктап, билбей калышты да, болбосо ызы-чуу болуп, сизге сумканы карматмак эмес. *(Күлөт)*

Жаркынай. Чын-чын. *(Күлүп)* Эртең менен жомоктогудай эле болот го. *(Алтынай берки бөлмөдөн кийим которуп чыгат)* Кызым, бол, дасторконуңду даярдай кой. Аяш атаң тез эле келип калат, Кундуздун үйү бул эле жерде эмеспи.

Алтынай. *(Нан салынган идишти көтөрүп келе жатып)* Аяш атам шашылышмын деп жатып эле, үйгө чейин жеткизип келди го. Эртең Ошту кыдыртам деп айтты эле, түшүнбөй калдым.

Жаркынай. Ырас эле, бирок жакшы болду. 4 күндөн бери чарчадым. Таң деле атайын деп калды.

Алтынай. Аябай сонун болду а. Сиз айылдагыларга караганда кыйла жаш көрүнөт экенсиз. *(Машинанын үнү угулат)* Ана, келип калды. *(Сыртка чыгат)* Келиңиз, кириңиз үйгө.

Султан. Аяш эне, кыйналган жоксузбу?

Жаркынай. Жок балам, сага чооң рахмат. Эмне дешимди да билбей турам. Өт балам, төргө өт.

Султан. Мен ушундай эле. *(Отургучка отуруп)* Алтынайка, убара болбо, кызым. Аяш энем менен сүйлөшө турган сөзүм бар эле.

(Алтынай чайнекти алып келип, энесинин жанына коюп, жылдыздуу жылмайып чыгып кетет)

Жаркынай. Эмне сөз, балам.

Султан. Аяш эне, эмнеден баштасам экен. *(Жаркынай бир нерсени күтүп, бирок эмне экенин биле албай, кызыктай абалда)*

Жаркынай. Деги тынччылыкпы?!

Султан. Тынччылык эле. Ии, сүйүнчү, апа.

Жаркынай. Болсун, айланайын. Тезирээк айтчы. Эмне Индирадан кабар алдыңбы? Каякта экен?

Султан. Ооба, Индира менен сүйлөштүм. Андан да жакшысы бар. *(Отура калып, Жаркынайдын колдорун кармалап)* Сиздин эркек небереңиз бар экен.

Жаркынай. Ыя! Индиранын эркек баласы бар бекен?

Султан. Ооба, *(Каргылдана)* Алтынайдын иниси бар, ал эми жалгыз эмес, аяш эне.

Жаркынай. Болсун, болсун, оозуңа май, айланайын. *(Бетинен өбөт)* Индира турмуша чыккан экен да.

Султан. Жок, аяш эне, ал кеткенде боюнда бар экен да. Мен барганда апасы күйөөгө тийип кетти дегенинде ишенген эмесмин. Кийинки барганымда көчүп кетишиптир. Көрсө, алар да сиз сыяктуу эле, Канаттын Индираныкы экени билинбесин деп, журт которуп ийишкен экен. *(Өңү бузулуп бараткан Жаркынайды ийинине кармай калды)* Аяш эне, аяш эне, өзүңүзгө келиңиз. (Акырын туруп суу ичирет)

Жаркынай. Өх жаным, ай. Алтынайга өзүң айт, уулум. Тооба, кылайын, Индира каякта экен?

Султан. Айтам, өзүм айтам. Ишим көп, бирок Саматтын үй бүлөсү үчүн, сиз үчүн иштеримди токтотуп турам. Бүгүн айыл-апаңызга чайыңызды берип, даяр болуп туруңуз. Буйруса эртең Бишкекте болобуз.

Жаркынай. Эртең элеби? *(Көзүн ааарчып)* Мен куруюн, кел чай ич.

Султан. Рахмат мен ичтим. Сиз өзүңүздү кармаңыз. Кайраттуу кишисиз да. *(Күлө карап, бетинен өөп сыртка жөнөйт)* Алтын кызым, жүр, мени узатып койчу. Сөздөр бар.

Алтынай. Эне, Сизге эмне болду, ыйладыңызбы?

Жаркынай. Менин ыйлабаган күнүм болду беле, кызым. *(Кучактап, жүзүнөн жыттап)* эми ыйлабайм, Алтыным. Бар, аяш атаңды узатып келегой. *(Чыгышат)* Оо, кудай, кулагымдын укканы чын болсо, анда кызымдын бактысы бар экен. Баласы бар дейт го. *(Башын кармап, акырын басып чыгып кетет.)*

(Көшөгөнүн четинде отургучта Султан отурат. Алтынай чыгат)

Султан. Алтынай, бери келчи кызым сүйлөшө турган сөз бар. Сенин атаң Самат абдан акылдуу, жаш болсо да элге иши, мүнөзү менен жаккан адам болчу. Апаң да улуу-ну урматтаган, назик, таза, тыкан келин эле.

Атаң кырсыктан каза болбогондо, эң сонун үй-бүлө болмоксуңар. Сенин ойлонбой эркин чоңоюшуң үчүн чоң энең ушул жерге көчүп келген. Аны билесиң да?

Алтынай. Ооба, энем айтып берген. Бирок мен апам . . .

Султан. Ошол жөнүндө айтайын деп жаткам. Сен эң негизгиси, апаңда күнөө жок экенин түшүнсөң болду. Эстүү кызсың го. Бул турмушта ойлонбогон нерселер болуп кетет экен. Сенин апаң турмушка чыкпаптыр, буйруса жакында жолугушабыз, ал гана эмес үкөң да бар экен.

Алтынай. Кандайча? Эмне үчүн ушул кезге чейин мен муну билбеймин? *(Сырттан кичинекей балдар киришет)*

1-бала. Жаркынай эне, келдиңиздерби?

2-кыз. Биз чиздейди чагындык. *(Жаркынай бетинен өөп)*

Султан. Жүр бактын ичине барып сүйлөшөлү. *(Чыгып кетишти)*

Жаркынай. Ооба биз келип калдык. Силер анан апаңар менен келгиле, макулбу? *(Колдоруна конфет карматып чыгарат. Өзүнчө.)* Байкуш Индирам, 20 жылдан бери жалгыз өзүн күнөөкөр сезип, өз канынан жаралган кызын бир көргөнгө зар болуп, ал аз келгенсип, маңдайында турган уулуна эне болуу бактысын сезбей, кандай гана күндү өткөрүп келди десең. Мен күнөөнүн баарын куда-кудагыйдан көрүп жүрө бериптирмин, көрсө менде жаткан турбайбы. Бир ооз эле Султан биз жөнүндө билдирип кой десем болмок да. Кой болору болду. Эми кызым кектебей түшүнсө экен. Кантип жолугар экенбиз? Мен барып апасынан сур асам, күйөөгө тийип кетти деп айтты, дебеди беле Султан. Ал да мага окшоп, кызы менен небересинин башкалардын билишин каалабаган экен да. *(Телефону шыңгырайт)*

Жаркынай. Алло, угуп жатам, ким экен бул?

Индира. *(Ыйлап)* Апаа-аа. . .

Жаркынай. Я, Индирасыңбы? Үнүңдөн кагылайын, кандайсың? *(Көзүн арчып)* ден соолуктарың жакшыбы?

Индира. Апа, мени кечириңиз. Бишкекке азыр түштүм. *(Өзүнчө)* Жүрөгү ооруп калбаса экен. *(Токтоо)*

Жаркынай. Балам, пешенеге жазылганы ошол экен, сабыркыл. Кудайга шүгүр. Эми деле кеч эмес. Издесең эртерээк болмок экен, гезит, телевизор деген дерден.

Индира. Апа, издейин десем сиздин фамилияңыз эмес, атыңызды да билбейт экем. Бардыгы эле ажеке дешчү эмес беле, курбуларыңыз. . . .

Жаркынай. Алар Женя дешчү да. *(Күлүп)* Чын эле абышкам болгондо билмексиңда. *(Күлүп)* Индира, кагы-

лайын, азыр Султан Алтынай менен сүйлөшуп жатат. 1-2 күндүн ичинде жолугабыз. Телефон менен эмес көзмө-көз сүйлөшөбүз. Ыйлабай өзүңдү кара. *(Сырттан Алтынайлар кирет)* Саламат бол, кабарлашабыз.

Алтынай. Энеке! *(Чуркап келип кучактап калат).*

Жаркынай. Алтын кызым менин. *(Чачын сылап, маңдайынан өбөт. Босогодо туруп калган Султанга)* Жогору өт, чай ичели.

Султан. Аяш эне чайды ичтим, мен кетейин. Шаар менен байланышып, билеттин камын көрөйүн. Баары жакшы бүтөт. Алтынай сүйлөшкөндөй болсун. *(Алтынай башын ийкейт)* Өзүм байланышам, саламатта калгыла. *(Алтынай Жаркынай экөө басып келишип узатышат)*

Алтынай. Энеке, *(Кучактап алып)* менин эми апам да, иним да болобу?

Жаркынай. Ооба, кызым, мен сени апа дедиртпей, эне деп айттырганымдын себеби. Бала өзү төрөп, эмчегин эмизген энесин "Апа" деп айтыш керек, анткени эненин сүтү ыйык болот. Эми сен менин да, апаңдын да кызысың. Апан Бишкекте экен. Биз кешик берип коюп камыналы. Султан аяш атаң келгиле десе, дароо жөнөйлү.

Алтынай. Тез элеби? *(өзүнчө)* Ийи Канатка 5-6 күндөн кийин деп койбодум беле. Эмнеге эле эсиме түшө берчү болду?

(Көшөгө жабылат. Сырттан "Келгиле, кандай барып келдиңиздер? Жолугушуу кандай өттү? Киргин үйгө" деген үндөр чыгып шаңдуу музыка ойнолот)

Көшөгө

(Көшөгө ачылат. Канаттын үйүнүн багы. Акырын басып Роза кирет.)

Роза. Эми эмне кылсам, айтсам эмне дейт десең. Кандай кабыл алат болду экен? Канат, Канатчик, үйүндө болсо экен.

Канат. Оу, Роза апа, келиңиз, үйгө кириңиз.

Роза. Апаң келдиби?

Канат. Жок, Роза апа, кеч келет, той болот экен. Кандайсыз? *(Достордой учурашып)*

Роза. *(өзүнчө)* Ошо жогу жакшы.

Жакшы, балам, сенде бир сөз бар эле. Отурсаң *(Жанына отурат)*. Канат, мурда сенин атаң мени жаман көрчү.

Канат. Коюңузчу, кантип эле?

Роза. Өзү көп сүйлөбөгөн киши болчу. Менин балдарым көп да. Көрүнбөй качып келсем деле, менден мурда жетип келишчү, конок келет дегенде, бүт барын даярдап койчубуз да, кеткенде шарт келип, жыйнап кирчүбүз. 1 күнү чакырганынан барып, чыгып келатсам, 2 кичине балдарым артымдан кошо келишиптир, бири жыгылып кетип, ыйлап калды. Апаң таттуу берсе да басылбайт. Жетелеп чыгып баратсам, бул досуң жалгыз жүрө албайбы, качан болсо лөлүдөй болуп 2-3 түн ээрчитип алат, – десе. Аябай капа болдум 20 күндөй барбай койдум.

Канат. Атам ошентип айттыбы? Антиши мүмкүн, жакпаса дароо эле көңүлүнө карабай эле сүйлөп салчу.

Роза. Майрам да чакырбай калды. Анан бир күнү сен келдиң, сизди атам чакырып жатат, – деп. Араң жүргөм, дароо эле жөнөдүм. Алдыбыздан апаң чыга калып, ыйлап жиберди. Эмне болду? – десем, Арсен ооруп калды 2 жумадай болду, өзү айтпай жүрүптүр, врач оорусу серьёзный, покой керек деди эле, бул тынбай эле басып жүрөт.

5-6 күндөн бери сени сурайт, зеригип атат окшойт. Бир аз отуруп турчу, – деди да өзү бир жакка кетти. Баратсам ушул отургуч бактын ичинде эле, бул жерге алып келип

коюптур. Үйгө кирейин десем, көчө жактан чакырып калды. Чыксам ушул жерде отуруптур. Өңү азып калыптыр. Учурашып барып жанына отурдум. Өтө зыңкыйган, сүрдүү киши эле, андай деле сүйлөшчү эмесмин, өзү сөз баштап калды.

Канат. Ий, Роза апа, мен плитканы өчүрбөпмүн. *(Сахна караңгыланып барып, кайра жарык болот. Скамейкада Арсен менен Роза. Розанын кийими 10 жыл мурдагыдай.)*

Арсен. Кандай, Роза, балдарың чоңоюп жүрүшөбү? Чалың көрүнбөйт, бир жакка кеткенби?

Роза. Кудайга шүгүр, жакшы эле. Каякка кетмек эле. Бутун оорутуп алып, үйдөн чыкпай жатат.

Арсен. А ошондой де, оору жаман экен го. Эч нерсе болбойт деп жүрө берип, 2 жумада алсырай түштүм. *(Күрсүнүп)* Роза, мен иш деп жүрө берип айланага, эл-журтка такыр эле көңүл бөлбөпмүн. Врачтар үйдө эс алыңыз десе, жерге батпайм. Бактын ичи, үйдү ичи, бассейн деле кооз, чоң болгону менен адам болбосо, кишини кайра зериктирет экен. Канат окууга кеткенде такыр отура албай калдым. Майрам казан-аягында жүрөт. Дос-тамырлар келип, бир аз отурушат да, жакшы эс алыңыз – деп кетип калышат. 3 күн араң чыдадым. Бул көчөгө чыксам, балдар толтура, 5-6 карыя чогулуп отурушат, нары-бери адамдар өтүп турушат экен. Ишенсең ушул жакка такыр эле чыкпапмын. Анан бакта турган отургучту бул жакка коюп алдым. Биздин үйдүн нары жагы - шаар, бул жагы – айыл турбайбы.

Роза. *(Таңгала)* Ооба, ооба бул жакта эл көп да.

Арсен. Чын эле, ал эмес жөө баспаганыма деле 20 жылддай болуп калыптыр! Жылда бир жолу отпуска башталары менен шашылыш айылга, же курортко жөнөчүбүз. Башка күндөрү эрте кетип, кеч келип дем алыш күнү, бош болсо бакта уктачумун, той-пой дегендей.

Роза. Ооба, ооба, иштеген киши ошентет да, биз болсо, кечке эле ушул арадабыз да.

Арсен. Эми, Роза, өткөн-кеткендерди коё туруп, өтө зарыл ишке өтөлү. Жакшылап көңүл буруп угуп тур. Мен сага гана ишенип, эч кимге айтпас сөздөрдү айтканы жатам. Менин да, Майрамдын да көп досторубуз бар эле, ошолордон сен биздин турмушубуз менен жакын таанышсың, негизгиси жөнөкөй адамсың.

Роза. *(Ыңгайсызданып)* Анчалык эмне болду? Болгону Майрам экөөбүз бала чактан дос болчубуз, анан каралашып жүрөбүз да.

Арсен. *(Жанында турган папкасын алып)* Роза, жакшылап тыңда, мен сага түшүнсөң аманат калтырган жатам.

Роза. *(Чочуп)* Аманат? Койгулагычы, каяктагыны айтпай.

Арсен. Жок, Роза, андай дебе. Мен бүгүн сага таштабасам, эртең кеч болуп калат. Бери кара. Чынында сени мен жактырчу эмесмин, балдарыңан да жүдөп кетчүмүн. Көрсө, бул менин кызматчы адамдар менен чогуу жүрүп, көпчүлүккө көңүл бурбаган эң туура эмес мүнөзүм экен. Майрам менен, Канат менен конкретно сүйлөштүм. Майрам ыйлагандан башка эч нерсе дей албады. А Канатты жаш деп жаңылышыпмын, чечкиндүүлүгү, акылынын тунуктугу мени таң калтырды. *(Жөтөлүп, каңырыгы түтөп, тынымга туруп калды)*

Роза. Ооба, ооба, борукердиги да укмуш, кудай өмүрүн берсин, садага болоюн десе, эмне суу алып чыгайынбы?

Арсен. Жок, кереги жок. Андан көрө жакшылап угуп тур. Мени бул оору кыйнаган жок, дабасы табылса айыгам, ажалым жетсе өлөм да.

Роза. Койгулачы, антпегиле да.

Арсен. Койбой эле. Мени кыйнаган нерсе ... мындан 20 жыл мурда жасаган жаңылыштыгым. *(Күрсүнүп)* Мен Саматты бир гана жолу көрдүм, бирок ал жөнүндө жакшы пикирлерди көп адамдан уктум. Кечээ Канат менен сүйлөшүп жатып, аны экинчи жолу көргөндөй болдум. Уулумдун атасына өзү окшошсо да, өмүрү окшобосун. *(Розанын оозу ачылып карап калганын көрүп, мыйыгынан жылмайып) (Роза чочуп кетет).* Кеп мындай. Бул жерде менин үйүмдүн документи, сенин үйүңдүн документи анан Канаттын документи бар.

Роза. Менин кайсы үйүмдүн?

Арсен. Мен эски чоң үйүмдү багы менен мамлекетке өткөрө турган болдум. Балдар үчүн мекеме болот. Ал эми тигил *(Колу менен жаңсап)* кичине үйдү сага берели дедик. Короо-жайы менен. *(Тура калган Розаны колунан тартып отургузуп)* Бул Канаттын каалоосу боюнча.

Роза. Апей, а силерчи?

Арсен. Майрам квартирада жашайт. Жаңы үй Канат менен Индирага калат. Каалашса чогуу бир үйдө ...

Роза. Жок, ай 2 балабыз бөлүнүп кетишти, ортончусуна там салып жатышат. Кичинекейибиз чоңойгуча дагы кудайдын айтканы болор. Кыздарыбыз да окуп жатышат. Азыр там салгыдай шартыбыз деле жок.

Арсен. Роза, сен бизди түшүнбөй калдың көрүнөт.

Роза. Түшүнгөндө деле, силер кичине деген үйүңөр биздин чоң үйүбүздөн да чоң болуп жатпайбы.

Арсен. *(Башын ийкегилейт)* Жашоо деген өзүнчө бир керемет тура. Жашымда мынча баланы кантип багышат деп ойлочумун. Бирок жардам берүүнү ойлоп деле койбоптурмун.

Роза. Жакшы эле жардам бердиңер. Майрамдын дасторконунун теңинин ээси биздин балдарыбыз эмес беле.

Ошондуктан, Майрам менен Канатты менден жакшы көрүшөт да.

Арсен. Майрамдын дасторкону өзүнүкү дечи. Жаратkан өзү ар бир адамдын ырыскысын кошо берет турбайбы. Чырылдаган балдарың керилген жигит болушту. Менин Индирам жалгыз. Кызынын да дареги жок, уулу дагы жалгыз болуп калды көрүнөт. *(Роза көзүн ааpчып, таңгала карайт)* Сенин балдарың чогуу өсүп калышпадыбы, эми көзүм жумулуп кетсе, Майрам экөөң балдарды бир тууган кылып, бири-бириңерге жөлөк болгула. Бул үй менден сенин кичинекейиңе белек болсун. (Роза жок дей албай башын ийкегилеп жашып кетет) Документинде кынтык жок. Үй-бүлөдөгүлөр кеңешкиле. Эртең киши келет, өткөзүп берем.

Роза. Эмне дешимди да билбей калдым. Эме, тиги...

Арсен. А бул Канаттын күбөлүгү, паспорту өзүндө. Муну да сүйлөшүп койдум. Аты-жөнү, дареги жазылган. Аманат дегеним ушул. Алакушту атынан чакыр, дешет ко. Кеч ойлонуп калдым. Сага ишенем. *(Тамагы буула түшөт)* Кызымдын бактысына балта чаап алыптырмын. Эми баласынан ажыратканым кечирилгис чоң күнөө экенин эртеээк сезбегениме, жанымды коёрго жер таппай жүрөм. Роза, сенден суранам, көзүмдүн тирүүсүндө Канаттын атасымын, узаарымда боз үйдүн сыртында Канатымдын "аталаган" үнүн угуп турайын. Андан кийин Бусурманов Канат Саматовичтин паспортун өзүң алып берип, Индиранын баласы экендигин түшүндүрүү сенин милдетиң. (Колдору калтырап оор күрсүнөт. Папканы колунан түшүрүп жибереринде, Роза кармап калат)

Роза. Арсен, сага эмне болду? Колуң муздап. Майрам, Канат!

Арсен. Түшүндүңбү?

(Канат чуркап кирет)

Канат. Атаа! *(Кучактап турган Розанын колун түртүп атасын кармап)* Жакшы элесизби? Тез жардам чакырайынбы?

Арсен. *(Өзүнө өзү ыраазы болгондой түр менен кубанычтуу)* Жок уулум, мен жакшымын, абдан жакшымын, чакырбай эле кой. Суу.

Роза. Майрам, суу. *(Папканы бекем кучагынан чыгарбай)* Бол эми!

Майрам. Баратам. *(Энтиге басып келип, суу ичирет)* үйгө киреличи, алдагы эмне?

Роза. *(Папканы кармалап)* Ии, жөн эле эме, тиги. . .

Арсен. Роза, ыраазымын. Үйгө киреличи. *(Экөөлөп жетелеп жөнөшөт)*

Роза. *(Калчылдап)* Ии мен азыр кайра келем, мейли.

Майрам. *(Майрам таңгала карайт, энкее берип)* Тез келчи.

Роза. Ооба. *(Башын ийкегилеп папканы бекем кармап чыгат. Ойлуу.)*

Көшөгө

(Көшөгө ачылганда Роза скамейкада жалгыз отурат. Шашылган Канат телефонун кармап өзүнчө)

Канат. Эжешка Алтынай. Эй өзү чалдыбы, же мен жөнөтүп ийдимби? *(Телефон шыңгырайт)* Ой, чын эле, ал чалып жатыптыр. *(Аркага жылып, кулагына тосот)* Алло, ооба мен Канат, келдиңби? А качан? Сөзсүз барам. Ак жол. *(Өчүп калган телефонду тыңшап)* оо эсс, Роза апа, күтүп калдыңызбы? *(Роза чочуп кетет)*

Роза. Ок, сен белең. Канатик, үй жакка баралычы, көпкө сүйлөшө турган сөз бар.

Канат. Өңүңүз жаман болуп кетти го. Бул жер жакпайбы, жүрүңүз анда. *(Чыгышат)*

Көшөгө

(Көшөгө ачылганда скамейкада Майрам менен Роза сүйлөшүп отурушат)

Роза. Болду эми досум, 20 жылдан бери ичиңден сызып, зыркырап жүрүп, жүрөк оорулуу да болдуң. Көп ыйлай бербей, өзүңдү-өзүң карма. Бул күн сенин өмүрүңдөгү эң кубанычтуу күнүң болуш керек. Байкуш кызым, көргөндө кандай болуп кетер экен я?! *(Бет аарчысын алып көзүнүн жашын аарчып бышылдап ыйлап жиберет. Майрам Розаны кучактап)*

Майрам. Роза, курбум, ыйлабачы, мен жаман болуп баратам.

Роза. *(Көзүн аарчып)* Эмне дейсиң? Апей ошондой болчу беле, кой антпе. Тур, тура гой. Келишээр маалы да болуп калды. *(Майрам ордунан туруп, нары-бери басат)* Ии ошентсең. Канатка эмне болду, чалайынчы? Алло!

Канат. *(Телефондон)* Роза апа, апам кандай, жакшы элеби?

Роза. Ай, сен каякта жүрөсүң деги. Апаң жакшынакай, качан келесиң? Бол-болбойсуңбу? Алар келип калышпадыбы? Угуп жатасыңбы?

Канат. Роза апа, угуп жатам. Азыр айтам.

Роза. Уксаң келбейсиңби?

Канат. Баралбай жатпайымбы?

Роза. Эмне? Сен келбейсиңби? Биз кантип барабыз?

Канат. Оой, мени да угуп коюңузчу. Мен эжем менен сүйлөштүм. Азыр сиздерди салып, тосуп чыгат.

Роза. Сенчи?

Канат. Менби, анан барам. Экзаменден чыгып эле жетип барам.

Майрам. Ой, эмне болдуңар деги?

Роза. Азыр. Канатик, мугалимиңден суранчы, бул экөө менен мен эмне болом? Сүйлөшчү, айланайын.

Канат. Сүйлөштүм, биринчи кирем, чыгып эле жөнөйм. Апамды жакшы караңыз. Чалып туруңуз.

Роза. Кудай сактай көр, мага эле кыйын болду го *(Машинанын үнү чыгат)*

Майрам. Индира келди окшойт.

Роза. Ооба, жүрү. Индира менен барат экенбиз. Канат ошол жактан келет экен. *(Өзүнчө)* Өзү болгондо жакшы болбойт беле, эми кантем десең?. *(Экөө жетелешип чыгып баратканда Индира кирет)* Индюшка, каерден тосо турган болдук?

Индира. Ушул жерден, Роза апа, ушул жерден.

Майрам. Качан келишет? Үй жакка барсак болбойт беле. *(Индиранын жүзүнөн тынчсызданганы сезилип турат акырын барып, скамейкага отуруп)* Роза апа, 1- сиздин үйүңүзгө киргизебиз деди го Канат. Балдарыңыз үйдө жок турбайбы?

Роза. Яа, үйдө эле болушчу. Аа кечээ Канат менен Кенже сүйлөшүп турушкан. Ошентип чечишкен го.

Майрам. А аларды Султан алып келеби?

Индира. Султандын зарыл иштери болуп калыптыр. Самолётко салып жибериптир. Аэропорттон таксиге отуруштуу. Ана, келип калышты окшойт. *(Туруп алдыга басат. Машинанын токтогону угулат)*

Роза. Чын эле келе жатышат. Канат качан келет десең?

Майрам. Ой мен, күнөөлүмүн, баарына мен күнөөлүмүн. *(Эптеп скамейкага жетип отуруп, бет ааарчы менен ааарчынат)*

Роза. *(Энтенделп)* Майрам, жүрбөйсүңбү? Ой Индюш, *(Жанына чуркап барып, колтугунан сүйөй калат. Жаркынай, Арууке, Алтынайлар киришет)*

Индира. Апаа! *(Кучагын жайып келе жаткан Жаркынайдын көкүрөгүнө жыгылат)*

Жаркынай. Индирам, кагылайыным десе, ыйлабачы. Жарыгым, ыйлаба. *(Өзүнүн көзүнүн жашын ааречып, Индиранын башынан көтөрүп, маңдайынан жыттайт)* Мынакей балам, кызыңды чоңойтуп ээрчитип келдим. Алтын, кызым, учураш апаң менен.

Индира. Алтынай! *(Арууке кызды жакындатат)*

Алтынай. *(Акырын)* Апа! *(Кучакташып калышат)*

(Музыка акырын ойнойт)

Жаркынай. *(Розаны карап)* Кудагый.

Роза. Аа, Майрам *(Скамейканын жыгачын мыкчый кармап, бир кызыктай болуп отурган Майрамды көздөй бурулат)*

Жаркынай. *(Майрамдын башынан жөлөйт)* Кудагый кейибеңиз. Экөөбүз турмуштун бир чоң сыноосунан өттүк. Минтип жашыбыз кыйлага барып калганда.

Майрам. Кудагый мени кечириңиз, кечиргиле мени. *(Ыйлайт)*

Жаркынай. Кудагый башыңызды көтөрүңүз, экөөбүз бышактап отурсак, балдар кантет? Баарыбыздын жүрөгүбүз ооруп жүргөн, буйруса, бүгүндөн баштап ооруган жүрөктөр айыкканы турат. Аруу, бери келгиле.

Арууке. Алтынайка, жүрөгой кызым, тайнен менен учурашалы.

Көшөгө жабылат.

(Көшөгөнүн баш жагынан. Гүл букеттерин көтөрүп Сайкал чыгат)

Сайкал. Алтынайга эмне болду? Келдик дебеди беле? Каерге барарын айтам, – деди эле. Албай жатат го.

(Шашып келе жаткан Канат Сайкалды көрө коюп)

Канат. Эже, эжеке, саламатсызбы?

Сайкал. Оой, жигит, сен кайдан?

Канат. Жолукканыңыз сонун болбодубу. Гүл керек эле мага.

Сайкал. Канча букет.

Канат. Канча болсо, ошончо алам. Жалаң лилия керек. Эжеке болуңуз, бере коюңузчу.

Сайкал. Анча эмне болду?

Канат. Укмуштуудай бир нерсе. Кийин сөзсүз айтам. Азыр сурабаңыз. И баса, Алтынай саат канчада келерин айткан жокпу? Аны тосуп алганга да мүмкүнчүлүгүм болбой калды. Сиз билесизби?

Сайкал. Келдик деген, кийин байланыша албай жатам.

Канат. Болуңуз, эже, гүлүңүздү бере салыңыз. *(Акча карматып) сдачысын жөн коюңуз.*

Сайкал. Бул жерде 2 эле букет. Алтынайга башка алып койгом.

Канат. И боло берет. Саламат болуңуз. Сиз дагы сүйүнөсүз. Чао!

Сайкал. Мынча шашты чунак бала. Аябай кубанычтуу го. *(Телефон шыңгырайт)* Алло, Алтынай, ыя. Эртең жатаканагабы? Жакшы жаңылык бар? Мейли, жакшылык эле болсо болду. Саламатта кал, кызым. *(Чыгат)*

Көшөгө ачылат.

(Жаркынай, Арууке, Индира, Майрам, Роза, Алтынайлар сүйлөшүп турушат. Жүздөрү кубанычтуу)

Роза. Сонун жолугушуу болду, я, Индюша.

Индира. Үйгө жүрүңүздөр, Канаттын каалоосу боюнча жолугушууну атам жашаган үйдөн баштайлы. Жүрүңүздөр.

Жаркынай. Индира, Султан Алтынайдын иниси бар экен дегендей кылды эле.

Индира. И, бар, апа, бар. Азыр окуусунан келип калат.

Канат. *(Гүлдөрүн чекерээк коюп)* Апа, эже, келиштиби?

Роза. Канатчик, келип калдыңбы? Ырас болбодубу!

Канат. *(Жайдары)* Кош келиңиздер!

Жаркынай. *(Көргөн көзүнө ишенбей)* Самат, балам. Мен кимди көрүп турам. *(Алдыга жүткүнгөн бойдон жыгылып кетерде Аруке менен Алтынай кармап калышат)*

Алтынай. Энеке, эмне болду сизге?

Индира. Апа, көзүңүздү ачыңызчы. *(Колдорун ушалап)* Апа, бул Самат эмес, Саматтын уулу Канат.

Алтынай. Канат?!

Канат. Алтынай, сен каяктан?!

Аруке. Женя, Женя, карачы курбум. Маңдайыңда ким турат? *(Жаркынай көзүн ачат)*

Майрам. *(Канатты кучактап)* Канат, уулум, бул сенин чоң апаң. Биз куруйлу, таятаң менен таенеңди кечир, кулунум.

Канат. Апа, *(Бетинен өбөп)* бул жөнүндө сүйлөшпөдүк беле. *(Алтынайды бир карап алып)* Ошондо менин чоң апам. *(Жаркынай кучагын жая)*

Жаркынай. Менмин, чоң апаң. *(Кучактап)* Каралдым менин. Жалгызымдан калган белегим. Алтынай, кызым, эми сен жалгыз эмессиң.

Алтынай. Канат, мен сени биринчи эле көргөндө, менин да ушундай иним болсочу де ойлогом. Көрсө, жүрөгүм сезген тура. *(Кучактап, бетинен өбөт)*

Канат. *(Кызыктай абалда)* Мен сени тосо албай калдым деп кейип жаткам. И баса, силерге белегим бар эмес беле.

Индира. Белегим. Кандай белек?

Канат. *(Эки колуна эки букет көтөрүп чыгып)* Бул сизге, сүйгөнүңүздүн, *(Алтынайга)* а сизге атаңыздын атынан Канат Арсеновичтин колунан алып коюңуздар. *(Башын ийип, ийилип сунат. Индира көзүн жумуп, өзүн араң кармап)*

Индира. Ырахмат *(Көзүнөн жаш куюлуп кетет)*

Алтынай. Тапканын кара. *(Күлүп)* Лилия издеп жүрүп кечиккенсиң го, ээ?

Роза. Ой, Канатик, ырас эстетпединби. *(Шашып-бушуп, пакеттен Арсен берген папканы көтөрүп чыгып)* Өх, эме, тиги, Арсендин тапшыруусу боюнча бүгүндөн баштап, Бусурманов Канат Саматовичсиң. Эми, тиги мында туулгандыгың тууралуу күбөлүгүң, ушул менен паспортуңду жаңы алып аласың.

Индира. Роза апа, сиз?

Роза. Ооба, мен бардыгына күбөмүн. Байкуш атаң мага дайындаган. Өх *(Жерге отура калат)* аманатты аткардым. Эми өлсөм арман жок.

Индира. Роза апа, антпеңиз. Апам экөөңүздөр балдардын чайын ичээр мезгилиңер эми жетти. *(Ордунан тургузат. Скамейкада көзүнүн жашын төгүп отурган Майрамды Канат тургузуп, жүзүнөн өбөт)*

Канат. Апа, Оштон кудагыйларыңыз келиптир, кызыңыздын колун сурап. Үйүңүзгө киргизип, кызыңызды узатпайсызбы?

Роза. Кана, баскыла *(Аруукеге)* Жолдо чарчадыңар да. Ош каякта жатат. Сонун болду да.

Аруке. Самолёт менен алыстыгы билинбейт деле экен. Сонун болгондо да кандай.

(Канат артта калып Розаны өзүнө чакырып, алып калат)

Канат. Роза апа, кудай бир сактады да.

Роза. Дагы эмне болду, кокуй?

Канат. Акырын. Султан аяш ата экөөңүздөр болбогондо билбейм эмне болмок.

Роза. Болчу ай, айтчы эмне болмок?

Канат. Мен сизге айткан оштук кыз Алтынай эжем экен да.

Роза. Аа, ошондой бекен.

Канат. Мен аны бир көрүү менен сүйүп калуубу деп ойлоп жаткам да.

Роза. *(Оозун ачкан калыбынан өзүнө келип)* Ий, балам, кыргыздар "боор билет" деп коюшат го. Бир тууганың экенин бооруң билип, аны сен сүйүү деп түшүнүп алган турбайсыңбы.

Канат. Роза апа, *(Кучактап өөп)* сизге чооң рахмат. Үйүңүз толтура конок экенин унутпаңыз.

Роза. *(Шашкалактап, скамейкага отурат)* Сен бара берчи, айланайын. Мен жайыраак басам. Ох. Чын эле кудай сактаптыр да. Бул экөө сүйүшүп калдык, – деп үйлөнүп алышса эмне болмок ?! Кудайга шүгүр. *(туруп жөнөйт)*

(Сырттан эки букет лилия көтөргөн Султан кирет. Розаны көрүп)

Султан. Саламатсызбы? Кечиресиз, эже, Арсен Барматовичтин үйү кайда экенин айтып кое аласызбы?

Роза. Арсендин үйүбү? *(Тиктеп калат)* А сен Султан эмессиңби? Аай, Канат, бери бас! А силерди келбейт дебеди беле.

Султан. Көңүлүм түтпөдү, иш бүтөр менен чыктым эле. Сиз...

Роза. Ооба, мен. Мен Розамын. *(Канат чыга келет)*

Канат. Роза апа, эмне болду? *(Роза Султанды көрсөтөт)* Сиз Султан Жумадилович эмессизби?

Султан. *(Башын ийкеп баланы көздөй басат)* Сен?

Канат. Кош келипсиз, аяш ата, мен Канат.

Султан. Саматтын көчүрмөсү. *(Бооруна кысып)* Досум, сен өлбөпсүң. *(Канатты өөп)* Жакшы болбодубу?

Канат. Жүрүңүз үйгө, баардыгы чогуу. Сизди келбей калды деп кейип жатышкан.

Көшөгө

("Бир тууганым" аттуу ыр угулат. Бир саптан сөздөрү айтылган каармандар эл алдына чыгып, бир катар турушат)

1. Кызым окууга өттүм дегенде 2 саат ыйлаган экенмин. Өзүмдү өзүм жоготуп коюптурмун. Ошондон кийин ыйлабай турган болдум. (Жаркынай)
2. Кызымды баласынан ажыратып алганымды эртеэрээк сезбегениме, жанымды коёрго жер таппай жүрөм. (Арсен)
3. Уулум, бул сенин чоң энең. Таятаң менен таенеңди кечир. (Майрам)
4. Атам жок, туугандарым жок, бирок элим бар, мен кыргыз элинин уулумун. (Самат)
5. Апа, бул Самат эмес, Саматтын уулу Канат. (Индира)
6. Ооба, мен баардыгына күбөмүн, элибизде "Боор билет" деген сөз бар. (Роза)
7. Үйүмдө гүлдөрдүн түрү көп, Алтынай лилияны жакшы көрөт. (Сайкал)
8. Жаркынай неберелүү болгондо, мугалимдер атын Алтынай кой дегенбиз. (Арууке)
9. Ишим көп, бирок Саматтын үй-бүлөсү үчүн, сиз үчүн колуман келгендин баарын жасайм. (Султан)
10. Кайдан көрдүм эле, бир көргөн кишини эч унутчу эмесмин, жапжакын адамымдай сезилип жатат. (Канат)
11. Канатты көргөндө менин да ушундай укам болсо деп ойлогом. Жүрөк сезет тура. (Алтынай)
12. Индира эже өзүңүзгө бер деди, ыйлап кетти. (Айгерим)
13. Сиз үчүн бир дамда даяр кылабыз, Самат аке, камтама болбоң. (Ашпозчу)

Кичинекейлер чуркап чыгышып, алдыга тизилишет "Бир тууганым" ырынын музыкасы бийик чыгат.

О МЕНЕН Ө НҮН АЙРЫМАСЫ ЖОКПУ?

Катышуучулар:

Абышка
Байбиче
Таксист
Жүргүнчү келин
Жүргүнчү жигит
Бала

Бишкектин автовокзалы. Колдорунда азыраак жүгү бар абышка байбичеси менен келе жатат. Байбиче алдыга жүткүнүп шашып жөнөйт.

Абышка: Ай, каякка барасың шашып?

Байбиче: Коё турчу ай шаштырбай, сурап алайын бияктан.

Абышка: Ой эмнесин сурайсың? Балаң дайындаган шоопур ушул жерден кетет дебедиби?

Байбиче: Ушул жерде болсо канакей, бир да такси көрүнбөйт го? *(Жанынан өтүп бара жаткан балага)* Ой айланып кетейин балам, Кара-Көлгө такси кайсыл жерден кетет?

Бала: Кара-Колго дейсизби? Билбейт экем. Ии жолдун нары жагынан, *(колу менен көргөзүп)* тээтиги жерден кетет болуш керек. *(Бала жолун улап кетип калат)*

Байбиче: Ой абышка, бол эй тезирээк, машине жокто өтүп кетели!

Абышка: Ой ал жакка эмне бар? Бул жактан кетет дебеди беле. *(байбиче жүгүрүп өтүп кетет)* Ой кокуй оой, өлөт экен эми. *(байбиче колун булгалап чакырат)* Кой, барбасам болбойт.

Байбиче: Ой, тезирээк басчы ай маалкатпай. Деги кете турган оюң барбы?

Таксист: *(Нары-бери басып)* Кара-Колго эки киши, Кара-Кол! Кара-Колго эки киши!

Байбиче: Ай балам, Кара-Көлгөбү?

Таксист: Ооба, эне, экөөсүздөрбү?

Байбиче: Ооба, экөөбүз. Ай болчу ай, абышка!

Таксист: Эң сонун болбодубу. Жүрүңүздөр дароо кетебиз. *(Жүктөрүн колуна алып, машинаны көздөй жөнөйт)*

Абышка: Яа балам, Кара-Көлгө барасыңбы?

Таксист: Ооба, ооба! *(Машинанын эшигин ачып)* Отуруңуздар. *(Багажга жүктөрүн салат)*

Байбиче: Ай, Кара-Көлгө деп жатпайбы. Кара-Көлгө дегенден кийин Кара-Көлгө кетет да. *(Машинанын ичине олтуруп баратып ойлонуп калган абышкасын тиктейт)*

Абышка: (*Байбичесине)* Болуптур, болуптур. Жол киреси канча, балам?

Таксист: Сиздерге 1000 сом, экөөңүздөргө.

Абышка: Кара-Көлгө ошончо элеби?

Байбиче: *(Эшиктен башын чыгарып)* Эй абышка! Ой кызың да берди акчаны, балаң да берди акчаны. Арзанкымбат деп битиребей, айтканын бере бербейсиңби? Биякта бышып кете турган болдук.

Абышка: Болду, болду байбиче, жыл ары.

Таксист: Отурдуңуздарбы? *(Бетине бата тартып)* Кеттик анда. Оомин!

Байбиче: *(Көз айнек тагынган кулагында наушниги бар, алдыда олтурган жигитке)*

Ай, балам экөөбүз орун алмашып албайлыбы? *(Жигит унчукпайт. Шоопурга карап)* Бул бала эмне дүлөй бекен, яа? *(Кайра өзүнчө)* Аа кокуй десе, тиги зымдан тыгып алган турбайбы? Кыйкырса деле укпайт бул.

Машиненин айнеги капкара турбайбы, эч нерсе көрүнбөйт экен. Природаны көрүп кетейин дебедим беле?

Абышка: Яа байбиче, безилдебей жөн олтурчу. Природаны көрбөй жүргөндөйсүң да. Андан көрө үйгө аман-эсен жетели десең.

Байбиче: Кыйраттың, *(Жанындагы келинге бурулуп карап,)* ии кызым, сен Кара-Көлдүн өзүнө барасыңбы?

Келин: Жо-ок Ак-Сууга барам.

Байбиче. Аа, Аксыгабы? Кара-Көлгө барып алсаң, андан ары Таш-Көмүргө таксилер болот. Тез эле кетип каласың.

Келин: *(Кемпирди таң кала карап)* Абам катуу чарчаган го. Дароо эле уктап калды.

Байбиче: Кечээ тойдо болдук. Кафеде. Андан кийин үйдө таң аткыча кудагыйлар менен сүйлөшүп олтурдук. Бул ошондо эле уктап жаткан. Бышылдап эле уктайт, бышылдап эле уктайт. Мен болсо жолдо вапше уктай албайм. Ай шоопур бала, биз кайсыл жерге келип калдык?

Таксист: Пакровкага келдик, эне.

Байбиче: *(Чочуп)* Пакровка? Ай чал биздин жолдо Пакровка деген жер барбы?

Абышка: Байбиче, биз Чүйдө кетип бара жатабыз. Чүйдүн ичинде Беловодский, Сосновка, Заря, Антоновка, андай орустун атын жамынган жерлер толтура. Ага эмне таң каласың?

Байбиче: (Келин башын жөлөп уктап калат) И-ий мунусу да уктап калбадыбы.

(Алды жакты карап, эстенип, абышкасынын ийинине башын жөлөп уктап кетет. Катуу чоочуп ойгонот.) Ай, шоопур балам, көлгө келип калдыкпы?

Таксист: Ооба, көлдү жээктеп бара жатабыз.

Байбиче: Апей, мен уктагандай деле болгон жокмунго. Сен азамат турбайсыңбы, билгизбээй тез айдайт экенсиң. Ай абышка, абышка! Биз Көк-Белге чыгайын деп калыптырбыз. Турбайсыңбы?

Абышка: Аа анда балдарга чалып кой! Жолго чыгып турушсун.

Байбиче: Аларга чалып эмне кыласың? Өзүбүз эле барып калабыз, сюрприз болуп.

Абышка: Өзүң билчи.

Байбиче: Бизди үйүбүзгө чейин жеткиресиңби? Акынай көчөсүнө?

Таксист: Жок, эне. Вокзалга эле таштайм.

Байбиче: Вокзал? Кара-Көлдө вокзал жок да.

Келин: Вокзалга эле таштап коёт. Андан ары өзүбүз кетебиз.

Таксист: Мына-а. Келип да калдык. Түшүңүздөр эми. Мен кайра очередке тура коёюн. Болуңуз эне, түшүңүз.

Абышка: *(Кекетип)* Ии Кара-Көлгө алып келип койдум де?

Таксист: Жо-жок ак сакал, Караколго келдик. Кечирип коюңуздар.

(Шашылып айдап кетет)

Байбиче: Ай абышка, биз кайсыл жерге келип калдык, бул жер Седьмой эмес го?

Абышка: Ээ байбиче, сенин үнүң кудайга түптүз жетиптир да.

Байбиче: Эмне дейсиң?

Абышка: Ысык-Көлдү бир көрбөй дүйнөдөн өтүп кетемби деп күндө мээмди жечи элеңго? Мына, биз ошентип Ысык-Көлдүн Каракол деген шаарына келип калдык.

Байбиче: Каракол? Койчу?

Абышка: Койбой этпей эле, ооба биз Ысык-Көлдөбүз.

Байбиче: Каракол, Кара-Көл. О менен Өнүн айрымасы билинип эле турбайбы.

Кыпкыргыз эле бала ушуга көңүл бөлбөгөнүн кара. Азыркылар акчаны эле эңсеп калган го.

Абышка: Эй байбиче, капа болбо. Эртең Бишкекке барып, андан ары Кара-Көлгө кетебиз. Балдар берген акча кө-өп. Андан көрө жүр, жарыкта гостиница таап алалы.

Байбиче: Яа, эмне дейсиң, ?

Абышка: Ой гостинца дейм гостиница. Качантан бери гостиницага жата элек элем, кудайдын буйруганын кара. Ой бол эй, турган жериңде катып калбай. Мына сага сюрприз.

Байбиче: Дагы жакшы балдарга чалбаганым. Тобо кылайын, бу жаштарда ой жок болуп калганго. Карыган эмелер каякка барат деп ойлобойбу? Ай, абышка, сен тим эле сүйүнүп алыптырсың да, а акчабыз жок болсо, эмне кылат элек?

Абышка: Мен билип туруп эле чөнтөктөгү акчага ишенип келдим да. Сага көлдү көрсөтүп коёюн дегем. . . Чын эле, акчасы жок бирөөнү ушинтсе эмне болот эле? Мындай шылуундарга чара колдонуш керек.

Байбиче: Каракол, Кара-Көл. Каракол, Кара-Көл.

Абышка: Бас эми, кечке эле кейий бербей. Кудайдын буйруганын көрөбүз да...

МАЗМУНУ

БАШ СӨЗ 3
Ата-эне кадыры 6
Кызгалдактуу талаа 21
Алтын тамга 41
Советтер Союзунун баатыры Д. Шопоковдун жары Социалисттик эмгектин баатыры Керимбүбү Шопокованын анты 58
«Байбичелер жыйыны» 61
Ичкиликтин арты – өкүнүч 65
Боор билет, жүрөк сезет 71
О менен Ө нүн айрымасы жокпу? 118

Раиса Тезекбаева

КЫЗГАЛДАКТУУ ТАЛАА

Драма

Калыпка салган *М. Кадыров*

Форматы 60x84 1/16. Офсеттик басуу.
Офсеттик кагаз. Көлөмү 7,75 б.т.
Тираж 500. Заказ № 282

«Улуу Тоолор» басмасы.
Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 А,
Тел.: 62-02-13



Тезекбаева Раиса Адигинеевна – 1963-жылы Токтогул районундагы Кызыл-Өзгөрүш айылында жарык дүйнөгө келген. 1980-жылы Кызыл-Өзгөрүш орто мектебин аяктаган.

1985-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун бүтүрүп, Токтогул районундагы Чкалов атындагы орто мектептин кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштеп эмгек жолун баштаган. 1990-жылдан бери карай Кара-Кол шаарындагы №4 ШОПОКОВ атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен 2015-жылдан шаардык балдар чыгармачылык үйүндө "Драмалык" ийримин жетектейт.

Үй-бүлөлүү бир кыз, үч уулдун энеси, жети неберенин чоң эне, таенеси.